КЫРГЫЗ БАНКЫ

# ЖЫЛДЫК ОТЧЕТ 2019

Бишкек-2020

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2019-жыл үчүн жылдык отчету**

Улуттук банктын 2019-жыл үчүн отчету Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 16-декабрындагы №206 "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө" мыйзамынын 54 жана 55-беренелерине ылайык даярдалган.

Жылдык отчет Улуттук банк Башкармасынын 2020-жылдын 24-мартындагы №2020-П-10/15-1-(ВД) токтому менен бекитилген.

Улуттук банктын 2019-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн консолидацияланган финансылык отчету Улуттук банк Башкармасынын 2020-жылдын 9-апрелиндеги №2020-П-15/21-2-(ВД) токтому менен бекитилген. Улуттук банктын 2019-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн өзүнчө финансылык отчету Улуттук банк Башкармасынын 2019-жылдын 9-апрелиндеги №2020-П-15/21-3-(ВД) токтому менен бекитилген.

**Редакциялык кеңеш:**

| | |
|---|---|
| Төрага | Жениш Н. |
| Кеңештин мүчөлөрү: | Айбалаева А.М. |
| | Сыдыков А.К. |
| | Айдарова А.К. |
| | Акулуева М.Ш. |
| | Алыбаева С.К. |
| | Карабаева А.М. |
| | Каракожаев А.М. |
| | Султанкулов И.Дж. |
| Жооптуу катчы | Сырдыбаева Н.М. |

Сандардын тегеректелишинен улам, акыркы катарда чагылдырылган суммалар дал келбей калышы мүмкүн.

Басылманы Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксаты менен гана кайра басууга жол берилет, ал эми шилтеме келтирүүдө булагын милдеттүү түрдө көрсөтүү талап кылынат.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2020-жыл

Басылманын мазмунуна жана аны таркатууга байланыштуу суроолор менен 720001, Бишкек шаары, Чүй проспекти, 168 дареги боюнча жайгашкан Улуттук банктын Финансы статистикасы жана маалымдоо башкармалыгынын Басылмалар тобуна кайрылуу зарыл.

Телефон: (+996 312) 61 08 59
электрондук дарек: nsyrdybaeva@nbkr.kg
www.nbkr.kg

Жылдык отчет Улуттук банктын Мамлекеттик тилди өнүктүрүү секторунун кызматкерлери тарабынан мамлекеттик тилге которулган.
"М-MAXIMA" ЖЧКсы тарабынан басылып чыгарылган.
Бишкек шаары, К.Тыныстанова атындагы көчө, 197/1
Басып чыгарууга 2020-жылдын 20-апрелинде кол коюлган.
2020-жылдын 24-апрелинде 240 нускада чыгарылган.

# МАЗМУНУ


**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын төрагасынын кириш сөзү ....5**

**I. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН 2019-ЖЫЛДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ**

1-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКАСЫНЫН 2019-ЖЫЛДАГЫ ӨНҮГҮШҮ ....8

1.1. Экономиканын реалдуу сектору ....8

1.2. Мамлекеттик финансы сектору ....10

1.3. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми....12

**II. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2019-ЖЫЛДАГЫ ИШИ**

2-ГЛАВА. АКЧА-КРЕДИТ САЯСАТЫ....16

2.1. Акча-кредит саясатынын максаты жана милдеттери 16

2.2. Акча-кредит саясатын ишке ашыруу ....17

2.2.1. Ачык рынокто ишке ашырылган операциялар....19

2.2.2. Банктар аралык акча рыногунда ишке ашырылган операциялар ....20

2.2.3. Банктарды кайра каржылоо операциялары ....22

2.2.4. Ички валюта рыногунда ишке ашырылган операциялар ....23

2.2.5. Милдеттүү камдык талаптар....25

2.3. Эл аралык резервдерди тескөө....26

2.4. Акча-кредит саясатынын натыйжалары ....27

3-ГЛАВА. ФИНАНСЫ-КРЕДИТ УЮМДАРЫНЫН ӨНҮГҮШҮ ЖАНА АЛАРДЫН ИШИН ЖӨНГӨ САЛУУ ....31

3.1. Коммерциялык банктардын өнүгүшү жана алардын ишин жөнгө салуу ....31

3.1.1. Банк системасынын өнүгүшү боюнча баяндама .31

3.1.2. Коммерциялык банктардын ишин лицензиялоо .40

3.1.3. Коммерциялык банктардын ишин көзөмөлдөө ...41

3.1.4. Таасир этүү чаралары ....44

3.1.5. Коммерциялык банктардын ишин көзөмөлдөө жана жөнгө салуу методологиясы ....45

3.2. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын өнүгүшү жана алардын ишин жөнгө салуу ....47

3.2.1. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын өнүгүшү боюнча баяндама ....47

3.2.2. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишин лицензиялоо....52

3.2.3. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишин көзөмөлдөө ....53

3.2.4. Таасир этүү чаралары ....54

3.2.5. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишин көзөмөлдөө жана жөнгө салуу методологиясы ....54

3.3. Керектөөчүлөрдүн укугун коргоо....56

4-ГЛАВА. ТӨЛӨМ СИСТЕМАСЫ....57

4.1. Төлөм системасын өнүктүрүү....58

4.1.1. Нак эмес эсептешүүлөр ....58

4.1.2. Төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин өнүктүрүү жана жөнгө салуу....64

4.1.2.1. Төлөм системаларынын операторлоруна жана төлөм уюмдарына лицензия берүү жана каттоо....64

4.1.2.2. Төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин көзөмөлдөө....64

4.1.2.3. Таасир этүү чаралары ....65

4.1.2.4. Төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин көзөмөлдөө жана жөнгө салуу методологиясы ....65

4.1.3. Төлөм системасынын ишин көзөмөлдөө (оверсайт) ....66

4.1.4. Нак эмес төлөмдөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча иш-чаралар....67

4.2. Нак акча жүгүртүлүшү ....68

5-ГЛАВА. ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТТАШУУ ЖАНА КООМЧУЛУК МЕНЕН ИШ АЛЫП БАРУУ ....73

5.1. Эл аралык кызматташуу ....73

5.2. Коомчулук менен иш алып баруу жана калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу ....76

6-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН ИШИ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТАР ...80

6.1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын түзүмү ....80

6.2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2019-жылдагы иши....89

6.3. Банк мыйзамдарын өркүндөтүү....91

6.4. Финансылык консультанттын милдетин аткаруу ....92

6.5. Ички аудит жана ички контролдоо системасы ....95

**III. ТИРКЕМЕЛЕР**

1-тиркеме. 2019-жылы акча-кредит чөйрөсүндө болуп өткөн негизги окуялар ....98

2-тиркеме. Статистикалык маалыматтар (таблицалар жана графиктер)....109

3-тиркеме. Улуттук банктын мезгилдүү басылмалары жана башка маалымат каражаттары ....136

4-тиркеме. Кыскартылган сөздөрдүн тизмеси....141

**Урматтуу окурмандар,**

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы глобалдуу экономикалык туруксуздук орун алып турган шартта, 2019-жылы өлкөдө баа туруктуулугун камсыз кылууга, финансылык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жогорулатууга жана анын калкка жеткиликтүүлүгүн камсыз кылууга, ошондой эле инновациялык финансы инструменттеринин пайда болушу, өнүгүшү жана Кыргыз Республикасынын экономикасын санариптештирүү үчүн ыңгайлуу чөйрө менен инфраструктураны түзүүгө багытталган иш-чараларды жүргүзгөн.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жана Өкмөтүнүн отчеттук мезгилдеги биргелешкен иш-аракеттери бир калыпта сакталган инфляциянын төмөн арымын камсыз кылууга мүмкүндүк берген. Мындай шартта жүргүзүлгөн акча-кредит саясаты өбөлгө түзүүчү мүнөзгө ээ болуп, өлкөдө экономикалык активдүүлүктү колдоого багытталган. Акча-кредит саясатынын тактикалык чаралары экономиканын артыкчылыктуу тармактарын кредиттөө, анын ичинде региондорду өнүктүрүүгө колдоо көрсөтүү жана акыркы карыз алуучулар үчүн кредиттик ресурстар боюнча рыноктук чендерди андан ары төмөндөтүү зарылдыгын эске алуу менен колдонулган. Акча-кредит механизмин өркүндөтүү боюнча көрүлгөн аракеттер банктар аралык кредиттик рынокту активдештирүүгө жана акча рыногунун чендерин негизги ченге жакын калыптандырууга өбөлгө түзгөн. Улуттук банк өлкөнүн эл аралык резервин көбөйтүү саясатын уланткан: 2019-жылдын жыйынтыгы боюнча эл аралык резерв көлөмү тарыхый жогорку көрсөткүчкө жеткен.

Банк жана банк эмес финансы-кредит уюмдарынын отчеттук жыл ичиндеги иштеринин жыйынтыгы алардын ырааттуу өнүгүп жаткандыгын күбөлөндүрөт. Депозиттик базанын көбөйүшү, кредиттөө түрлөрүнүн жана продукттарынын кеңейишинен, ошондой эле кредиттөө боюнча чендердин төмөндөшүнөн улам экономиканы кредиттөө көлөмүнүн өсүшү калктын банк тутумуна болгон ишеними жогорулагандыгынан кабар берет. Кредиттерди кайтаруу көрсөткүчү жетиштүү жогорку деңгээлде сакталган.

2019-жылы Улуттук банк тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөлдү жүргүзүүнүн алкагында потенциалдуу тобокелдиктерди алдын алуу боюнча иштерин уланткан. Башка чаралар менен катар эле көзөмөлдөө инструменттерин жана механизмдерин өркүндөтүү банк тутумунун финансылык туруктуулугун жана ишенимдүү иш алып баруусун жогорулатууга багытталган. Экономиканы доллардан арылтуу боюнча көрүлгөн аракеттердин натыйжасында банк тутумунун долларлашуу деңгээли өзүнүн эң төмөнкү көрсөткүчүнө чейин кыскарган.

ЕАЭБ жалпы финансылык рыногун калыптандыруунун алкагында, финансылык туруктуулукту камсыз кылуу, банк секторунун капиталдык базасын толуктоо, тобокелдиктерди төмөндөтүү жана жергиликтүү коммерциялык банктардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга багытталган эл аралык стандарттарды жайылтуу боюнча чаралар жүргүзүлө баштаган. Мында финансы рыногунун маалымат коопсуздугун камсыз кылуу жана кредит-финансы чөйрөсүндө компьютердик чабуулдарга каршы аракеттенүү маселелерине да көңүл бурулууда.

Отчеттук жыл ичинде төлөм инфраструктурасын кеңейтүү, калктын төлөм кызмат көрсөтүүлөрүнөн пайдалануу мүмкүнчүлүгүн жогорулатуу жана жаңы санариптик төлөм технологияларын киргизүү аркылуу региондорду өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештирүү иштери улантылган. Инновациялык төлөм инструменттерин, айрыкча аларды региондордо колдонуу үчүн шарттарды түзүү максатында Кыргыз Республикасынын аймагында товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө төлөө үчүн QR-коддорун колдонуунун стандарттары киргизилген, микрофинансылык уюмдардын кардарларын аралыктан тейлөө жана алар үчүн төлөм карттарын эмиссиялоо иши жөнгө салынган.

Улуттук банк Маалыматтарды иштеп чыгуу борборун (Дата борборун) түзүү боюнча долбоорду аягына чыгарды, ал IT чөйрөсүндөгү эл аралык жогорку стандарттарга жооп берет жана көз карандысыз эл аралык уюмунда сертификациядан өткөн. Дата борбору Кыргызстандын маалымат-санарип мейкиндигинин маанилүү бөлүгү болуп саналат жана банктык кызмат көрсөтүүлөр тизмегин кеңейтүүгө, келечекте финансы секторун санариптештирүү боюнча долбоорлорду ишке ашырууга мүмкүндүк берет.

Улуттук банктын 2019-жыл үчүн жылдык отчету Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө” мыйзамына ылайык даярдалган. Ал борбордук банкка жүктөлгөн функцияларды жана милдеттерди аткаруу боюнча Улуттук банктын ишин чагылдырат, ошондой эле көз карандысыз эл аралык аудит тарабынан тастыкталган финансылык отчетту камтыйт. Жылдык отчетту даярдоодо Улуттук банк мурдагыдай эле ачык-айкындуулук, тактык жана маалыматтарды толук чагылдыруу принциптерине таянган.

**Төрага** **Т. Абдыгулов**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН 2019-ЖЫЛДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ

# 1-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКАСЫНЫН 2019-ЖЫЛДАГЫ ӨНҮГҮШҮ

2019-жылы Кыргыз Республикасынын экономикасынын алгылыктуу өсүш динамикасы сакталып турган. Инфляция орточо деңгээлде түптөлүп, Улуттук банктын максаттуу көрсөткүчтөрүнөн ашкан эмес. Экономикалык өсүш экономиканын негизги секторлорунун эсебинен камсыздалган. Түрткү берүүчү акча-кредит саясаты экономиканын кредиттөө көлөмүн көбөйтүүгө жана өнөр жай, курулуш, жүк ташуу, соода жана айыл чарба секторлорунда жигердүүлүктүн сакталышына өбөлгө түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн фискалдык консолидациялоо боюнча саясатынын улантылышы мамлекеттик бюджеттин тартыштыгын төмөндөтүүгө жана системага ликвиддүүлүктүн таза каныктырылышын чектөөгө өбөлгө түзгөн. Мында, мамлекеттик бюджеттин күндөлүк тартыштыгынын каржыланышы негизинен ички булактардын эсебинен жүзөгө ашырылган.

Тышкы экономикалык сектордо товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр балансынын жакшырышы күндөлүк операциялар эсебинин тартыштыгынын төмөндөшүнө өбөлгө түзгөн. Күндөлүк эсеп тартыштыгы капиталдын жана финансылык операциялар эсеби боюнча каражаттардын агылып кириши аркылуу каржыланган. Төлөм теңдеминин жалпы сальдосу оң мааниде түптөлгөн. 2019-жылдын акырына карата дүң эл аралык камдар көлөмү келечекте товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр импортунун 5,0 айын камсыз кылуу үчүн жетиштүү болгон.

## 1.1. Экономиканын реалдуу сектору[1]

2019-жылы Кыргыз Республикасынын экономикасы алгылыктуу өсүш арымга ээ болгон. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин (Улуттук статистика комитети) алдын ала маалыматына ылайык күндөлүк бааларда ички

***<u>1.1.1-таблица</u>***

Ички дүң өнүмдүн түзүмү

| | 2018-жыл | | | 2019-жыл | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Салыштырма салмак, *пайыздар* | Өсүш арымы, *пайыздар* | Өсүшкө салым, *п.п.* | Салыштырма салмак, *пайыздар* | Өсүш арымы, *пайыздар* | Өсүшкө салым, *п.п.* |
| ИДӨ | 100 | 3,8 | 3,8 | 100 | 4,5 | 4,5 |
| Айыл чарба, токой чарбасы жана балык уулоочулук | 11,7 | 2,6 | 0,3 | 12,1 | 2,6 | 0,3 |
| Өнөр жай | 18,5 | 5,1 | 1,0 | 17,9 | 6,9 | 1,3 |
| *Пайдалуу кендерди казып алуу* | 1,0 | -2,1 | -0,02 | 1,0 | 18,4 | 0,2 |
| *Иштетүү өндүрүшү (Кайра иштетүү өнөр жайы)* | 14,3 | 5,1 | 0,8 | 14,3 | 8,3 | 1,2 |
| *Электр энергиясы, газ, буу жана тазаланган аба менен камсыздоо (жабдуу)* | 2,8 | 5,3 | 0,1 | 2,2 | -3,4 | -0,1 |
| *Суу менен камсыздоо, калдыктарды тазалоо, иштеп чыгуу аркылуу кайра пайдалануучу чийки затты алуу* | 0,4 | 30,0 | 0,1 | 0,3 | -2,8 | -0,01 |
| Курулуш | 9,0 | 7,8 | 0,7 | 9,7 | 10,6 | 1,0 |
| Кызмат көрсөтүү | 46,7 | 2,8 | 1,3 | 46,9 | 2,9 | 1,3 |
| *Дүң жана чекене соода; автоунааларды жана мотоциклдерди оңдоо* | 17,9 | 5,7 | 1,0 | 18,3 | 4,9 | 0,9 |
| *Транспорт иш чөйрөсү жана жүктөрдү сактоо* | 3,8 | 2,9 | 0,1 | 3,8 | 4,8 | 0,2 |
| *Маалымат жана байланыш* | 2,6 | -0,9 | -0,03 | 2,6 | 1,2 | 0,03 |
| *Жана башкалар* | 22,4 | 1,0 | 0,2 | 22,3 | 1,1 | 0,2 |
| Азык-түлүктөн таза (субсидияларды эсептен алып салуу менен) салыктар | 14,1 | 3,8 | 0,5 | 13,4 | 4,5 | 0,6 |

*Булагы: Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети*

[1] Маалыматтар алдын ала алынган жана дүң кошумча нарк боюнча келтирилген.

дүң өнүм (ИДӨ) көлөмү реалдуу мааниде алганда 4,5 пайызга көбөйүү менен 590,0 млрд сомду түзгөн (2018-жылы өсүш 3,8 пайызды түзгөн). “Кумтөр” алтын кенин казып алуу ишканаларын эске албаганда ИДӨнүн өсүшү 3,8 пайызды түзгөн (2018-жылы – 3,7 пайыз). ИДӨ дефлятору 2018-жылы 3,4 пайызга каршы 0,8 пайыз деңгээлинде терс түптөлгөн. Өлкөнүн экономикасынын өсүшү экономиканын бардык негизги секторлорунда өндүрүштүк жигердүүлүктүн эсебинен түптөлгөн, мында ИДӨнүн өсүшүнө өнөр жай, курулуш жана соода тармактары олуттуу салымын кошкон.

*Өнөр жай*

2019-жыл жыйынтыгы боюнча өнөр жай секторунда 2018-жылдагы 5,1 пайызга каршы 6,9 пайызга өсүш белгиленген. “Кумтөр” алтын кенин казып алуу ишканаларын эске албаганда өнөр жай секторунун өсүшү 2,5 пайызды (2018-жылы – 6,1 пайызды) түзгөн. Экономиканын өсүшүнө өнөр жайынын салымы 1,3 пайыздык пунктту түзүп, 2018-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнөн 0,3 пайыздык пункта жогору болгон.

Өнөр жай продукциясынын көлөмүнүн өсүшү металл кендерин (28,5 пайызга), кийим-кече (18,3 пайызга), чийки мунайды жана жаратылыш газын (17,0 пайызга), негизги металлдарды (12,3 пайызга), металл эмес башка минералдык заттарды (8,8 пайызга), көмүрдү казып алуу (6,9 пайызга), ошондой эле тамак-аш азыктарын (4,3 пайызга) өндүрүү көлөмүнүн көбөйүшү менен шартталган.

2019-жылы ИДӨ түзүмүндө өнөр жай тармагынын салыштырма салмагы өткөн жылга салыштырмалуу 0,6 пайыздык пунктка төмөндөө менен 17,9 пайызды түзгөн.

***1.1.1-график.***

ИДӨнүн экономикалык иш багыттары боюнча түзүмү




*Айыл чарбасы*

2019-жыл жыйынтыгы боюнча айыл чарба өндүрүшүндө айкын өсүш 2,6 пайызды түзгөн, бул 2018-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө дал келет. ИДӨнүн өсүшүнө айыл чарбасынын салымы 2018-жылдагыдай эле, 0,3 пайыздык пунктту түзгөн, бул мал чарбачылыгы сыяктуу эле, өсүмдүк өстүрүү көлөмүнүн жогорулашы менен шартталган.

2019-жылы ИДӨ түзүмүндө айыл чарбасынын салыштырма салмагы 2018-жылдын 11,7 пайызына каршы 12,1 пайызды түзгөн.

*Соода жана кызмат көрсөтүү чөйрөсү*

Кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүнүн 2,9 пайызга өсүшү (2018-жылы өсүш – 2,8 пайыз), негизинен дүң жана чекене соода жүргүзүүнүн, автоунааларды жана мотоциклдерди оңдоо (4,9 пайызга), транспорттук иш жана жүктөрдү сактоо (4,8 пайызга) ишинин көбөйүшү менен камсыз болгон. Узакка созулган төмөндөөдөн кийин кызмат көрсөтүүлөр секторунун өсүшүнө маалымат жана байланыш чөйрөсүнүн (өсүш 1,2 пайыз) оң жыйынтыктары алгылыктуу салымын кошкон.

2019-жылы ИДӨ түзүмүндө кызмат көрсөтүүлөр секторунун салыштырма салмагы 46,9 пайызды түзгөн, бул 2018-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнөн 0,2 пайыздык пунктка жогору.

Дүң жана чекене соода жүргүзүүнүн, автоунааларды жана мотоциклдерди ремонттоонун өсүшү бул тармактын бардык түзүүчүлөрүнүн, атап айтканда, чекене (4,6 пайызга) жана дүң (3,6 пайызга) соода көлөмүнүн өсүшүнөн улам келип чыккан. 2019-жылы ИДӨ өсүшүнө бул сектордун салымы 2018-жылдагы 1,0 пайыздык пунктка каршы 0,9 пайыздык пунктту түзгөн.

*Курулуш*

2019-жылы курулуш секторунун өсүшү өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнөн 10,6 пайызга көп түптөлгөн (2018-жылы курулуш сектору 7,8 пайызга өскөн), бул негизги капиталга инвестициялар көлөмүнүн өсүшү менен шартталган. Бул сектордун ИДӨнүн түптөлүшүнө салымы 2018-жылдын 0,7 пайыздык пунктуна каршы 1,0 пайыздык пункттун деңгээлинде калыптанган.

*Инвестициялар*

Кароого алынган мезгил ичинде өздөштүрүлгөн негизги капиталга инвестициялардын көлөмү 5,8 пайызга өскөн (2018-жылы ушул эле көрсөткүчтүн өсүшү 3,4 пайызды түзгөн). Негизги капиталга инвестициялардын өсүшү жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын (36,8 пайызга), чет өлкө кредиттеринин (27,2 пайызга) жана гранттардын (16,5 пайызга), жергиликтүү калктын (7,8 пайызга), ошондой эле ишканалардын жана уюмдардын (7,4 пайызга) эсебинен каржыланган инвестициялардын көбөйүшү менен шартталган. Ошол эле учурда, негизги капиталга инвестициялардын өсүшүн кармап туруучу таасирди республикалык бюджеттин каражаттарынын (39,5 пайызга), банктардын кредиттеринин (38,8 пайызга) жана тике чет өлкө инвестицияларынын (7,1 пайызга) эсебинен каржыланган инвестициялардын төмөндөөсү таасирин тийгизген.

МАЗМУНУ

## 1.2. Мамлекеттик финансы сектору[1]

*Бюджет-салык саясаты*

2019-жыл жыйынтыгы боюнча фискалдык консолидациялоо саясаты улантылган: алсак, бюджеттин тартыштыгы ИДӨгө карата 1,1 пайыздан 2018-жылы ИДӨгө карата 0,1 пайызга чейин төмөндөгөн (0,4 млрд сом). Бюджет-салык саясаты мамлекеттик чыгашалардын социалдык багытын уланткан. Бюджеттин баштапкы профицити[2] ИДӨгө карата 1,2 пайыз өлчөмүндө түптөлгөн.

Мамлекеттик бюджеттин операцияларды ишке ашыруу ишинен кирешелери 2018-жылдагы ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда 10,3 пайызга же 15,6 млрд сомго көбөйүп, 167,1 млрд сомду же ИДӨгө карата 28,3 пайызды түзгөн. Кирешелер түзүмүндө негизги үлүштү ээлеген салыктык кирешелер 2018-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырмалуу 4,2 пайызга көбөйүү менен 121,5 млрд сомду түзгөн. Жалпысынан алганда, салыктык түшүүлөрдүн түзүмү олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болгон эмес. 64,4 пайызга салыктык кирешелер Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик салык кызматынан түшүүлөр менен камсыз болсо, ал эми 35,6 пайызга кирешелер Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик бажы кызматы тарабынан камсыз болгон (2018-жылы бул катыш тиешелүүлүгүнө жараша 64,3 жана 35,7 пайыз). Бюджеттин кирешесинин өсүшүнө салыктык эмес түшүүлөр (+4,4 п.п.) жана расмий трансферттер (+2,7 п.п.) да оң салымын кошкон.

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамына өзгөртүү киргизүү тууралуу” мыйзамына ылайык мамлекеттик бюджетке Улуттук банктын 90 пайыз пайдасы чегерилген, бул 1 893,5 млрд сомду түзөт.

[1] Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин алдын ала маалыматтары.

[2] Баштапкы профицит – бул мамлекеттик бюджеттин кирешелеринин мамлекеттик бюджеттин чыгашаларынан артышы, мында мамлекеттик карызды тейлөө боюнча пайыздык төлөмдөрдүн суммасы эске алынбайт.

***1.2.1-график.***

Мамлекеттик бюджетке салыктык түшүүлөр түзүмү







Мамлекеттик бюджеттин операцияларды ишке ашыруу ишине чыгашалар жылдык мааниде 5,4 пайызга же 7,0 млрд сомго жогорулоо менен 136,1 млрд сомду же ИДӨгө карата 23,1 пайызды түзгөн. Күндөлүк чыгашалардын өсүшүнө эмгекке төлөө (+3,1 п.п.), субсидияларды жана социалдык жөлөк пулдарды (+1,0 п.п.) жана мамлекеттик насыялар боюнча пайыздарды төлөө (+0,5 п.п.) боюнча чыгашалар эң көп салымын кошкон, мында “товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу жана пайдалануу” статьясы боюнча чыгашалар 0,4 п.п. өлчөмүндө терс салымын кошкон.

Жаңы бюджеттик классификация колдонууга киргизилгенден улам функционалдык классификация боюнча чыгашалардын өзгөрүшү катталган. Алсак, Социалдык фонддун жана Кыргыз Республикасынын Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджеттерине трансферттер “жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар” бөлүгүндө чагылдырылса, ал эми 2018-жылы “социалдык коргоо жана саламаттыкты сактоо” бөлүгүндө келтирилген. Чыгашалардын функционалдык классификациясынын калган статьялары олуттуу деле өзгөрүүлөргө дуушар болгон эмес.

Финансылык эмес активдерди сатып алуу операциясына бюджеттик каражаттардын таза агылып чыгуусу ИДӨгө карата 31,4 млрд сомду же 5,3 пайызды түзгөн.

2019-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча мамлекеттик карыздын өлчөмү өткөн жылга салыштырмалуу ИДӨгө карата 311,8 млрд сомго же 54,8 пайызга каршы ИДӨгө карата 319,5 млрд сомду же 54,1 пайызды түзгөн. Мамлекеттик карыздын түзүмүндө тышкы карыздын жогорку үлүшү сакталууда – 83,9 пайыз, ички карыздын үлүшү 16,1 пайызды түзгөн. Мамлекеттик карызды тейлөөгө чыгашалар ИДӨгө карата 28,1 млрд сомду же 4,8 пайызды, анын ичинен пайыздык төлөөлөр ИДӨгө карата 7,9 млрд сомду же 1,3 пайызды түзгөн.

*МКВ жана МКО рыногу*

2019-жылы мамлекеттик бюджеттин күндөлүк тартыштыгы 2018-жылдагыдай эле негизинен ички булактардын эсебинен каржыланган. Алсак, бюджет тартыштыгын каржылоо максатында, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги отчеттук мезгил ичинде мамлекеттик казына векселдерин (МКВ)[1] жана мамлекеттик казына облигацияларын (МКО)[2] чыгарган. МКВны жана МКОну баштапкы жайгаштыруу боюнча аукциондор аларды жайгаштыруу жана

[1] МКВ – Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жүгүртүү мөөнөтү 3, 6 жана 12 ай болгон кыска мөөнөттүү дисконттук мамлекеттик баалуу кагаздары.

[2] МКО – Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1 жылдан жогору жүгүртүү мөөнөтү менен пайыздык кирешеге (купонго) ээ узак мөөнөттүү мамлекеттик баалуу кагаздары.

эсептешүүлөрдү жүргүзүү боюнча агент болуп саналган Улуттук банк тарабынан жүргүзүлгөн.

Кароого алынган мезгил ичинде аукциондордо сунушталган МКВнын көлөмү 2018-жылдын көрсөткүчүнө салыштырмалуу 3 жана 6 айлык МКВнын чыгарылышы калыбына келтирилгенден улам 2,2 эсе (6,8 млрд сомго чейин) өскөн. Ушуну менен катар эле, аукциондордо МКВга карата суроо-талап көлөмү 1,5 эсе, 6,6 млрд сомго чейин жогорулаган. Аукциондордун, ошондой эле өткөрүлгөн кошумча жайгаштыруулардын жыйынтыгында, бул активди сатуунун жалпы көлөмү 5,4 млрд сомду түзгөн, орточо салмактанып алынган кирешелүүлүгү 5,1 пайызды түзгөн (2018-жылы – 2,6 млрд сом, орточо салмактанып алынган кирешелүүлүк 5,6 пайыз чегинде катталган). Жыйынтыгында, 2019-жылдын акырында жүгүртүүдөгү МКВнын көлөмү жыл башынан тартып 56,5 пайызга көбөйүү менен 4,1 млрд сомду түзгөн.

Отчеттук мезгил ичинде эмитент тарабынан 2, 3, 5, 7 жана 10 жылдык МКО сунушталган. 2019-жылы аукциондордо МКОну сунуштоо көлөмү негизинен 10 жылдык баалуу кагаздардын аз чыгарылгандыгынан улам 12,7 пайызга, 13,2 млрд сомго чейин кыскарган. Мында, инвесторлор тарабынан МКОго карата суроо-талаптын 2018-жыл үчүн 30,1 млрд сомдон тартып 2019-жыл үчүн 12,8 млрд сомго чейин айрым төмөндөшү байкалган. Жүгүртүү мөөнөтү 7 жыл болгон МКО эң эле жигердүү суроо-талапка ээ болгон, алардын салыштырма салмагы МКОго карата суроо-талаптын жалпы көлөмүндө 42,2 пайызды түзгөн. Кошумча жайгаштырууларды эске алганда, аукциондордун жыйынтыгында МКОну сатуунун жалпы көлөмү 11,5 млрд сомду (2018-жылы – 19,5 млрд сомду) түзгөн. МКОнун жалпы орточо салмактанып алынган кирешелүүлүгү бардык мөөнөттүүлүгү боюнча кирешелүүлүктүн төмөндөшүнөн улам 2018-жылы 11,8 пайыздан тартып 2019-жылы 10,3 пайызга чейин төмөндөгөн.

Отчеттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча жүгүртүүдөгү МКОнун[1] көлөмү 42,9 млрд сомду түзүү менен жыл башынан тартып 14,0 пайызга өскөн. 2019-жылы чет өлкө валютасында номинацияланган МКОну жайгаштыруу боюнча аукциондор өткөрүлгөн эмес. Ушуга байланыштуу жүгүртүүдөгү бул активдин көлөмү жыл башынан тартып өзгөрбөстөн 49,4 млн АКШ долларын түзгөн.

## 1.3. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми

Алдын ала маалыматтар боюнча күндөлүк операциялар эсебинин терс сальдосу 2019-жылы төмөндөп, 835,2 млн АКШ доллары же ИДӨгө карата 9,9 пайыз деңгээлинде түптөлгөн (2018-жылы ИДӨгө карата күндөлүк эсеп тартыштыгы 12,1 пайызды түзгөн). Күндөлүк эсептин тартыштыгынын кыскарышы товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр балансынын жакшырышы менен шартталган.

[1] Чет өлкө валютасында номинацияланган МКОну эске алуусуз.

***1.3.1-график***

Күндөлүк операциялар эсеби




*Тышкы соода*

Отчеттук жыл экспорттук жеткирүүлөрдүн өсүшү жана товарлардын импортунун көлөмүнүн төмөндөшү менен мүнөздөлгөн. Натыйжада соода балансынын тартыштыгы 15,4 пайызга (2,6 млрд АКШ долларына чейин) кыскарган.

Товарлардын экспорту (ФОБ баасында) отчеттук жыл ичинде 5,5 пайызга өсүп, 2,0 млрд АКШ доллары[1] өлчөмүндө түптөлгөн. Отчеттук мезгил ичинде алтындын экспортунун көлөмү анын физикалык көлөмүнүн жана жеткирүүлөрдүн орточо контракттык баасынын өсүшүнөн улам 25,4 пайызга көбөйгөн. Мында, алтынды эске албагандагы экспорт 5,0 пайызга төмөндөп, 1,2 млрд АКШ долларын түзгөн. Кийим-кечени, металл сыныктарын, электр тогун, кантты, бут кийимди, пахтаны жана бир катар башка товарларды сунуштоо көлөмүнүн кыскарышы белгиленген. Ошону менен бирге, жашылча жана жемиштердин, көмүрдүн, портландцементтин, сүт азыктарынын жана товарлардын башка категорияларынын экспортунун өсүшү байкалган.

Отчеттук жылы ЕАЭБге экспорттук сунуштоо көлөмүнүн 3,1 пайызга төмөндөшү белгиленген, бул негизинен кийим-кечени, пахтаны, бут кийимди, тирүү малды жана кызытма лампаларды сунуштоо көлөмүнүн кыскарышынан улам болгон.

Товарлардын импорту (ФОБ баасында) 2019-жылы 7,3 пайызга төмөндөө менен 4,6 млрд АКШ долларын түзгөн. Түшүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн төмөндөшүнөн улам алынып келинген мунай зат көлөмүнүн 24,2 пайызга азайышы импорттун кыскаруусуна негизги таасирин тийгизген. Ошондой эле отчеттук жылы кийим-кече, бут кийим, кездеме, көмүр сыяктуу товарлардын жана бир катар башка товарлардын сунуштоо көлөмүнүн төмөндөшү байкалган. Ушуну менен бирге, электр линиясындагы аппараттарды, дары-дармектерди, курулуш материалдарын, жер семирткичтерди жана бир катар башка товарлардын импортунун көлөмүнүн өсүшү белгиленген.

Мунай зат, тамеки, чоюн жана болот, кант сыяктуу товарлардын жана бир катар башка товарлардын кыскаруусуна байланыштуу ЕАЭБ өлкөлөрүнөн импорттук сунуштоо отчеттук жыл ичинде 6,5 пайызга төмөндөгөн.

2019-жылдын алдын ала жыйынтыгы боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн экспортунун 38,5 пайызга, ал эми кызмат көрсөтүүлөрдүн импортунун 0,7 пайызга көбөйүшү байкалган. Натыйжада кызмат көрсөтүүлөрдүн балансы оң түптөлүп,

[1] Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алуу менен.

180,3 млн АКШ долларын түзгөн. Мындай динамика эң башкысы транспорттук кызмат көрсөтүүлөр жана кыдыруулар балансынын жакшырышы менен аныкталган.

*Акча которуулар*

Күндөлүк трансферттердин таза агылып кирүү көлөмү 2018-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 10,4 пайызга төмөндөө менен 2,2 млрд АКШ долларын түзгөн. Күндөлүк трансферттердин түзүмүндө түшүүлөрдүн олуттуу көлөмү эмгек мигранттарынын акчалай которуулары менен камсыз болгон. 2019-жыл жыйынтыгы боюнча акча которуу системалары аркылуу жүзөгө ашырылган жеке адамдардын акчалай которууларынын таза агылып кирүүсү 1,9 млрд АКШ долларын түзгөн (2018-жылы 2,1 млрд АКШ доллары).

***<u>1.3.2-график.</u>***

Акча которуу системалары аркылуу жеке адамдардын акча которуу динамикасы




Кирешелердин терс сальдосу 617,8 млн АКШ долларына чейин көбөйгөн (2018-жылы 251,0 млн АКШ доллары), бул резидент эместерге төлөөгө чегерилген тике инвестициялар боюнча кирешелердин өсүшүнөн улам түптөлгөн.

*Капиталдын жылышынын эсеби*

Отчеттук жыл ичинде капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсебинин сальдосу 512,9 млн АКШ долларын түзүп, 2018-жылга караганда 4,4 пайызга аз түптөлгөн. Финансылык эсеп боюнча капиталдын келип түшүүсүнүн олуттуу бөлүгүн тике жана башка инвестициялар камсыздаган. Өлкөгө тике чет өлкө инвестицияларынын таза агылып кирүүсү 49,8 пайызга көбөйүп, 208,6 млн АКШ доллары өлчөмүндө калыптанган.

“Башка инвестициялар” статьясынын оң балансы 190,9 млн АКШ доллары өлчөмүндө түптөлгөн, бул 2018-жылдын деңгээлинен жогору (71,6 млн АКШ доллары). Мындай тенденция Кыргыз Республикасынын резиденттеринин милдеттенмелеринин өсүшү менен шартталган.

2019-жыл жыйынтыгы боюнча “каталар жана калтырып кетүүлөр” статьясынын сальдосу 368,9 млн АКШ доллары өлчөмүндө оң түптөлгөн, бул операцияларды каттоо учуруна, ар башка булактардан алынган маалыматтарды пайдаланууга же болбосо маалыматтардын толук камтылбагандыгына байланыштуу статистикалык айырмачылыктар бар экендигин күбөлөндүрөт.

*Жалпы баланс*

Төлөм теңдеминин сальдосу 46,7 млн АКШ доллары өлчөмүндө оң белги менен түптөлгөн (2018-жылы 163,6 млн АКШ доллары өлчөмүндө терс баланс).

Дүң эл аралык камдардын көлөмү отчеттук жылдын акырына карата 2 424,1 млн АКШ доллары эквивалентин түзгөн, бул товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр импортунун келечектеги көлөмүнүн ордун жабуунун 5,0 айына туура келет.

МАЗМУНУ

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2019-ЖЫЛДАГЫ ИШИ

# II

# 2-ГЛАВА. АКЧА-КРЕДИТ САЯСАТЫ

Улуттук банк 2019-жылы Кыргыз Республикасында баа туруктуулугун колдоого багытталган саясатты жүргүзүүнү уланткан. Акча-кредит саясатынын тандалып алынган курсунун алкагында, Улуттук банк өлкөнүн узак мөөнөттүү экономикалык өсүшүнө жана региондорду өнүктүрүүгө көмөктөшүү үчүн чараларды көргөн.

Отчеттук жыл ичинде инфляциянын мааниси акча-кредит саясатынын 5-7 пайыз деңгээлинде белгиленген орто мөөнөттүү максаттуу көрсөткүчтөн ашкан эмес жана 2019-жылдын декабрь айында жылдык мааниде алганда 3,1 пайыз деңгээлинде түптөлгөн.

Орточо төмөн инфляциянын сакталып турушу шартында жана анын орто мөөнөттүү мезгилдеги динамикасын болжолдоолорду эске алуу менен Улуттук банк 2019-жылы акча-кредит саясатынын түрткү берүүчү багытын сактаган. Негизги чен 50 базистик пунктка: 4,75 пайыздан 4,25 пайызга чейин төмөндөтүлгөн.

Кыргыз Республикасынын экономикасын өнүктүрүүгө жана кредиттер боюнча пайыздык чендерди төмөндөтүүгө көмөктөшүү үчүн кредиттик аукциондордун алкагында Улуттук банк коммерциялык банктар менен биргеликте 2019-жылы 4,04 млрд сом суммасына кредиттерди берген. Бул каражаттар өлкө региондорун өнүктүрүүгө көмөктөшүү үчүн долбоорлорду кредиттөөгө, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Айыл чарбасын каржылоо” долбоорун ишке ашырууга жумшалган.

Улуттук валютада кредиттер боюнча пайыздык чендердин улам төмөндөө тенденциясы улантылган.

Улуттук банк өзгөрүлмөлүү алмашуу курсу режимин сактоо менен ички валюта рыногунда алмашуу курсунун кескин өзгөрүүсүнө жол бербөө үчүн интервенцияларды жүргүзгөн.

Улуттук банктын активдүү коммуникациялык саясаты инфляцияны таргетирлөө режимине улам өткөрүү процессинин маанилүү элементи бойдон калган. Калкка кеңири маалымат берүү жана Улуттук банк тарабынан көрүлүп жаткан чараларга карата ишенимди жогорулатуу үчүн акча-кредит саясаты чөйрөсүндө маалыматтарды ачык-айкын берүү камсыздалган.

Эл аралык резервди тескөө ликвиддүүлүк жана коопсуздук артыкчылыктарын эске алуу менен ишке ашырылган. 2019-жылы Кыргыз Республикасынын эл аралык резерв көлөмү 2 424,1 млн АКШ долларын түзүү менен мурда болбогон максималдуу деңгээлге жеткен.

## 2.1. Акча-кредит саясатынын максаты жана милдеттери

*Улуттук банктын максаты*

Улуттук банктын иши тиешелүү акча-кредит саясатын жүргүзүү аркылуу баа туруктуулугуна жетишүүгө жана колдоого алууга багытталган. Мында Улуттук банк монетардык саясат инструменттеринин кеңири түрүн колдонгон.

Инфляцияны Акча-кредит саясатынын орто мөөнөттүү мезгилге каралган негизги багыттарында[1] белгиленген 5-7 пайыз орто мөөнөттүү көрсөткүч чегинде кармап туруу акча-кредит саясатынын максаттуу көрсөткүчү болуп саналган.

*Акча-кредит саясатынын негизги милдеттери*

Орто мөөнөттүү келечекте инфляцияны таргетирлөө режимине бара-бара өткөрүүнүн алкагында Улуттук банк 2019-жылы акча-кредит саясатынын трансмиссиялык механизмин өркүндөтүү, банктар аралык акча рыногун андан ары активдештирүү жана өнүктүрүү, ошондой эле акча-кредит саясатынын инструменттеринин натыйжалуулугун жана ыңгайлуулугун жогорулатуу боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырган.

[1] Улуттук банк Башкармасынын 2017-жылдын 13-декабрындагы № 2017-П-07/51-1-(ДКП) токтому менен жактырылган.

**Акча-кредит саясатынын 2019-жылдагы негизги милдеттери**

- акча-кредит саясатынын трансмиссиялык механизминин пайыздык каналын өркүндөтүү
- акча-кредит саясатынын инструменттеринин натыйжалуулугун жана ыңгайлуулугун жогорулатуу
- банктар аралык акча рыногун андан ары активдештирүү жана өнүктүрүү
- банк тутумунда үстөк ликвиддүүлүктү жөнгө салуу үчүн арылтуу операцияларын жүргүзүү
- банк тутумунда ликвиддүүлүктү болжолдоону өркүндөтүү жагында моделдик аппаратты кеңейтүү
- акча-кредит саясатынын чараларын талдап-иликтөө жана ишке ашыруу инструменти катары натыйжалуу кыйыр кирешелүүлүктү түптөө
- экономикада акча сунушунун тең салмактуу деңгээлин түптөө

## 2.2. Акча-кредит саясатын ишке ашыруу

2019-жылы Улуттук банк акча-кредит саясатын дүйнөлүк мунай рыногунда өзгөрүлмөлүүлүк шарттарында жана эл аралык рыноктордо азык-түлүккө салыштырмалуу туруктуу баалардын алкагында жүзөгө ашырган. Кыргыз Республикасынын соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрүндө экономикалык жигердүүлүктүн кармалып турган өсүш арымы сакталып турган, бул жергиликтүү товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө тиешелүү суроо-талаптын түптөлүшүн шарттаган.

Жыл ичинде акча-кредит саясатынын тактикалык кадамдары банк тутумунда ликвиддүүлүк жагдайын, өлкөнүн акча жана валюта рынокторун келечекте өнүктүрүүнү эске алуу менен түптөлгөн.

*Пайыздык саясат*

Улуттук банктын эсептик чени (негизги чени) монетардык саясаттын негизги инструменти катары сакталган жана акча рыногунда каражаттар наркынын көрсөткүчү катары кызмат кылган. Негизги чен боюнча чечимдер кеңири моделдик аппаратты пайдалануу менен иштелип чыккан экономиканы орто мөөнөткө өнүктүрүү боюнча болжолдоолорду негизинде кабыл алынган.

Жыл ичинде төмөн инфляциялык динамика шарттарында, ошондой эле аны орто мөөнөттүү мезгилге болжолдоолорду эске алуу менен Улуттук банк отчеттук жылы акча-кредит саясатынын түрткү берүүчү багытын сактаган. 2019-жылы Улуттук банктын эсептик чени эки жолу төмөндөтүлгөн: февраль айында – 4,75 пайыздан 4,50 пайызга чейин, май айында – 4,25 пайызга чейин.

Негизги чен өзгөргөндүгүнө байланыштуу, ошондой эле акча-кредит саясатынын трансмиссиялык механизминин натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, пайыздык чен чектери корректировкаланган: жогорку чекти аныктаган “овернайт” кредити боюнча чен 6,00 пайыздан 5,75 пайызга чейин төмөндөтүлгөн, ал эми төмөн деңгээл болуп саналган “овернайт” депозити боюнча чен 1,50 пайыздан 2,00 пайызга чейин жогорулатылган.

*Ликвиддүүлүктү жөнгө салуу*

2019-жылы банк тутуму үстөк ликвиддүүлүктүн жогору деңгээлде орун алуусу шартында ишин уланткан. Банк секторунда үстөк камдар эң башкысы, монетардык жана бюджеттик каналдар аркылуу ресурстардын түшүүсүнүн эсебинен түптөлгөн. Бул көрсөткүчтүн орточо күндүк көлөмү Улуттук банк арылтуу операцияларын

жүргүзгөнгө чейин 11,7 млрд сомду, арылтуу операцияларын жүргүзгөндөн кийин – 0,4 млрд сомду (2018-жылы – 0,7 млрд сомду) түзгөн.

Улуттук банк ачык рынокто операцияларды жүргүзүү жана коммерциялык банктардын бош турган каражаттарын Улуттук банктагы "овернайт" депозиттерине жайгаштыруу аркылуу банк тутумунда үстөк ликвиддүүлүк деңгээлин жөнгө салууну ишке ашырган. Банк тутумун үстөк ликвиддүүлүктөн арылтуунун орточо күндүк көлөмү 11,4 млрд сомду (2018-жылы – 12,3 млрд сомду) түзгөн.

Улуттук банктын ноталары үстөк ликвиддүүлүктөн арылтуунун негизги инструменти катары сакталган. Арылтуу операцияларынын түзүмүндө ликвиддүүлүктү 7 жана 28 күндүк ноталар менен абсорбциялоо операцияларын көбөйтүүнүн алкагында 91 күндүк ноталар үлүшү төмөндөгөндүгү белгиленген. Мында, жүгүртүүдөгү ноталардын орточо күндүк көлөмү 2018-жылдагы 8,6 млрд сомдон 2019-жылы 8,2 млрд сомго чейин төмөндөгөн.

2019-жылы Улуттук банкта "овернайт" депозитине жайгаштыруунун орточо күндүк көлөмү өзгөрүүсүз калып, 3,9 млрд сомду түзгөн.

***2.2.1-график***

Улуттук банктын арылтуу операцияларынын түзүмү




** 2018-жыл үчүн маалымат көрсөткүчтөрдү эсептөө методологиясын тактоону жана өзгөртүүнү эсепке алуу менен келтирилген*

*Кредит саясаты*

Өлкөнүн узак мөөнөттүү экономикалык өсүшүнө көмөктөшүү үчүн Улуттук банк экономиканын реалдуу секторун кредиттөөнү кеңейтүүгө багытталган саясатты жүргүзүүнү уланткан.

Республика региондорун жана экономиканын артыкчылыктуу секторлорун кредиттөө үчүн ресурстарды сунуштоо акча-кредит инструменттери аркылуу жүзөгө ашырылган. 2019-жыл жыйынтыгы боюнча кредиттик аукциондордун алкагында коммерциялык банктарга 54,5 млрд сом сунушталган, ошол эле учурда коммерциялык банктар тарабынан тандалып алынган кредиттик ресурстардын көлөмү 2,0 млрд сомду түзгөн. Бул каражаттарды алуу үчүн маанилүү шарт катары аларды 12 пайыздан жогору эмес чен боюнча акыркы карыз алуучуларга берүү саналган.

*Коммуникациялык саясат*

Коммуникациялык саясат Улуттук банктын акча-кредит саясатынын ажыратылгыс бөлүгү бойдон калууда.

Монетардык саясат чөйрөсүндө ачык маалымат берүүнү жогорулатуу маселелери инфляциялык таргетирлөөгө бара-бара өтүү шартында өзгөчө актуалдуу. Коомчулукка жигердүү маалымат берүү экономика субъектилери арасында рационалдуу инфляциялык күтүүлөрдүн жана келечекте акча-кредит чөйрөсүндө кабыл алынышы мүмкүн болгон чечимдердин түптөлүшүнө өбөлгө түзөт.

Коомчулук жүргүзүлүп жаткан акча-кредит саясаты тууралуу түшүнүк алуусун жана ага ишенимин жогорулатуу максатында, Улуттук банк жакынкы келечекке каралган акча-кредит саясатынын стратегиялык жана максаттуу көрсөткүчтөрүн жарыялаган, туруктуу негизде эсептик чен боюнча кабыл алынган чечимдер тууралуу пресс-релиздерди чыгарып турган, ошондой эле монетардык саясат маселелери боюнча пресс-конференцияларды өткөргөн. Чейрек сайын Улуттук банк расмий интернет-сайтында акча-кредит саясаты жөнүндө отчетту жайгаштырып турган.

## 2.2.1. Ачык рынокто ишке ашырылган операциялар

*Улуттук банктын ноталары*

2019-жыл ичинде Улуттук банктын ачык рынокто колдонгон негизги инструменти катары Улуттук банктын ноталары саналган. Ноталар – банк тутумунда ликвиддүүлүктү жөнгө салуу максатында аукциондук негизде жайгаштырылуучу Улуттук банктын ар кандай мөөнөттүүлүк боюнча дисконттук баалуу кагаздары. Отчеттук мезгилде Улуттук банктын ноталар рыногун 7, 14, 28, 91 жана 182 күндүк ноталар түзгөн.

2019-жыл ичинде Улуттук банк тарабынан ноталарды сунуштоо көлөмү 149,0 млрд сомду түзгөн (1,0 млрд сом көлөмүндөгү кошумча жайгаштыруу боюнча ноталарды сунуштоо көлөмүн эске алуу менен). Мында, ноталарга суроо-талап көлөмү 2018-жылга салыштырганда 14,2 пайызга көбөйүү менен 153,5 млрд сомду түзгөн. Ноталарды жалпы сатуу көлөмү 133,7 млрд сом чегинде түптөлгөн, бул 2018-жылдагы көрсөткүчтөн 22,5 пайызга көп.

Сатуунун олуттуу көлөмү Улуттук банктын жүгүртүү мөөнөтү 7 күндүк ноталарга туура келген (65,8 пайыз), жүгүртүү мөөнөтү 14 күндүк ноталарды сатуу көлөмү 3,8 пайызды, 28 күндүк – 20,8 пайызды, 91 күндүк – 9,5 пайызды, 182 күндүк – 0,1 пайызды түзгөн.

***<u>2.2.1.1-график.</u>***
Улуттук банктын ноталарын сатуу көлөмү жана эсептик чен динамикасы




Улуттук банктын ноталарынын орточо алынган кирешелүүлүгү отчеттук мезгил ичинде салыштырмалуу туруктуу болгон, олуттуу өзгөрүүлөр байкалган эмес. 2018-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда ноталардын орточо алынган кирешелүүлүгү 0,8 пайыздык пунктка, 3,8 пайызга чейин өскөн.

Улуттук банктын жүгүртүүдөгү ноталарынын көлөмү 2019-жылдын акырында жылдын башталышына салыштырмалуу бир аз гана жогорулап (8,0 млрд сом), 8,1 млрд сомду түзгөн. Отчеттук мезгилдин акырына ноталарга негизги ээлик кылуучулар катары коммерциялык банктар – 89,5 пайыз, институционалдык инвесторлор – 9,7 пайыз, юридикалык жактар жана жеке адамдар-резиденттер – 0,8 пайыз саналган.

### 2.2.2. Банктар аралык акча рыногунда ишке ашырылган операциялар

Акча-кредит саясатынын чаралары акча рыногунда кыска мөөнөттүү пайыздык чендердин өзгөрүлмөлүүлүгүнүн төмөндөшүн жана алардын негизги ченге жакын түптөлүшүн шарттаган. Жыл ичинде акча рыногунда кыска мөөнөттүү чендер Улуттук банк тарабынан белгиленген пайыздык чектин алкагында орун алган.

***2.2.2.1-график.***

Акча рыногунун пайыздык чендеринин динамикасы

*(пайыздар)*




*Банктар аралык кредиттик рынок*

Отчеттук жылы банктар аралык кредиттик ресурстар рыногунда катышуучулардын жигердүүлүгүнүн сакталышы менен мүнөздөлгөн. Репо-операциялар көлөмү 2018-жылга салыштырганда 23,6 пайызга, 31,3 млрд сомдон 38,7 млрд сомго чейин жогорулаган.

Кароого алынган жыл ичинде банктар аралык кредиттик рынокто операциялардын жалпы көлөмү (Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан берилген кредиттерди эске алуу менен) 2018-жылга салыштырганда 20,0 пайызга азаюу менен 42,0 млрд сомду түзгөн.

***2.2.2.2-график.***

Банктар аралык ички кредит рыногунда бүтүмдөрдүн көлөмү

*(млн сом)*




2019-жылы репо операциялар боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 0,6 пайыздык пунктка, 3,0 пайызга чейин жогорулаган. Улуттук валютадагы кредиттер боюнча чендер 2,3 пайыз деңгээлинде, чет өлкө валютасында – 3,2 пайыз деңгээлинде түптөлгөн. Салыштырсак, 2018-жылы улуттук валютадагы стандарттык чендер пайызсыз негизде жүргүзүлгөн, ал эми чет өлкө валютасында алар жүргүзүлгөн эмес.

Репо операцияларынын орточо алынган мөөнөтү өзгөрүүсүз 5 күндүк деңгээлде сакталган, улуттук валютадагы кредиттердин мөөнөтү 9 күндөн 2 күнгө чейин азайган, ал эми чет өлкө валютасындагы кредиттердин мөөнөтү 13 күндү түзгөн.

***2.2.2.1-таблица.***

Банктар аралык рыноктун орточо салмактанып алынган пайыздык чендери жана Улуттук банктын чендери (бир мезгил ичинде)

*(пайыздар)*

| | 2018-жыл | 2019-жыл |
|---|---|---|
| **Банктар аралык рыноктогу чендер** | | |
| Улуттук валютадагы кредиттер боюнча чен | 0,0 | 2,3 |
| Чет өлкө валютасындагы кредиттер боюнча чен | - | 3,2 |
| Репо операциялары боюнча чен | 2,4 | 3,0 |
| **Улуттук банк менен операциялар боюнча чендер** | | |
| "Овернайт" кредиттери боюнча чен | 6,2 | 5,9 |
| "Овернайт" депозиттери боюнча чен | 0,3 | 1,7 |
| Кредиттик аукциондор боюнча чен | 5,2 | 4,4 |

*МБКлар рыногу*

2019-жылы мамлекеттик баалуу кагаздардын (МБКлар) рыногунун кыска мөөнөттүү сегментинде 3 жана 6 айлык МКВлар эмиссиясын калыбына келтирүүнүн алкагында сунуштоо көлөмү жогорулагандыгы байкалган. МКВлардын орточо алынган кирешелүүлүгү 2018-жылга салыштырганда төмөндөп, 5,09 пайыз деңгээлинде түптөлгөн (2018-жылы – 5,65 пайыз).

Финансы рыногунун узак мөөнөттүү сегментинде Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги 2 жылдан 10 жылга чейинки жүгүртүү мөөнөтү менен МКОлорду жайгаштырган. МКОлор боюнча жалпы орточо алынган кирешелүүлүк 2018-жылдагы 11,84 пайыздан 2019-жылы 10,30 пайызга чейин төмөндөгөн.

### 2.2.3. Банктарды кайра каржылоо операциялары

Банктарды кайра каржылоо коммерциялык банктардын ликвиддүүлүгүн колдоого жана өзгөрүлмөлүүлүктү текшилөөгө багытталган инструменттердин бири болуп саналат.

Улуттук банк кайра каржылоонун төмөнкү инструменттерине ээ:

– төлөм системасынын иш натыйжалуулугун арттыруу үчүн күрөөлүк камсыздоо алдында, операциялык күн ичинде улуттук валютада пайызсыз негизде сунушталган бир күндүк кредит;
– банктардын кыска мөөнөттүү ликвиддүүлүгүн колдоо максатында, күрөөлүк камсыздоо алдында суткасына акы төлөө негизинде улуттук валютада сунушталган “овернайт” кредити;
– кыска мөөнөттүү ликвиддүүлүктү колдоо максатында, күрөөлүк камсыздоо алдында жети күнгө акы төлөө негизинде улуттук валютада сунушталган 7 күндүк кредит;
– экономиканын жана региондордун айрым тармактарын кредиттөө жана ликвиддүүлүгүн колдоо үчүн акы төлөө негизинде, коммерциялык банктарга улуттук валютада кредиттик ресурстарды сунуштоо максатында, улуттук валютада жүргүзүлгөн кайра каржылоо жана ликвиддүүлүктү колдоо боюнча кредиттик аукциондор;
– банк тутумунун бүтүндүгүн камсыз кылуу, банктын ликвиддүүлүгүн колдоого алуу жана аманатчылар таламын коргоо максатында, күрөөлүк камсыздоо алдында акы төлөө негизинде сунушталуучу ликвиддүүлүктү колдоо үчүн кредит;
– Кыргыз Республикасы тарабынан ЕАЭБ алкагында башка мамлекеттер менен биргеликте түзүлүүчү эл аралык уюмдарга күрөөлүк камсыздоо алдында, акы төлөө негизинде сунушталуучу кредит;
– акыркы инстанциядагы кредит өзгөчө учурларда гана ишинде олуттуу финансылык проблемалар орун алган коммерциялык банктарга сунушталат;
– Кыргыз Республикасынын депозиттерин коргоо системасынын финансылык туруктуулугун камсыздоо, аманатчылардын таламын коргоо, системалуу тобокелдиктерге жол бербөө жана банк тутумунун туруктуулугун камсыз кылуу максатында, Кыргыз Республикасынын Депозиттерди коргоо боюнча агенттигине сунушталуучу кредит.

2019-жыл ичинде берилген бир күндүк кредиттердин көлөмү 406,4 млн сомду түзгөн, ал эми 2018-жылы бир күндүк кредиттер берилген эмес.

2019-жыл ичинде берилген “овернайт” кредиттеринин көлөмү 286,4 млн сомду, ал эми 2018-жылы ал 18 102,3 млн сомду түзгөн.

Кыргыз Республикасынын экономикасын өнүктүрүүгө көмөктөшүү жана кредиттер боюнча пайыздык чендерди төмөндөтүү максатында, Улуттук банк 2019-жылы кредиттик аукциондордун алкагында коммерциялык банктар менен биргеликте 4,04 млрд сом суммасына кредиттерди сунуштаган. Бул каражаттар өлкө региондоруна колдоо көрсөтүү үчүн долбоорлорду кредиттөөгө, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Айыл чарбасын каржылоо” долбоорун ишке ашырууга багытталган.

Мындан тышкары, Улуттук банк узак мөөнөттүү экономикалык өсүштү колдоо максатында, отчеттук мезгил ичинде Кыргыз Республикасы тарабынан ЕАЭБ алкагында башка мамлекеттер менен биргеликте түзүлүүчү эл аралык уюмдарга 300,0 млн сом (2018-жылы – 300,0 млн сом) өлчөмүндө кредиттерди сунуштаган.

2019-жылы коммерциялык банктарга 7 күндүк кредит, ликвиддүүлүктү колдоо үчүн кредит, акыркы инстанциядагы кредит, Кыргыз Республикасынын Депозиттерди коргоо боюнча агенттигине кредиттер берилген эмес.

***2.2.3.1-таблица.***

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан берилген кредиттер
*(млн сом)*

| | I чейрек | II чейрек | III чейрек | IV чейрек | **Жыйынтыгында** |
|---|---|---|---|---|---|
| **Бир күндүк кредиттер** | | | | | |
| 2018-ж. | - | - | - | - | **-** |
| 2019-ж. | - | 179,1 | 227,3 | - | **406,4** |
| **"Овернайт" кредиттери** | | | | | |
| 2018-ж. | 10 493,9 | 7 608,4 | - | - | **18 102,3** |
| 2019-ж. | - | 286,4 | - | - | **286,4** |
| **Кредиттик аукциондор** | | | | | |
| 2018-ж. | 664,9 | 2 335,1 | - | - | **3 000,0** |
| 2019-ж. | 695,0 | 1 015,0 | 170,0 | 140,0 | **2 020,0** |
| **Ликвиддүүлүктү колдоого кредиттер** | | | | | |
| 2018-ж. | - | 141,4 | 430,2 | - | **571,7** |
| 2019-ж. | - | - | - | - | **-** |
| **Эл аралык уюмдарга кредиттер** | | | | | |
| 2018-ж. | 100,0 | - | 150,0 | 50,0 | **300,0** |
| 2019-ж. | - | 200,0 | - | 100,0 | **300,0** |

## 2.2.4. Ички валюта рыногунда ишке ашырылган операциялар

*Валюталык интервенциялар*

2019-жыл ичинде ички валюта рыногунда абал туруктуу катталган. Улуттук банктын валюта тооруктарында катышуусу ички рыноктун конъюнктурасына жараша болгон жана өзгөрүлмөлүү алмашуу курсунун колдонуудагы режиминин алкагында ишке ашырылган.

2019-жылы алмашуу курсунун кескин өзгөрүүсүн текшилөө максатында Улуттук банк тарабынан 143,5 млн АКШ доллары сатылган. Улуттук банк отчеттук мезгил ичинде чет өлкө валютасында валюталарды сатып алуу операцияларын жүргүзгөн эмес. 2018-жылы таза сатуу көлөмү 147,7 млн АКШ долларын түзгөн.

Биринчи чейректин башталышында ички валюта рыногунда чет өлкө валютасына суроо-талап аны сунуштоодон жогору болгондугу байкалган. Алсак, январь айында Улуттук банк алмашуу курсунун кескин өзгөрүүсүн текшилөө максатында 18,8 млн АКШ долларын саткан.

Экинчи чейректе алмашуу курсуна карата басым чет өлкө валютасына суроо-талаптын жогору болушу менен шартталган. Алмашуу курсуна карата басымды жеңилдетүү үчүн Улуттук банк тарабынан экинчи чейректе 49,8 млн АКШ доллары сатылган.

Үчүнчү чейректин акырында алмашуу курсунун кыска мөөнөттүү өзгөрүүлөрү байкалып, Улуттук банк 18,4 млн АКШ доллары көлөмүндө чет өлкө валютасын сатуу аркылуу аны текшилөөнү ишке ашырган.

**2.2.4.1-график.**

Улуттук банктын 2019-жыл ичинде чет өлкө валютасы менен операциялары




Төртүнчү чейректе ички валюта рыногунда АКШ долларына суроо-талаптын сезондук өсүшү байкалган, ал чет өлкө валютасын сунуштоо көлөмүнүн кыскарышы менен шартталган. Алмашуу курсунун өзгөрүүсүн текшилөө, ошондой эле АКШ долларына суроо-талапты канааттандыруу максатында Улуттук банк тарабынан 56,5 млн АКШ доллары сатылган.

Отчеттук мезгил ичинде валюта рыногунда туруктуу жагдай сакталып тургандыгын эске алуу менен АКШ долларынын расмий алмашуу курсу сомго карата 2019-жылы 0,3 пайызга төмөндөп, отчеттук жылдын акырына 1 АКШ доллары үчүн 69,6439 сомду түзгөн.

*Валюта рыногунда операциялардын жалпы көлөмү*

Банктар аралык валюта рыногунда чет өлкө валютасын сатып алуу/сатуу боюнча операциялардын[1] жана алмашуу бюролорунун операцияларынын чогуу алгандагы көлөмү кароого алынган мезгил ичинде 58,6 пайызга, 1 171,4 млрд сом эквивалентине чейин жогорулаган. Бул көрсөткүч алмашуу бюролорунун операцияларынын 97,5 пайызга өсүшүнүн эсебинен жогорулаган. Операциялар көлөмүнүн көбөйүшү бардык валюталар боюнча белгиленген. Валюталык операциялардын олуттуу көлөмү АКШ долларында (+55,7 пайыз) жана орус рублинде (+67,1 пайыз) ишке ашырылган.

[1] Коммерциялык банктардын өз кардарлары менен нак эмес чет өлкө валютасында ишке ашырган операцияларын эске албаганда.

***2.2.4.2-график.***

Валюта курсунун динамикасы жана банктар аралык валюта тооруктарындагы операциялардын көлөмү




*Своп-операциялар*

2019-жылы коммерциялык банктардын ички рынокто сыяктуу эле, банк резидент-эместер менен ишке ашырган своп-операцияларынын жалпы көлөмү 2018-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда 12,0 пайызга төмөндөө менен 581,3 млн АКШ долларын түзгөн. Отчеттук мезгилде Улуттук банк своп-операцияларды жүргүзгөн эмес.

*Алмашуу бюролорунда валюта курстарынын динамикасы*

2019-жылдын жыйынтыгы боюнча алмашуу бюролорунда орус рублинин орточо сатуу курсу 2018-жылдын акырындагы көрсөткүчкө салыштырганда 11,3 пайызга көбөйүү менен бир орус рубли үчүн 1,1168 сомду түзгөн. Ал эми еврону, казак теңгесин жана АКШ долларынын орточо алынган сатуу курсу алмашуу бюролорунда, тескерисинче, тиешелүүлүгүнө жараша 3,0 пайызга (77,7386 сом/евро чейин), 0,8 пайызга (0,1827 сом/теңгеге чейин) жана 0,4 пайызга (69,4942 сом/АКШ долларына чейин) төмөндөгөн.



## 2.2.5. Милдеттүү камдык талаптар

*Милдеттүү камдык талаптардын ченемдери*

Милдеттүү камдык талаптар акча-кредиттик жөнгө салуу инструменттеринин бири болуп саналат жана башка инструменттер менен катар эле инфляция боюнча максаттуу деңгээлге жетүү үчүн пайдаланылат. Милдеттүү камдык талаптар – бул акча каражаттарынын суммасы, ал коммерциялык банктар жана аманаттарды тартуу менен иш алып барган микрофинансылык компаниялар тарабынан Улуттук банктын талаптарына ылайык белгилүү бир мезгил аралыгында (28 күн) колдоого алынууга тийиш.

Улуттук банк Башкармасы милдеттүү камдык талаптар өлчөмүн жана аларды аткаруу регламентин жүргүзүлүп жаткан акча-кредит саясатынын шарттарына жараша аныктайт.

Экономикага түрткү берүү максатында, коммерциялык банктардын кредиттөө мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү аркылуу 2019-жылы банктар үчүн милдеттүү камдык талаптардын ар күндүк минималдуу деңгээли боюнча талаптарды жеңилдетүү чаралары колдонулган. Ошентип, коммерциялык банктарга карата учурда колдонулуп жаткан күнүмдүк негизде милдеттүү камдык талаптарды аткаруу үчүн Улуттук банктагы корреспонденттик эсептеги каражаттардын минималдуу чектүү деңгээли тиешелүү мезгил аралыгына карата аныкталган банктын милдеттүү камдар көлөмүнөн 90,0 пайыздан 80,0 пайызга чейин төмөндөтүлгөн. Ушуну менен катар эле, доллардан арылтуу боюнча чараларды колдоого алуунун алкагында чет өлкө валютасындагы милдеттенмелер боюнча милдеттүү кам өлчөмү, сом түрүндө милдеттенмелер жана беш валюта түрүндөгү милдеттенмелер (ЕАЭБге мүчө-

мамлекеттердин жана кытай Жэньминьби юанында) боюнча милдеттүү камдык талаптар өлчөмүн 4,0 пайыз деңгээлинде сакталган учурда, 200 базистик пунктка – 12,0 пайыздан 14,0 пайызга чейин жогорулатылган.

Мындан тышкары, 2019-жылы милдеттүү камдык талаптардын эсептик базасына банктардын жеке белгиси көрсөтүлбөгөн металл эсептери боюнча милдеттенмелери камтылган. Баалуу металлдар менен операциялардын көлөмү анча жогору эместигин эске алуу менен кардарлардын жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептери боюнча банктардын милдеттенмелерине тиешелүү милдеттүү кам өлчөмү баштапкы баскычта эле, баалуу металлдар менен операцияларды арттырууга түрткү берүү максатында, нөлдүк мааниде белгиленген.

2019-жылы милдеттүү камдык талаптарды сактоо регламентин төмөнкүдөй бузуулар катталган:

– бир коммерциялык банк тарабынан бүтүндөй базалык мезгил ичинде милдеттүү камдык талаптардын ченеми сакталган эмес;
– төрт коммерциялык банкта милдеттүү камдар көлөмүнөн ар күндүк минималдуу чектүү деңгээл сакталган эмес.

## 2.3. Эл аралык резервдерди тескөө

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө” мыйзамына ылайык, Улуттук банк ликвиддүүлүк артыкчылыктарын жана алардын коопсуздугун камсыз кылууну эске алуу менен эл аралык резервди өз алдынча түзөт, аларга ээлик кылат жана тескейт.

Банктын инвестициялык саясатын, эл аралык камдар портфелинин түзүмүн, орун алышы ыктымал болгон тобокелдик менен инвестициялык инструменттердин кирешелүүлүгү ортосундагы катышты аныктоо, ошондой эле банктын контрагенттерин тандоо жагында чечимдер Улуттук банк Башкармасы жана Инвестициялык комитети тарабынан кабыл алынган. 2019-жылы Инвестициялык комитет эл аралык резервди тескөө маселелери боюнча 17 отурум өткөргөн. Эл аралык резервди тескөө учурунда келип чыккан тобокелдиктерди кыскартуу максатында, контрагенттерге карата критерийлер, талаптар жана чектөөлөр, ошондой эле инвестициялоо инструменттеринин түрлөрү, алардын өлчөмдөрү, мөөнөттөрү белгиленген.

Эл аралык резервди тескөө Инвестициялык саясатта жана Тобокелдиктерди жөнгө салуу саясатында белгиленген.

*Эл аралык резервдер көлөмү*

2019-жылдын акырына карата дүң эл аралык резерв көлөмү жыл ичинде 268,6 млн АКШ долларына же 12,5 пайызга жогорулоо менен доллар эквивалентинде 2 424,1 млн АКШ долларын түзгөн. Улуттук банктын эл аралык резервинин курамына алтын түрүндөгү активдер, АКУ жана чет өлкө валюталар портфели кирет.

***2.3.1-график.***

Дүң эл аралык резервдер динамикасы

*(млн АКШ доллары)*



2019-жыл ичинде дүң эл аралык резерв көлөмүнө Кыргыз Республикасынын тышкы милдеттенмелери боюнча төлөөлөр; эл аралык резерв курамына кирген валюта курстарынын өзгөрүүсү; баалуу металлдарга баалардын өзгөрүүсү; эл аралык камдарды тескөөдөн түшкөн кирешелер; Кыргызстандын ички рыногунда алтынды сатып алуу боюнча операциялар; өлкөнүн ички рыногунда жүргүзүлгөн Улуттук банктын валюталык операциялары; Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн пайдасына валюталык каражаттардын түшүүсү өз таасирин тийгизген.

***2.3.1-таблица.***

Эл аралык камдардын түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)
*(пайыздар)*

*Эл аралык резервдер түзүмү*

| | 2018-жыл | 2019-жыл |
|---|---|---|
| Валюта портфели | 72,3 | 65,0 |
| Алтын | 21,4 | 28,9 |
| Атайы карыз алышуу укугу | 6,3 | 6,1 |
| **Бардыгы болуп** | **100,0** | **100,0** |

2019-жылы эл аралык резервдин валюта портфелинде төмөнкү валюталар камтылган: австралия доллары, англия фунт стерлинги, АКШ доллары, евро, канада доллары, кытай юаны, норвегия крону, орус рубли, сингапур доллары, швейцария франкы, түштүк корея вону, япон йени, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн операцияларын тейлөө үчүн башка валюталар.

Улуттук банктын контрагенттеринен болуп борбордук банктар, эл аралык финансылык институттар жана чет өлкөлүк коммерциялык банктар саналат.

*Жумушчу портфелди жайгаштыруу*

Ликвиддүүлүктүн зарыл деңгээлин колдоо, ошондой эле эл аралык камдарды тескөө натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, камдык активдер менен иш портфелдик негизде жүзөгө ашырылган. Валюта портфелин жумушчу жана инвестициялыкка бөлүү камдардын кирешелүүлүгүнүн оптималдуу деңгээлин колдоого алууну камсыз кылган.

Жумушчу портфелдин активдери кыйла ликвиддүү инструменттерге жайгаштырылган жана банктар аралык ички валюта рыногунда операцияларды, анын ичинде мамлекеттик тышкы карызды тейлөөнү кошо алганда, Улуттук банктын жана Өкмөттүн чет өлкө валютасындагы төлөмдөрүн жүргүзүү үчүн колдонулган.

*Инвестициялык портфелди тескөө*

Инвестициялык портфелди тескөө эл аралык камдардын бекитилген эталондук портфелине ылайык жүзөгө ашырылган. Улуттук банк эл аралык камдарды баалуу кагаздарга, мөөнөттүү депозиттерге, ошондой эле бир күндүк репо операцияларга жайгаштырган.

Баалуу кагаздар портфелинде айрым өлкөлөрдүн мамлекеттик баалуу кагаздары, эл аралык финансылык институттардын кыска мөөнөттүү жана орто мөөнөттүү инвестициялык инструменттери камтылган. Мөөнөттүү депозиттер эл аралык финансылык инструменттерде, эл аралык жогорку рейтингге ээ чет өлкө борбордук жана коммерциялык банктарында жайгаштырылган.

## 2.4. Акча-кредит саясатынын натыйжалары

*Инфляция*

Дүйнөлүк рыноктун орточо өсүш арымы жана 2019-жыл ичинде глобалдуу товардык-чийки зат рынокторундагы өзгөрүүлөр шартында, Улуттук банктын акча-кредит саясаты өлкөдө баа туруктуулугунун сакталышын камсыз кылууга жана макроэкономикалык жигердүүлүктүн алгылыктуу көрсөткүчтөрүн колдоого алууга шарт түзгөн.

Бүтүндөй отчеттук жыл ичинде инфляциянын динамикасы туруктуу жана экинчи жарым жылдыкта бир аз тездеп, орточо төмөн деңгээлде катталган. Инфляция жыл акырында жылдын башталышындагы 0,7 пайыз дефляциядан 3,1 пайызга чейин бара-бара жогорулагандыгы байкалган.

Улуттук статистика комитетинин маалыматы боюнча, 2019-жылы орточо жылдык инфляция көрсөткүчү акча-кредит саясатынын максаттуу орто мөөнөттүү көрсөткүчүнөн жогору болгон эмес жана ал 1,1 пайызды түзгөн. 2019-жылдын декабрь айында өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда керектөө бааларынын деңгээли 3,1 пайызга жогорулаган.

***2.4.1-график.***

Кыргыз Республикасында инфляция деңгээли




Инфляциянын орточо деңгээлде түптөлүшүнүн негизги фактору катары жылдын экинчи жарымында азык-түлүк товарларына баалардын бара-бара жогорулашы болгон, ал тышкы жана ички азык-түлүк рынокторунда буудайга жана этке баалардын кымбатташы, ошондой эле 2018-жылдагы төмөн база менен шартталган. Азык-түлүк товарларына баа индекси 5,7 пайызга жогорулаган (2019-жылдын декабрь айы 2018-жылдын декабрына карата). Азык-түлүк товарлар тобунда канттан башка бардык товарларга баалар жогорулаган, мында азык-түлүк товарларынын негизги түрлөрүнүн ичинен жемиштерге жана жашылчага, унга баалар жогорулаган.

Азык-түлүктөн башка товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө баалар 2018-жылдагы баа деңгээлинде сакталган: жыл акырына азык-түлүктөн башка инфляция көрсөткүчү (2019-жылдын декабрь айы 2018-жылдын декабрына карата) 0,6 пайызды түзгөн. Алкоголдук ичимдиктерге жана тамекиге баалар 3,4 пайызга жогорулаган, “турак жай кызматтары, суу, электр энергиясы, газ жана отундун башка түрлөрү” тобу 2,4 пайызга өскөн, мында акы төлөнүүчү кызматтарга баа индекси 0,4 пайызга жогорулаган.

Рыноктук инфляция[1] 2019-жылы төмөн маанилерде катталган жана 0,4 пайыз деңгээлинде түптөлгөн.

[1] УСК тарабынан эсептелет: жалпы баа индексинен баалары олуттуу сезондук/кыска мөөнөттүү өзгөрүүлөргө дуушар болгон же мамлекеттик органдардын административдик чечимдери менен аныкталган товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр алынып салынат.

**2.4.2-график.**

Керектөө бааларынын индексинин өсүш арымына салым




*Акча рыногу*

Акча рыногунун улуттук валютадагы чендери 2019-жылдын биринчи жарымында олуттуу өзгөрүүгө дуушарланган эмес жана Улуттук банк тарабынан "овернайт" депозиттери жана кредиттери боюнча чендердин чегинде өзгөрүп турган.

2019-жылы акча-кредит саясатынын трансмиссиялык механизминин ички рынокко таасирин күчөтүү жана банктар аралык акча рыногун өнүктүрүү максатында, пайыздык чендердин жогорку жана төмөн чектери корректировкаланган: "овернайт" депозиттери боюнча чен эки жолу 1,5 пайыздан 2,00 пайызга чейин жогорулатылган, ал эми "овернайт" кредити боюнча чен 6,00 пайыздан 5,75 пайызга чейин төмөндөтүлгөн.

Натыйжада акча рыногунун улуттук валютадагы кыска мөөнөттүү чендери бара-бара Улуттук банк тарабынан белгиленген эсептик ченге жакындаштырылган (негизги чен).

**2.4.3-график.**

Банктар аралык кредит рыногунун чендер динамикасы



*Акча базасы*

2019-жылы акча базасы 11,0 пайызга же 11,7 млрд сомго жогорулоо менен жыл акырына 118,1 млрд сом өлчөмүндө калыптанган. Акча базасынын өсүш арымына 3,9 млрд сомго Улуттук банктын операциялары сыяктуу эле, 7,8 млрд сомго Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн операциялары да салым кошкон.

*Акча топтомдору*

Акча топтомдорунун алгылыктуу өсүш динамикасы сакталып турган. 2019-жылдын жыйынтыгы боюнча М2Х акча топтому (өзүндө чет өлкө валютасындагы депозиттерди камтыган кеңири мааниде колдонулуучу акча массасы) 12,8 пайызга, 230,3 млрд сомго чейин өскөн. Бул көрсөткүчтүн өсүшүнө алардын көлөмү отчеттук жылдын акырына 96,0 млрд сомду түзгөн банктардан тышкаркы акчалардын 13,2 пайызга артышы (М0 кеңири мааниде колдонулуучу акча топтому) жана улуттук валютадагы депозиттердин 23,0 пайызга өсүшү салым кошкон. Чет өлкө валютасындагы депозиттер М2Х акча топтомунун өзгөрүүсүнө 2,0 пайыз терс салым кошкон. Кеңири мааниде колдонулуучу улуттук валютадагы акча массасы (М2 акча топтому) 2019-жылдын акырына 17,6 пайызга, 181,8 млрд сомго чейин өскөн.

*Монетизациялоо коэффициенти*

Экономиканын финансылык ресурстар менен камсыздалгандыгы деңгээлин билдирген экономиканы монетизациялоо коэффициенти жогорулоо тенденциясына ээ болгон. Бул көрсөткүч 2019-жылы 39,0 пайызды түзгөн.

***<u>2.4.4-график.</u>***

Акча топтомдорунун жылдык өзгөрүү арымынын динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)



# 3-ГЛАВА. ФИНАНСЫ-КРЕДИТ УЮМДАРЫНЫН ӨНҮГҮШҮ ЖАНА АЛАРДЫН ИШИН ЖӨНГӨ САЛУУ

2019-жылы финансы-кредит уюмдарынын ишинин негизги көрсөткүчтөрү финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоону андан ары кеңейтүү үчүн туруктуулукту жана потенциалды сактоо менен арымдуу өнүгүүнү көрсөткөн.

Калктын банктарга карата ишениминин өсүшүн тастыктаган депозиттердин көлөмүнүн көбөйүшү, ошондой эле капиталга салымдар финансы-кредит уюмдарына отчеттук мезгил ичинде калкты кредиттөө көлөмдөрүн көбөйтүүгө өбөлгө түзгөн. Коммерциялык банктардын депозиттик базасынын жалпы көлөмү 2019-жылы улуттук валютадагы аманаттардын 25,0 пайызга көбөйүшүнүн эсебинен 151,0 млрд сомду түзүү менен 13,4 пайызга өскөн. Банктардын 2019-жыл үчүн чогуу алгандагы кредит портфели 146,4 млрд сомду түзүү менен 14,5 пайызга өскөн. Кредиттердин сапатын мүнөздөгөн кредит портфелине карата классификацияланган кредиттердин катышынын деңгээли 8,0 пайыз өлчөмүндө түптөлгөн жана региондо эң эле төмөн бойдон калууда. Финансылык ортомчулуктун жалпы деңгээли өсүп, 42,2 пайызды түзгөн (2018-жылдын акырына карата – 39,0 пайыз).

Отчеттук жылы Улуттук банк тарабынан Кыргыз Республикасынын экономикасында банк жана банк эмес секторлорун туруктуу өнүктүрүүгө, алардын ролун жогорулатууга, иш натыйжалуулугун, коопсуздугун жана ишенимдүүлүгүн колдоого, кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендерди төмөндөтүүгө, ошондой эле ислам каржылоо принциптери боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо чөйрөсүн андан ары кеңейтүүгө багытталган иш-чараларды ишке ашыруу улантылган. Банктык, төлөм жана микрофинансылык кызмат көрсөтүүлөрдүн жана баалардын региондорго жеткиликтүү болушун жакшыртуу үчүн финансы-кредит уюмдары тарабынан калкты аралыктан тейлөө шарттары жана мүмкүнчүлүктөрү түзүлгөн.

Улуттук банк жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан көрүлгөн чаралардын натыйжасында банк секторунда долларлашуу деңгээли төмөндөөсүн улантып, кредит портфели боюнча 35,1 пайызды жана депозиттик база боюнча 38,2 пайызды түзүү менен тарыхый төмөнкү чекке жеткен.

Банктарды көзөмөлдөөнүн натыйжалуулугун арттыруу максатында, Улуттук банк 2019-жылы тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөл жүргүзүү инструменттерин жана механизмдерин өркүндөтүү ишин уланткан. Негизги иш-аракет аралыктан мониторинг жүргүзүүнү күчөтүүнү жана финансы-кредит уюмдарында орун алышы ыктымал болгон тобокелдиктерди алдын алууну кошо алганда, текшерүүлөрдү жеринде барып өткөрүү аркылуу финансы уюмдарынын ишинде орун алышы ыктымал болгон тобокелдиктерди баалоого жана алдын алууга багытталган.

## 3.1. Коммерциялык банктардын өнүгүшү жана алардын ишин жөнгө салуу

### 3.1.1. Банк системасынын өнүгүшү боюнча баяндама[1]

2019-жылы банк тутумунун ишинин активдер, кредит портфели, депозиттер жана капитал сыяктуу негизги көрсөткүчтөрүнүн өсүшү уланган. Башка факторлор менен бирге кредит боюнча пайыздык чендердин төмөндөшү калктын жана уюмдардын карыз алуу каражаттарынан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн жогорулаткан, бул банктардын каржылоо көлөмүнүн өсүшүнө таасирин тийгизген. Депозиттер

[1] Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчетко (ПРБО) ылайык.

көлөмүнүн көбөйүүсү белгиленген, бул калктын банктарга карата ишениминин жогорулагандыгын күбөлөндүрөт. Отчеттук мезгил ичинде банктардын капиталдарынын өлчөмдөрүнүн көбөйүүсү банк тутумунун туруктуулугун жана ага ишенимди бекемдөөгө өбөлгө түзгөн.

Кыргыз Республикасынын аймагында 2019-жылдын акырына карата абал боюнча 24 коммерциялык банк иш алып барган, 2018-жылга салыштырганда коммерциялык банктардын саны банктардын бири микрофинансылык компанияга кайра катталгандыгына байланыштуу бир банкка кыскарган. Иштеп жаткан коммерциялык банктардын ичинен 16 банк чет өлкө капиталына ээ. Чет өлкө капиталынын үлүшүнө банк тутумунун уставдык капиталынын жалпы суммасынын 31,9 пайызы туура келген, бул 2018-жылдагы көрсөткүчтөн 15,4 пайыздык пунктка аз.

*Банк тутумунун активдери*

Отчеттук мезгил ичинде банк тутумунун суммардык активдери 12,2 пайызга көбөйүп, жылдын акырына карата 249,0 млрд сомду түзгөн. Банктардын активдеринин негизги бөлүгү кредиттерге туура келген, алардын үлүшү 2018-жылга салыштырганда 1,2 пайыздык пунктка көбөйүү менен 58,8 пайызды түзгөн.

***3.1.1.1-таблица.***

Коммерциялык банктардын активдеринин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

| Активдердин категориясы | 2018-жыл | | 2019-жыл | |
|---|---|---|---|---|
| | *млрд сом* | Үлүшү, пайыздар | *млрд сом* | Үлүшү, пайыздар |
| Кредиттер жана кардарларга финансылык ижара | 127,9 | 57,6 | 146,4 | 58,8 |
| Башка банктардагы корреспонденттик эсептер жана депозиттер | 24,5 | 11,1 | 25,3 | 10,2 |
| Баалуу кагаздар портфели | 21,7 | 9,8 | 23,1 | 9,3 |
| Акча каражаттары | 15,5 | 7,0 | 18,1 | 7,3 |
| Улуттук банктагы корреспонденттик эсеп | 13,9 | 6,3 | 13,0 | 5,2 |
| Негизги каражаттар | 12,0 | 5,4 | 14,2 | 5,7 |
| Финансы-кредит уюмдарына кредиттер | 1,1 | 0,5 | 1,9 | 0,7 |
| Репо боюнча сатып алынган баалуу кагаздар | 0,4 | 0,2 | 0,5 | 0,2 |
| Инвестициялар жана финансылык катышуу | 0,4 | 0,2 | 0,4 | 0,2 |
| Атайын РППУ* | -9,4 | -4,2 | -10,9 | -4,4 |
| Башка активдер | 14,0 | 6,3 | 17,0 | 6,8 |
| **Бардыгы болуп** | **222,0** | **100,0** | **249,0** | **100,0** |

** Атайын РППУ дегенден улам, классификацияланган кредиттер (субстандарттык, шектүү, жоготуулар) боюнча потенциалдуу жоготуулардын жана чыгымдардын ордун жабууга каралган камдар түшүнүлөт.*

Коммерциялык банктардын акча каражаттарында, кыска мөөнөттүү активдерде жана Улуттук банктагы корреспонденттик эсептерде жайгаштырылган жогору ликвиддүү каражаттарынын көлөмү 2019-жылдын акырында 56,4 млрд сомду же активдердин жалпы көлөмүнүн 22,7 пайызын түзүү менен отчеттук мезгил ичинде 4,7 пайызга көбөйгөн.

*Кредит портфели*

Банктардын чогуу алгандагы кредит портфели[1] 2019-жыл ичинде 146,4 млрд сомду түзүү менен 14,5 пайызга өскөн. Кредит портфелинин өсүшү кредиттөө көлөмүнүн улуттук валютада 19,7 пайызга, 95,0 млрд сомго чейин көбөйүшү сыяктуу эле, чет өлкө валютасында 6,1 пайызга, 51,5 млрд сом эквивалентине чейин көбөйүшүнүн эсебинен жүргөн.

Отчеттук жылдын акырына карата кыска мөөнөттүү кредиттердин чогуу алгандагы көлөмү 9,6 пайызга көбөйгөн, ал эми бир жылдан ашык мөөнөтү менен

[1] Мында жана мындан ары банктарга жана ФКУларга берилген кредиттер эске алынбайт.

кредиттердин көлөмү 15,5 пайызга өскөн, бул кредит портфелинин дюрациясынын 31,8 айдан 32,1 айга чейин өсүшүнө алып келген.

Карыз алуучулардын саны 13,5 пайызга өсүп, 461,9 миң юридикалык жакты жана жеке адамды түзгөн.

***3.1.1.1-график.***

Банктардын активдеринин жана кредит портфелинин динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




*Кредит портфелинин долларлашуусу*

Улуттук банк тарабынан көрүлгөн чаралардын натыйжасында банк секторунда долларлашуу деңгээли өз төмөндөөсүн уланткан. 2019-жылдын жыйынтыгы боюнча кредит портфелинин долларлашуу деңгээли 2018-жылга салыштырганда 2,8 пайыздык пунктка төмөндөгөн жана 35,1 пайызды түзгөн.

***3.1.1.2-график.***

Банктардын кредит портфелинин долларлашуусу (бир мезгилдин акырына карата)




*Кредит портфелинин тармактык түзүмү*

Экономиканын негизги чөйрөлөрүн кредиттөө көлөмүнүн өсүшү сакталып турган. Кредиттер көлөмүнүн олуттуу өсүшү: айыл чарба (+4,0 млрд сом), керектөө кредиттери (+3,5 млрд сом), ипотека (+3,0 млрд сом), соода жана коммерциялык операциялар (+2,3 млрд сом), курулуш (+1,7 млрд сом), өнөр жай (+0,1 млрд сом) сыяктуу тармактарда катталган.

***3.1.1.3-график.***

Экономика тармактары боюнча банктардын кредит портфели (бир мезгилдин акырына карата)




*Кредит портфелинин регионалдык түзүмү*

Кыргыз Республикасынын бардык региондорунда кредит портфелинин көлөмүнүн көбөйүүсү байкалган. Бишкек шаарында кредит портфелинин өсүшү 7,6 млрд сомду, Ош шаарында жана Ош областында – 2,8 млрд сомду, Нарын областында – 2,5 млрд сомду, Чүй областында – 1,5 млрд сомду, Талас областында – 1,4 млрд сомду, Жалал-Абад областында – 0,9 млрд сомду, Баткен областында – 0,8 млрд сомду, Ысык-Көл областында – 0,8 млрд сомду түзгөн.

***3.1.1.2-таблица.***

Банктардын кредит портфелинин регионалдык түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)*

| | 2018-жыл | | 2019-жыл | |
|---|---|---|---|---|
| | *млн сом* | Үлүшү, пайыздар | *млн сом* | Үлүшү, пайыздар |
| Бишкек шаары | 72 358,8 | 56,9 | 79 978,5 | 54,9 |
| Ош шаары жана Ош областы | 15 287,1 | 12,0 | 18 114,3 | 12,4 |
| Жалал-Абад областы | 11 807,6 | 9,3 | 12 761,6 | 8,8 |
| Чүй областы | 9 332,2 | 7,3 | 10 868,4 | 7,5 |
| Ысык-Көл областы | 7 206,1 | 5,7 | 7 970,7 | 5,5 |
| Нарын областы | 3 621,6 | 2,8 | 6 134,3 | 4,2 |
| Баткен областы | 4 174,1 | 3,3 | 4 960,2 | 3,4 |
| Талас областы | 3 444,4 | 2,7 | 4 838,4 | 3,3 |
| **Бардыгы болуп** | **127 232,1** | **100,0** | **145 626,3** | **100,0** |

** Кредит портфели дисконтту эске алуу менен берилген*

Коммерциялык банктардын кредит портфели боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чени төмөндөп, отчеттук жылдын акырына карата улуттук валютада 17,5 пайызды (-0,5 пайыздык пункт), ал эми чет өлкө валютасында – 9,7 пайызды (-0,4 пайыздык пункт) түзгөн. Кредит портфели боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен (керектөө кредиттерин эске албаганда) улуттук валютада да азайган жана жылдын акырына карата 16,0 пайызды түзгөн (-0,5 пайыздык пункт).

***3.1.1.4-график.***

Банктардын кредит портфелинин орточо салмактанып алынган пайыздык чени




*Жаңыдан берилген кредиттер*

Коммерциялык банктар тарабынан жаңыдан берилген кредиттердин жалпы көлөмү 2018-жылга салыштырганда 14,4 пайызга өскөн жана 130,1 млрд сомду түзгөн. Бул жылдык өсүш улуттук валютада берилген кредиттер көлөмүнүн 93,5 млрд сомду түзүү менен 22,1 пайызга көбөйүшүнө байланыштуу болгон. Мында, кароого алынып жаткан мезгил ичинде чет өлкө валютасында жаңыдан берилген кредиттер көлөмү 2018-жылга салыштырганда 1,4 пайызга, 36,6 млрд сом эквивалентине кыскарган.

Жаңыдан берилген кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендердин жыл ичинде төмөндөөсү белгиленген. Улуттук валютада пайыздык чендин орточо мааниси 0,5 пайыздык пунктка төмөндөө менен 19,0 пайызды түзгөн, ал эми чет өлкө валютасындагы ушул көрсөткүч 0,1 пайыздык пунктка төмөндөө менен 9,6 пайызды түзгөн.

*Классификацияланбаган активдер жана РППУ*

Классификацияланбаган активдердин көлөмү активдердин жалпы суммасынын 91,8 пайызын же 212,8 млрд сомду түзгөн, ал эми классификацияланган активдердин үлүшү 8,2 пайызды түзгөн же 18,9 млрд сом чегинде катталган. Кредит портфелинде классификацияланган кредиттердин салыштырма салмагы 2018-жылга салыштырганда 0,5 пайыздык пунктка көбөйүп, 8,0 пайызды же 11,7 млрд сомду түзгөн. Мында, аталган көрсөткүч региондо эң эле төмөнкү көрсөткүчтөрдүн бири болуп саналат.

Кредит портфелинин көлөмүнүн өсүшү шартында РППУга чегерүүлөрдүн көлөмү отчеттук мезгилде кредит портфелинин 1,2 пайызын (2018-жылы – 1,1 пайызын) түзгөн.

МАЗМУНУ

***3.1.1.3-таблица.***

Банктардын активдеринин, баланстан тышкаркы милдеттенмелеринин жана кредиттеринин классификациясы

*(пайыздар, эгер башкасы көрсөтүлбөсө)*

| Категориясы | Активдер жана баланстан тышкаркы милдеттенмелер | | Кредиттер | |
|---|---|---|---|---|
| | 2018-жыл | 2019-жыл | 2018-жыл | 2019-жыл |
| **Бардыгы болуп классификацияланбагандар** | **92,3** | **91,8** | **92,5** | **92,0** |
| *анын ичинен:* | | | | |
| Нормалдуу | 62,4 | 63,8 | 47,6 | 51,2 |
| Канааттандырарлык | 13,6 | 13,0 | 19,1 | 17,5 |
| Байкоого алынган | 16,3 | 15,0 | 25,7 | 23,3 |
| **Бардыгы болуп классификациялангандар** | **7,7** | **8,2** | **7,5** | **8,0** |
| *анын ичинен:* | | | | |
| Субстандарттык | 4,3 | 3,9 | 3,5 | 3,3 |
| Шектүү | 1,0 | 1,5 | 1,6 | 2,0 |
| Жоготуулар | 2,4 | 2,8 | 2,5 | 2,7 |
| **Бардыгы болуп** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** |

*Банк тутумунун милдеттенмелери*

2019-жылдын жыйынтыгы боюнча коммерциялык банктардын милдеттенмелеринин чогуу алгандагы көлөмү 10,9 пайызга, 206,9 млрд сомго чейин көбөйгөн. Чет өлкө валютасындагы милдеттенмелер 2018-жылга салыштырганда 4,8 пайызга төмөндөгөн жана 2019-жылдын акырына карата милдеттенмелердин жалпы көлөмүнүн 37,9 пайызын түзгөн.

***3.1.1.4-таблица.***

Банктардын милдеттенмелеринин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

| Милдеттенмелердин категориясы | 2018-жыл | | 2019-жыл | |
|---|---|---|---|---|
| | *млрд сом* | Үлүшү, пайыздар | *млрд сом* | Үлүшү, пайыздар |
| Мөөнөттүү депозиттер | 45,6 | 24,4 | 56,4 | 27,3 |
| Эсептешүү эсептери | 40,7 | 21,8 | 39,3 | 19,0 |
| Талап боюнча төлөнүүчү депозиттер | 32,2 | 17,3 | 37,7 | 18,2 |
| Алынган кредиттер | 22,8 | 12,2 | 25,5 | 12,3 |
| Өкмөттүн депозиттери | 4,8 | 2,6 | 6,9 | 3,4 |
| Резидент эместердин депозиттери | 9,7 | 5,2 | 10,6 | 5,1 |
| Улуттук банк алдындагы милдеттенмелер | 7,8 | 4,2 | 5,0 | 2,4 |
| Өкмөттүн кредиттери | 3,9 | 2,1 | 4,7 | 2,3 |
| Банктардын эсептешүү эсептери жана депозиттери | 1,9 | 1,0 | 3,4 | 1,6 |
| Репо келишими боюнча сатылган баалуу кагаздар | 0,4 | 0,2 | 0,5 | 0,2 |
| Башка милдеттенмелер | 16,7 | 9,0 | 16,9 | 8,2 |
| **Бардыгы болуп** | **186,6** | **100,0** | **206,9** | **100,0** |

Милдеттенмелердин жалпы көлөмүндөгү депозиттик базанын үлүшү 73,0 пайызга чейин көбөйгөн, бул 2018-жылдын ушул эле көрсөткүчүнөн 1,6 пайыздык пунктка көп.

**3.1.1.5-график.**
Милдеттенмелердин жана депозиттик базанын динамикасы




Депозиттик база

2019-жылдын акырына карата коммерциялык банктардын кардарларынын депозиттик базасынын жалпы көлөмү жыл башынан бери 13,4 пайызга көбөйүү менен 151,0 млрд сомду түзгөн. Улуттук валютадагы депозиттер 25,0 пайызга, 93,3 млрд сомго чейин өскөн, ал эми чет өлкө валютасындагы депозиттердин көлөмү 1,4 пайызга, 57,7 млрд сом эквивалентине азайган.

**3.1.1.6-график.**
Банктардын депозиттик базасынын көлөмү (бир мезгилдин акырына карата)




Аманатчылардын саны өсүү менен жылдын акырына карата 3,0 млн юридикалык жакты жана жеке адамды түзгөн, бул 2018-жылдагы ушундай эле көрсөткүчтөн 16,5 пайызга көп.

Депозиттик базанын долларлашуусу

Улуттук банк тарабынан экономиканы доллардан арылтуу боюнча көрүлгөн чаралардан улам, депозиттик базанын долларлашуу деңгээли 2018-жылга салыштырганда 5,7 пайыздык пунктка кыскарып, 38,2 пайызды түзгөн.

***3.1.1.7-график.***

Банктардын депозиттик базасынын долларлашуусу (бир мезгилдин акырына карата)




*Депозиттик базанын жалпы түзүмү*

Депозиттердин түзүмүндө үлүшү 12,8 пайыз өлчөмүндө түптөлгөн узак мөөнөттүү аманаттар (бир жылдан жогору) сыяктуу эле, кыска мөөнөттүү аманаттар да (депозиттердин суммардык көлөмүндө 28,8 пайыз) көбөйгөн. Мунун натыйжасында депозиттик базанын дюрациясы 2018-жылдагы 5,0 айдан 2019-жылы 5,4 айга чейин бир аз өзгөргөн, ал эми мөөнөттүү депозиттер боюнча ушул эле көрсөткүч 0,1 пайыздык пунктка, 13,1 айга чейин төмөндөгөн.

*Депозиттер боюнча пайыздык чендер*

2019-жылдын акырына карата улуттук валютадагы депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен жыл ичинде 0,2 пайыздык пунктка төмөндөө менен 6,0 пайызды түзгөн. Чет өлкө валютасындагы ушул эле көрсөткүч 1,4 пайызга (-0,2 пайыздык пунктка) чейин төмөндөгөн.

*Жаңыдан кабыл алынган депозиттер*

Банктар тарабынан жаңыдан кабыл алынган депозиттердин көлөмү[1] 2018-жылга салыштырганда 10,8 пайызга көбөйүү менен 2019-жылы 666,0 млрд сомду түзгөн. Улуттук валютадагы депозиттер 18,1 пайызга, 387,6 млрд сомго чейин, чет өлкө валютасындагы депозиттер – 2,0 пайызга, 278,5 млрд сомго чейин өскөн. Депозиттердин негизги агылып кирүүсү мөөнөттүү депозиттердин эсебине каражаттардын түшүүсү менен камсыз болгон.

2019-жыл ичинде жаңыдан кабыл алынган улуттук валютадагы депозиттер боюнча пайыздык чендин орточо мааниси 2018-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырмалуу 0,9 пайыздык пунктка төмөндөө менен 1,5 пайызды түзгөн, ал эми чет өлкө валютасындагы ушул эле көрсөткүч 0,1 пайыздык пунктка, 0,3 пайызга чейин төмөндөгөн.

Муну менен катар эле жаңыдан кабыл алынган улуттук валютадагы мөөнөттүү депозиттер боюнча пайыздык чендин орточо мааниси 2018-жылга салыштырганда 0,7 пайыздык пунктка, 9,4 пайызга чейин төмөндөгөн, ал эми чет өлкө валютасында – 0,1 пайыздык пунктка, 3,3 пайызга чейин төмөндөгөн.

[1] Жаңыдан кабыл алынган депозиттердин көлөмүндө эсептешүү эсебине түшкөн каражаттар эске алынган эмес.

***3.1.1.8-график***

Банктардын мөөнөттүү депозиттери боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендер




*Коммерциялык банктардын капиталы*

Коммерциялык банктардын таза суммардык капиталынын өлчөмү[1] 2019-жылы 19,5 пайызга өскөн жана 43,6 млрд сомду түзгөн. Төлөнгөн уставдык капиталдын мааниси[2] 21,9 пайызга, 28,6 млрд сомго чейин көбөйгөн.

Банк секторунун капиталынын шайкештигинин көрсөткүчү анын туруктуулугун күбөлөндүрөт. Мында 2019-жыл жыйынтыгы боюнча калыптанган банк секторунун капиталынын шайкештигинин (К 2.1.) айкын деңгээли белгиленген ченемден дээрлик 2 эсеге (12 пайыздан кем эмес) ашкан, бул финансылык ортомчулук деңгээлин мындан ары жогорулатуу үчүн потенциалдын бар экендигин көрсөтөт.

***3.1.1.9-график.***

Капитал базасында банктардын көрсөткүчтөрүнүн динамикасы




[1] Банктын уставдык капиталын, отчеттук жана өткөн жылдардагы иштин финансылык натыйжасын, туунду уюмдарга жана башка финансы-кредит уюмдарынын капиталына инвестицияларды кошпогондо, түзүлгөн камдарды камтыган эсептешүү көрсөткүчү. Бул көрсөткүч Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан белгиленген экономикалык ченемдердин маанилерин эсептөөдө колдонулат.

[2] Бул категорияга жөнөкөй жана артыкчылык берилген акциялар кирет.

2019-жыл жыйынтыгы боюнча банк тутумунун таза пайдасы 2018-жылга салыштырганда 3,6 пайызга төмөндөгөн жана 2,9 млрд сомду түзгөн.

***3.1.1.5-таблица.***

Банктардын кирешелеринин жана чыгашаларынын көлөмү
*(млрд сом)*

| Категориясы | 2018-жыл | 2019-жыл |
|---|---|---|
| Бардыгы болуп пайыздык кирешелер | 21,3 | 23,6 |
| Бардыгы болуп пайыздык чыгашалар | 7,5 | 8,1 |
| ***Таза пайыздык киреше*** | ***13,7*** | ***15,5*** |
| РППУга чегерүүлөр (кредиттер боюнча) | 1,4 | 1,8 |
| ***РППУга чегерүүлөрдөн кийинки таза пайыздык киреше*** | ***12,3*** | ***13,7*** |
| Бардыгы болуп пайыздык эмес кирешелер | 11,0 | 10,5 |
| Бардыгы болуп пайыздык эмес чыгашалар | 6,1 | 5,5 |
| Бардыгы болуп башка операциялык жана административдик чыгашалар | 13,5 | 14,8 |
| ***Таза операциялык киреше (чыгым)*** | ***3,8*** | ***3,9*** |
| РППУга чегерүүлөр (башка активдер боюнча) | 0,4 | 0,5 |
| Салык алынганга чейинки таза киреше (чыгым) | 3,4 | 3,4 |
| Пайдага салык | 0,5 | 0,5 |
| **Таза пайда (чыгым)** | **3,0** | **2,9** |

Активдердин кирешелүүлүк көрсөткүчү (ROA) 2019-жыл ичинде 1,4 пайыздан 1,2 пайызга чейин азайган, капиталдын кирешелүүлүк көрсөткүчү (ROE) 9,5 пайыздан 7,7 пайызга чейин азайган.

***3.1.1.10-график.***

Банктардын рентабелдүүлүк көрсөткүчтөрү




### 3.1.2. Коммерциялык банктардын ишин лицензиялоо

Коммерциялык банктардын ишин лицензиялоо Улуттук банк тарабынан өз ыйгарым укуктарынын чегинде, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларына ылайык жүзөгө ашырылган банктык көзөмөлдүн бир бөлүгү болуп саналат.

*Лицензия берүү*

2019-жыл ичинде эки банкка Улуттук банк тарабынан эмитирленген (чыгарылган) аффинаждалган өлчөнгөн куймалар менен операцияларды жүргүзүү укугуна уруксат берилген, алардын бири башка эмитенттердин жеке белгилери көрсөтүлбөгөн (нак эмес формада) баалуу металлдары менен операцияларды жүргүзүү укугуна да уруксат алган. Бир банкка электрондук акча чыгаруу укугуна уруксат берилген.

Мындан тышкары, бир банкка ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык, "ислам терезеси" аркылуу улуттук жана/же чет өлкө валютасында банктык операцияларды жүргүзүү укугуна лицензиянын алкагында "кард Хасан", "вади'а йад даман" бүтүмдөрүн жүргүзүүгө кошумча укук берилген.

Бир банктын анын укуктарынын (активдеринин) жана милдеттеринин (милдеттенмелеринин) экинчи банкка өтүшү менен биригүү аркылуу кайра өзгөртүлүп түзүлүүгө эки банкка макулдук берилген.

Банктар үчүн белгиленген өздүк (жөнгө салуучу) капиталдын минималдуу өлчөмү боюнча талаптар аткарылбагандыгына байланыштуу бир банк улуттук жана/же чет өлкө валюталарында банк операцияларын жүргүзүү укугуна лицензиясын тапшырган жана айрым банк операцияларын жүргүзүү укугуна микрофинансылык компаниянын лицензиясын алынган.

***3.1.2.1-таблица.***

Филиалдардын, сактык жана көчмө кассаларынын саны

*Филиалдар, сактык жана көчмө кассалар*

| | Филиалдардын саны | | Сактык кассаларынын саны | | Көчмө кассалардын саны | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2018-жыл | 2019-жыл | 2018-жыл | 2019-жыл | 2018-жыл | 2019-жыл |
| Бишкек шаары | 70 | 72 | 268 | 269 | 39 | 39 |
| Баткен областы | 25 | 24 | 70 | 69 | 10 | 9 |
| Жалал-Абад областы | 49 | 47 | 170 | 159 | 22 | 38 |
| Ысык-Көл областы | 40 | 41 | 55 | 54 | 17 | 15 |
| Нарын областы | 20 | 19 | 23 | 25 | 3 | 4 |
| Ош областы | 59 | 62 | 200 | 181 | 24 | 40 |
| Талас областы | 17 | 17 | 21 | 23 | 7 | 7 |
| Чүй областы | 41 | 41 | 78 | 70 | 32 | 33 |
| **Бардыгы болуп** | **321** | **323** | **885** | **850** | **154** | **185** |

2018-жылдан тартып анын ичинде республиканын региондорунда көчмө кассаларынын санынын көбөйүү тенденциясы уланган, бул жалпысынан калктын банктык кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануу мүмкүнчүлүгүнүн артышына өбөлгө түзөт. 2019-жыл ичинде ар башка коммерциялык банктардын 38 көчмө кассалары ачылган.

### 3.1.3. Коммерциялык банктардын ишин көзөмөлдөө

2019-жылы Улуттук банк банктардын ишин тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөлдү жүргүзүү принциптерин сактоо менен финансылык абалды, тескөө сапатын, мыйзамдарда белгиленген экономикалык ченемдердин жана башка талаптардын аткарылышын эске алуу менен аралыктан талдап-иликтөөнү жана жеринде барып текшерүүлөрдү жүргүзүү аркылуу көзөмөлдөгөн. Банк секторунун системалуу тобокелдиктери орточо катары бааланат.

*Капитал көрсөткүчтөрү*

2019-жыл жыйынтыгы боюнча суммардык капиталдын шайкештигинин көрсөткүчү "12 пайыздан кем эмес" ченемде белгиленген шартта, 24,1 пайыз өлчөмүндө түптөлгөн. Бул көрсөткүчтүн белгиленген деңгээлден жогорулашы банк секторунун туруктуу иштешин, ошондой эле финансы кызмат көрсөтүүлөрдү кеңейтүү үчүн банк тутумунун потенциалы бар экендигин күбөлөндүрөт.

***3.1.3.1-таблица.***

Коммерциялык банктардын капиталынын көрсөткүчтөрү (бир мезгилдин акырына карата)

| | 2018-жыл | 2019-жыл |
|---|---|---|
| Таза суммардык капитал, млрд сом | 36,5 | 43,6 |
| Таза тобокелдүү активдер, млрд сом | 153,8 | 181,1 |
| Суммардык капиталдын шайкештик коэффициенти, пайыздар | 23,7 | 24,1 |
| Суммардык капиталдын шайкештик ченеми (кеминде), пайыздар | 12,0 | 12,0 |
| Капиталдын шайкештиги коэффициенти 30 пайыздан жогору болгон банктардын саны | 8 | 7 |
| Капиталдын шайкештиги коэффициенти 20 пайыздан 30 пайызга чейин болгон банктардын саны | 10 | 12 |
| Капиталдын шайкештиги коэффициенти 20 пайыздан төмөн болгон банктардын саны | 7 | 5 |

*Кредиттик тобокелдик*

Кредиттик тобокелдик банк ишин коштоп жүргөн негизги тобокелдиктердин бири болуп саналат жана ага активдерди, баланстан тышкаркы милдеттенмелерди[1] классификациялоонун негизинде баа берилет. Кайтарылбай калуу тобокелдигине ээ классификацияланган кредиттер боюнча атайын камдардын кредит портфелине карата катышы жыл башынан 0,4 пайыздык пунктка көбөйүү менен 4,5 пайызды түзгөн.

*Валюта тобокелдиги*

Валюта тобокелдигине чет өлкө валютасындагы активдердин жана милдеттенмелердин катышынын, ошондой эле алардын коммерциялык банктардын суммардык активдериндеги же милдеттенмелериндеги үлүшүнүн негизинде баа берилет. 2019-жылы жыйынтыгы боюнча банк тутумунун валюталык активдери 88,2 млрд сомду же суммардык активдердин 35,4 пайызын түзгөн. Коммерциялык банктардын чет өлкө валютасындагы милдеттенмелери 78,5 млрд сомду же бардык милдеттенмелердин 38,7 пайызын түзгөн.

Банк тутумунун активдеринде жана милдеттенмелеринде чет өлкө валютасынын үлүшүнүн туруктуу төмөндөшү улуттук валютанын бекемделишин жана банк тутумунда доллардан арылтуу процессинин андан ары уланышын көрсөтүп турат.

***3.1.3.2-таблица.***

Коммерциялык банктардын чет өлкө валютасындагы активдери жана милдеттенмелери (бир мезгилдин акырына карата)

| | 2018-жыл | 2019-жыл |
|---|---|---|
| Чет өлкө валютасындагы активдер, млрд сом | 87,3 | 88,2 |
| Бардык активдердин түзүмүндөгү чет өлкө валютасындагы активдердин үлүшү, пайыздар | 39,5 | 35,4 |
| Чет өлкө валютасындагы милдеттенмелер, млрд сом | 78,8 | 78,5 |
| Бардык милдеттенмелердин түзүмүндөгү чет өлкө валютасындагы милдеттенмелердин үлүшү, пайыздар | 43,3 | 38,7 |

*Ликвиддүүлүк тобокелдиги*

Ликвиддүүлүк тобокелдиги ар бир мөөнөт аралыгында милдеттенмелердин ордунун активдер менен жабылышы боюнча каралат, бул мөөнөттөр жана милдеттенмелер боюнча ажырым пайда болгон шартта, каражаттарга болгон муктаждыкты баалоого мүмкүндүк берет. 2019-жыл ичинде активдерди жана милдеттенмелерди төлөө мөөнөттөрү боюнча терс ажырым өзгөрүүлөргө дуушар

[1] Маалыматтар “Банк системасынын өнүгүшү боюнча баяндама“ деп аталган 3.1.1-бөлүктө, “Банктардын активдеринин, баланстан тышкаркы милдеттенмелеринин жана кредиттеринин классификациясы” деген 3.1.1.3-таблицада келтирилген.

болгон эмес жана белгиленген мезгилдерде милдеттенмелердин активдерден басымдуулук кылуу тобокелдиги узак мөөнөттүү мезгилдерде алгылыктуу ажырымдардын эсебинен компенсацияланышы мүмкүн.

***3.1.3.3-таблица.***[1]

Мөөнөттөр боюнча активдер жана милдеттенмелер (бир мезгилдин акырына карата) *(млрд сом)*

| 2018-жыл* | Мөөнөтү күндөрдө | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 0-30 | 31-90 | 91-180 | 181-365 | 365 күндөн ашык | Бардыгы |
| Активдер | 71,8 | 11,2 | 16,9 | 19,2 | 110,4 | 229,6 |
| Милдеттенмелер | 93,2 | 8,8 | 18,1 | 21,1 | 40,7 | 182,0 |
| Активдердин милдеттенмелерден ашкан суммасы | -21,4 | 2,4 | -1,1 | -1,9 | 69,6 | 47,6 |
| активдердин жалпы көлөмүнө карата айыздарда | 29,8 | 21,7 | 6,7 | 10,0 | 63,1 | 20,7 |

** - 2018-жылдын 31-декабрына карата маалыматтарды кошо алганда*

| 2019-жыл* | Мөөнөтү күндөрдө | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 0-30 | 31-90 | 91-180 | 181-365 | 365 күндөн ашык | Бардыгы |
| Активдер | 84,9 | 10,9 | 13,3 | 24,2 | 126,0 | 259,3 |
| Милдеттенмелер | 103,2 | 10,6 | 17,2 | 26,8 | 44,9 | 202,8 |
| Активдердин милдеттенмелерден ашкан суммасы | -18,4 | 0,2 | -3,9 | -2,5 | 81,1 | 56,5 |
| активдердин жалпы көлөмүнө карата пайыздарда | 21,6 | 2,0 | 29,2 | 10,5 | 64,3 | 21,8 |

** - 2019-жылдын 31-декабрына карата маалыматтарды кошо алганда*

2019-жыл жыйынтыгы боюнча банк тутумунун ликвиддүүлүк ченеминин коэффициенти коммерциялык банктар үчүн “45,0 пайыздан кем эмес” деңгээлде белгиленген шартта, 67,0 пайыздан (2018-жыл жыйынтыгы боюнча) 64,0 пайызга чейин азайышы белгиленген. Тобокелдиктерди алдын алуу максатында айрым банктар үчүн дароо ликвиддүүлүк (К3.3) боюнча кошумча ченем киргизилген.

*ПФТД/ЛПД*

2019-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Финансылык чалгындоо мамлекеттик кызматы менен түзүлгөн эки тараптуу келишимдин алкагында, коммерциялык банктар тарабынан террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү (мындан ары – ПФТД/ЛПД) боюнча мыйзам талаптарынын аткарылышы жөнүндө маалымат алмашуу дайыма жүрүп турган.

Отчеттук жыл ичинде Улуттук банк тарабынан Кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга жана терроризмди каржылоого каршы аракеттенүү боюнча Евразия тобунун жана ПФТД/ЛПД боюнча Кыргыз Республикасынын улуттук системасынын өз ара баа берүүсүнүн жыйынтыгы боюнча иштелип чыккан, ПФТД/ЛПД боюнча Кыргыз Республикасынын улуттук системасын жакшыртууга багытталган сунуш-көрсөтмөлөрдү ишке ашыруу боюнча иштер улантылган.

2019-жылдын ноябрь айында Улуттук банктын өкүлдөрү өз ара баа берүү жана укук маселелери боюнча Ашхабад шаарында (Түркмөнстан) болуп өткөн Евразия тобунун (жумушчу топ) 31-пленардык отурумуна катышкан, мында Кыргыз Республикасы тарабынан ПФТД/ЛПД боюнча улуттук системадагы прогресс жөнүндө 2-отчет сунушталып, ФАТФтын айрым сунуш-көрсөтмөлөрү боюнча рейтингдерди кайра карап чыгуу суроо-талабы коюлган. Отурумдун жыйынтыгы

[1] Маалыматтар ПРБОнун 12-бөлүгүнүн негизинде берилген.

боюнча жана Евразия тобунун жол-жоболоруна ылайык, Кыргыз Республикасынын прогресс жөнүндө отчету рейтингдерди жогорулатууга жетишилген консенсус менен кайра каралган жана бекитилген.

*Инспектордук текшерүүлөр*

2019-жылы Улуттук банк тобокелдикке багытталган көзөмөлдү жүргүзүү ыкмаларын колдонуу менен коммерциялык банктарга инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзгөн. Текшерүүдө тобокелдиктерди тескөө системасына, банктагы корпоративдик башкарууга жана ички контролдоо системасына баа берүү камтылган жана банктардын капиталынын жеткиликтүүлүгү, активдердин жана шарттуу милдеттенмелердин сапаты, ликвиддүүлүгү, кирешелүүлүгү, операциялык жана рыноктук тобокелдиктерге дуушар болуу ыктымалдыгы, банктар тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын, анын ичинде ПФТД/ЛПД боюнча талаптардын сакталышы эске алынган. Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын талаптарынын сакталышына коммерциялык банктардын маалымат коопсуздугу тобокелдиктерине баа берүү жүргүзүлгөн.

ЕАЭБ интеграциялык процесстеринин алкагында, катышуучу өлкөлөрдүн борбордук банктарынын ортосунда Финансы рыногунун маалымат коопсуздугун камсыз кылуу жана финансы-кредит чөйрөсүндө компьютердик чабуулдарга каршы аракеттенүү маселелери боюнча жумушчу топту түзүү жөнүндө макулдашууга кол коюлган.

Киберкоркунучтарга талдоо жүргүзүүнүн жана аларга каршы чара көрүү боюнча башка борборлордон алынган маалыматтардын негизинде, жаралган коркунучтар жана дуушар болгон чабал жактар тууралуу коммерциялык банктарга туруктуу негизде маалымат берилип турат.

### 3.1.4. Таасир этүү чаралары

Коммерциялык банктардын ишине көзөмөл жүргүзүүнүн алкагында, 2019-жылы банктардын ишинде аныкталган бузуулардын/кемчиликтердин жыйынтыгы боюнча тиешелүү таасир этүү чаралары колдонулган. Көрүлгөн чаралар, эң башкысы банктардын ички контролдоо системасын күчөтүүгө, банктардын кабыл алган тобокелдиктерин төмөндөтүүгө, тобокелдиктерди тескөө сапатын жогорулатууга, ички контролдоону күчөтүүгө, банктардын ишин Кыргыз Республикасынын банк мыйзамдарына шайкеш келтирүүгө, ошондой эле банктардын ишенимдүүлүгүн, алардын финансылык туруктуулугун камсыз кылууга жана натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган.

Айрым банктарга жана алардын кызмат адамдарына карата Кыргыз Республикасынын банк мыйзамдарынын операциялык тобокелдиктер, ПФТД/ЛПД тобокелдиктери, валюталык тобокелдиктер бөлүгү, ошондой эле финансылык отчетту берүү мөөнөттөрү боюнча талаптарды бузгандыгы үчүн айыптык төлөм колдонулган.

2019-жылы Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитети тарабынан 48 отурум өткөрүлгөн, анда коммерциялык банктардын иши боюнча 118 маселе каралган. Көзөмөл боюнча комитет тарабынан көзөмөлдөө чаралары, айрым коммерциялык банктардын ишин чектөө чаралары колдонулган, коммерциялык банктардын кызмат адамдары макулдашылган.

Мындан тышкары, уставдык жана өздүк (жөнгө салуучу) капиталдын минималдуу өлчөмү боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын талаптарын сактабагандыгына байланыштуу айрым коммерциялык банктарга карата Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө” мыйзамына ылайык таасир этүү чаралары колдонулган.

### 3.1.5. Коммерциялык банктардын ишин көзөмөлдөө жана жөнгө салуу методологиясы

2019-жыл ичинде банктардын, анын ичинде ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды ишке ашырган банктардын ишин жөнгө салган ченемдик укуктук базаны өркүндөтүү иши банктык тобокелдиктерди төмөндөтүүгө, банктык кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануу мүмкүнчүлүгүн арттырууга, ошондой эле финансы-кредит уюмдары тарабынан калкты аралыктан тейлөө мүмкүнчүлүктөрүн түзүүгө багытталган.

Жалпы ЕАЭБ финансы рыногун түзүүнүн алкагында банк тутумунун коопсуздугун жана ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу, банктардын капиталдык базасын колдоо жана банк секторунун атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу максатында, ченемдик укуктук актыларды республиканын мыйзамдарына жана эл аралык стандарттарга шайкеш келтирүү боюнча иштер жүргүзүлгөн.

*Банк ишин лицензиялоо*

Өлкөнүн алыскы райондорунун калкынын банктык кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу, Улуттук банкка берилүүчү жеке маалыматтарды иштеп чыгууга байланышкан маселелерди жөнгө салуу максатында, ошондой эле ченемдик укуктук актыларды Кыргыз Республикасынын "Салыктык эмес кирешелер жөнүндө" кодексине шайкеш келтирүү зарылчылыгына байланыштуу "Банк ишин лицензиялоо жөнүндө" жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилген.

*Тобокелдиктерди тескөө*

Банктардын туруктуулугун жана ликвиддүүлүгүн колдоо, банктардын ликвиддүүлүк тобокелдигин натыйжалуу тескөө максатында, "Коммерциялык банктардын ликвиддүүлүгүнүн ордун жабуу коэффициентин эсептөө жөнүндө", "Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын ликвиддүүлүк тобокелдигин тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө" жоболор кабыл алынган, мында банк көзөмөлү боюнча Базель комитетинин (Базель III) эл аралык стандарттарына ылайык, жогорку ликвиддүү активдердин жетиштүү запасын камсыз кылуу жана ликвиддүүлүк тобокелдигин тескөө боюнча талаптар каралган.

Банк көзөмөлү боюнча Базель комитетинин рыноктук тобокелдикти (пайыздык чен тобокелдиги) тескөөгө тиешелүү сунуш-көрсөтмөлөрүн эске алуу менен "Коммерциялык банктын ишине тиешелүү маалыматтарды чечмелөөгө карата талаптар жөнүндө" жобо бекитилген, ага ылайык Улуттук банк Башкармасы тарабынан аныкталуучу банктар банктын капитал жетиштүүлүгүнө, корпоративдик башкарууга жана тобокелдиктерди тескөөгө тиешелүү сапаттык жана сандык маалыматты камтыган отчетторду өзүнүн расмий сайтында жарыялоого тийиш.

Бир катар ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөрдү киргизүү коммерциялык банктар тарабынан банк портфелинин пайыздык чен тобокелдигине дуушарлануу деңгээлин аныктоо тартибин белгилөөгө, гэп-талдоо жүргүзүү методикасын кайра карап чыгууга мүмкүнчүлүк түзгөн.

Өлкө калкынын финансылык кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануу мүмкүнчүлүгүн арттыруу максатында ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилген, ага ылайык кредиттер боюнча камсыздоонун түрлөрүн классификациялоо ишке киргизилген жана банктар тарабынан кредит боюнча толук камсыздоо катары кепилдикти кабыл алуу мүмкүнчүлүгү каралган.

Мындан тышкары, банктарга кредиттөө ишинде кредит берүү процессин өркүндөтүүгө мүмкүнчүлүк түзгөн кредиттик рейтинг системасын колдонуу мүмкүнчүлүгү берилген.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн "Жеткиликтүү турак жай – 2015-2020" программасын ишке ашырууга жана ипотекалык баалуу кагаздар рыногунун өнүгүшүнө көмөк көрсөтүүнүн жүрүшүндө ликвиддүүлүк ченемин эсептөөдө ипотекалык баалуу кагаздарды коммерциялык банктардын ликвиддүү активдеринин

курамына киргизүү боюнча шарттарды аныктаган бир катар ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөр киргизилген.

*Экономикалык ченемдер жана талаптар*

Банк көзөмөлү боюнча Базель комитетинин эл аралык стандарттарын, атап айтканда Базель II жана III стандарттарын андан ары ишке киргизүү, ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин мыйзамдарын шайкеш келтирүү боюнча иштердин алкагында, банктардын капитал түзүмү, капиталдын шайкештигинин стандарттарын, левераж коэффициентин жана чет өлкө валютасындагы ликвиддүүлүк көрсөткүчтөрүн эсептөө маселелери боюнча айрым ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөр жана толуктоолор кабыл алынган.

Операциялык тобокелдиктердин ордун толтуруу үчүн зарыл болгон капиталды эске алуу менен суммардык капитал шайкештигинин коэффициентин эсептөө боюнча талаптарды белгилөө максатында бир катар ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөр бекитилген.

*ПФТД/ЛПД*

Террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү боюнча жаңы мыйзамдын кабыл алынышына байланыштуу Улуттук банк тарабынан ПФТД/ЛПД максатында банктарда ички контролдоо программасын жүзөгө ашыруу, контролдоого жана финансылык чалгындоо органына билдирүүгө тийиш болгон операциялар менен иштөө жана башка маселелер боюнча кардарды талаптагыдай текшерүүдө тобокелдикти аныктоого багытталган ыкманы банктар тарабынан колдонулушу боюнча талаптарды белгилеген ченемдик укуктук актылар кабыл алынган.

Банктык топтордун ишин жөнгө салуунун жана көзөмөлдөөнүн эл аралык тажрыйбасын эске алуу менен консолидацияланган негизде көзөмөл жүргүзүүнү өркүндөтүү, тобокелдиктерди жана банктык топ өзүнүн катышуучуларына тийгизген таасирлерин аныктоо максатында, “Консолидацияланган көзөмөл жөнүндө” жана “Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик консолидацияланган отчет жөнүндө” жоболордун жаңы редакциялары бекитилген.

*Банктык кызмат көрсөтүүлөрдү санариптештирүү*

Региондорду өнүктүрүү жана экономиканы санариптештирүү боюнча демилгелердин алкагында Кыргыз Республикасынын банктык кызмат көрсөтүүлөрүн санариптик трансформациялоонун 2020-2021-жылдарга каралган негизги багыттары кабыл алынган.

Айрым операциялар боюнча тобокелдиктерди чектөө жана аралыктан тейлөө кызмат көрсөтүүлөрүн сунуштаган банктардын жана башка көзөмөлгө алынган уюмдардын өз ара иш алып баруу процессин тактоо үчүн электрондук кол тамганы колдонуу боюнча айрым ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөр киргизилген. Кабыл алынган өзгөртүүлөр финансы-кредит уюмдары тарабынан калкты аралыктан тейлөө мүмкүнчүлүктөрүн арттырууга багытталган жана идентификацияланган колдонуучуларга банктык жана төлөм кызмат көрсөтүүлөрүн алар тейленип жаткан финансылык уюмга кошумча баруусуз алууга өбөлгө түзөт.

Жеке ишкерлерге электрондук патентти колдонуу менен эсептерди ачуу/кредит алуу мүмкүнчүлүгү берилген.

*Ислам каржылоо принциптери*

Отчеттук жыл ичинде ислам каржылоо принциптерине ылайык операцияларды ишке ашырган банктардын ишин жөнгө салган ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүү боюнча иш-чаралар улантылган.

Улуттук банк ислам каржылоо принциптерине ылайык операцияларды ишке ашырган банктардын тобокелдиктерин төмөндөтүү жана мамлекеттик программаларга катышууну демилгелөө максатында, капитал шайкештиги жана мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчет боюнча айрым ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөрдү кабыл алган.

Ислам каржылоо принциптери боюнча банктык операциялардын тизмегин кеңейтүү үчүн айыл чарбаны өнүктүрүүгө ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык каржылоо берүү боюнча сунуш-көрсөтмөлөр бекитилген.

Өзгөртүүлөр ошондой эле “Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык ишке ашырылган операциялар жөнүндө” жобого да киргизилген.

Банктык эсептердин жана банктык аманат (депозит) боюнча эсептердин иштөө режимине карата минималдуу талаптарды белгилөөгө багытталган, ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык ачылган Банктык эсептер, банктык аманаттар (депозиттер) боюнча эсептер менен иштөө боюнча нускоо бекитилген.

Ислам каржылоо принциптерине ылайык операцияларды ишке ашырган банктардын башка кыймылсыз мүлк менен иш алып баруу өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу жана банктык кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо максатында, “Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын жана микрофинансылык компанияларынын кыймылсыз мүлк менен айрым бүтүмдөрү/операциялары жөнүндө” жобого өзгөртүүлөр кабыл алынган.

Кыргыз Республикасынын калкы жана банктары үчүн каражат топтоонун жана инвестиция салуунун альтернативдүү инструменти катары баалуу металлдар рыногун өнүктүрүү үчүн “Коммерциялык банктардын ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык баалуу металлдар менен жүзөгө ашырылуучу операциялары жөнүндө” жобо бекитилген.

*Таасир этүү чараларын колдонуу*

Мыйзамга шайкеш келтирүү максатында убактылуу администраторго жана жоюучуга сый акы өлчөмүн, ошондой эле убактылуу администратор тарабынан маалыматты берүү жана карап чыгуу мөөнөттөрүн аныктоо маселелерине тиешелүү банктарга убактылуу администрация жана жоюу режимин жүзөгө ашыруу маселелери боюнча ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөр кабыл алынган.

Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексине шайкеш келтирүүнүн алкагында, Бузуулар боюнча иштерди кароо жөнүндө нускоого өзгөртүүлөр киргизилген, ага ылайык айыпты өз убагында төлөбөгөндүгү үчүн туум өлчөмү көбөйтүлгөн, ошондой эле Улуттук банктын ПФТД/ЛПД жана банкрот маселелери боюнча бузуулар жөнүндө иштерди кароо жагында Улуттук банктын ыйгарым укуктары кеңейтилген.



## 3.2. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын өнүгүшү жана алардын ишин жөнгө салуу

### 3.2.1. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын өнүгүшү боюнча баяндама[1]

2019-жыл жыйынтыгы боюнча банк эмес финансы-кредит уюмдары (БФКУ) секторунун негизги көрсөткүчтөрүнүн, атап айтканда активдеринин, кредит портфелинин жана ресурстук базасынын өсүшү тенденциясы байкалган.

2019-жылдын акырына карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында адистештирилген финансы-кредит уюмун (АФКУ), кредиттик бюролорду, микрофинансылык уюмдарды (МФУ), кредиттик союздарды (КС), алмашуу бюролорун жана кепилдик фондду кошо алганда, 637 БФКУ иш алып барган.

*БФКУнун активдери*

Регулятивдик отчетко ылайык, БФКУнун[2] 2019-жыл үчүн чогуу алгандагы активдери 31,2 пайызга көбөйгөн жана отчеттук жылдын акырына карата абал боюнча 26,4 млрд сомду түзгөн.

[1] Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетуна (ПРО) ылайык.

[2] АФКУнун кредит портфелин жана кредиттик бюронун, кепилдик фонддун, ошондой эле алмашуу бюролорунун активдерин эске албаганда.

***3.2.1.1-таблица.***

БФКУнун активдеринин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

| Активдердин категориясы | 2018-жыл | | 2019-жыл | |
|---|---|---|---|---|
| | *млн сом* | *Үлүшү, пайыздар* | *млн сом* | *Үлүшү, пайыздар* |
| Кредиттер жана кардарларга финансылык ижара | 16 252,9 | 80,8 | 21 205,3 | 80,3 |
| Башка банктардагы корреспонденттик эсептер жана депозиттер | 1 461,8 | 7,3 | 2 138,8 | 8,1 |
| Башка активдер | 863,5 | 4,3 | 1 260,6 | 4,8 |
| Финансы-кредит уюмдарына кредиттер | 712,7 | 3,5 | 896,3 | 3,4 |
| Инвестициялар жана финансылык катышуу | 694,3 | 3,5 | 463,0 | 1,8 |
| Негизги каражаттар | 361,6 | 1,8 | 745,3 | 2,8 |
| Акча каражаттары | 198,4 | 1,0 | 210,5 | 0,8 |
| Баалуу кагаздар портфели | 111,1 | 0,6 | 50,0 | 0,2 |
| Атайын РППУ* | -535,5 | -2,7 | -568,8 | -2,2 |
| **Бардыгы болуп** | **20 120,90** | **100,0** | **26 400,85** | **100,0** |

** Атайын РППУ дегенден улам, классификацияланган кредиттер (субстандарттуу, шектүү, жоготуулар) боюнча потенциалдуу жоготуулардын жана чыгымдардын ордун жабууга каралган камдар түшүнүлөт.*

БФКУнун акча каражаттарындагы, кыска мөөнөттүү активдер түрүндөгү жана коммерциялык банктардын эсептешүү эсептериндеги ликвиддүү активдеринин көлөмү 2019-жылдын акырына карата 2,3 млрд сомду же активдердин жалпы көлөмүнүн 8,9 пайызын түзүү менен отчеттук мезгил ичинде 41,5 пайыздык пунктка көбөйгөн.

*Кредит портфели*

Банк эмес финансы-кредит секторунун кредит портфели 2018-жылдын жыйынтыктарына салыштырганда 30,3 пайызга көбөйүп, 22,1 млрд сомду түзгөн. Кредит портфелинин БФКУнун активдериндеги үлүшү мурдагыдай эле деңгээлде калып, 2018-жылдын жыйынтыгы боюнча 84,6 пайызга каршы 83,7 пайызды түзгөн. 2019-жылдын акырына карата ислам каржылоо принциптери боюнча берилген портфель 1 052 млн сомду же БФКУнун бардык активдеринин 3,9 пайызын түзгөн. 2019-жылдын акырына карата БФКУ карыз алуучуларынын саны 2018-жылга салыштырганда 74 081 адамга же 20,3 пайызга көбөйүү менен 438 837 адамды түзгөн.

***3.2.1.1-график.***

БФКУнун активдеринин жана кредит портфелинин динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)



Отчеттук мезгил ичинде кредиттик каражаттардын негизги көлөмү Бишкек шаарында, Ош жана Чүй областтарында берилген.

***3.2.1.2-таблица.***

БФКУнун кредит портфелинин региондор боюнча өзгөрүүсү (бир мезгилдин акырына карата)

*(млн сом)*

| | 2018-жыл | | 2019-жыл | |
|---|---|---|---|---|
| | *млн сом* | Үлүшү, пайыздар | *млн сом* | Үлүшү, пайыздар |
| Бишкек шаары | 4 456,0 | 26,3 | 5 666,0 | 25,6 |
| Ош областы | 3 724,0 | 22,0 | 5 022,8 | 22,7 |
| Чүй областы | 2 498,2 | 14,7 | 3 103,2 | 14,0 |
| Жалал-Абад областы | 2 009,5 | 11,8 | 2 693,8 | 12,2 |
| Ысык-Көл областы | 1 846,1 | 10,9 | 2 403,8 | 10,9 |
| Нарын областы | 1 142,3 | 6,7 | 1 409,9 | 6,4 |
| Баткен областы | 809,1 | 4,8 | 1 218,1 | 5,5 |
| Талас областы | 477,9 | 2,8 | 582,1 | 2,6 |
| Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары | 2,5 | 0,0 | 1,8 | 0,0 |
| **Бардыгы болуп** | **16 965,7** | **100,0** | **22 101,6** | **100,0** |

Микрофинансылык уюмдардын кредит портфели боюнча орточо салмактанып алынган чендери 2019-жылдын акырына карата 0,4 пайыздык пунктка төмөндөө менен 30,0 пайызды, кредиттик союздардын кредит портфели боюнча орточо алынган чендер – 0,8 пайыздык пунктка төмөндөө менен 26,6 пайызды түзгөн.

Кредит портфелинин жыл ичиндеги өсүшү менен бирге классификацияланбаган кредиттердин көлөмү 21,2 млрд сомду түзүү менен 4,9 млрд сомго көбөйүүсү байкалган, мында классификацияланган кредиттердин үлүшү 0,3 пайызга төмөндөгөн жана 3,9 пайызды түзгөн.

***3.2.1.3-таблица.***

БФКУнун кредит портфелинин сапаты

| Категориясы | 2018-жыл | | 2019-жыл | |
|---|---|---|---|---|
| | *млн сом* | *пайыздар* | *млн сом* | *пайыздар* |
| **Классификацияланбаган кредиттер** | **16 246,0** | **95,8** | **21 242,5** | **96,1** |
| **Классификацияланган кредиттер** | **719,7** | **4,2** | **859,0** | **3,9** |
| *анын ичинен:* | | | | |
| *Субстандарттык* | *193,7* | *1,1* | *315,0* | *1,4* |
| *Шектүү* | *121,3* | *0,7* | *142,5* | *0,6* |
| *Жоготуулар* | *404,7* | *2,4* | *401,6* | *1,8* |
| **Бардыгы болуп кредит портфели** | **16 965,7** | **100,0** | **22 101,6** | **100,0** |

БФКУнун чогуу алгандагы кредит портфелиндеги МФУнун үлүшү (микрофинансылык компаниялар, микрокредиттик компаниялар, микрокредиттик агенттиктер) 94,1 пайыздан (16,0 млрд сом) 95,6 пайызга чейин (21,1 млрд сом) көбөйгөн, ошону менен бирге кредиттик союздардын үлүшү 5,9 пайыздан (1,0 млрд сом) 4,4 пайызга чейин (0,9 млрд сом) төмөндөгөн.

*АФКУ*

АФКУнун иши кредиттик союздарды кредиттөөнүн алкагында айыл жергесин каржылоо системасын колдоо үчүн кредит берүүгө багытталган. АФКУнун кредит портфели 2019-жылдын акырына карата 381,8 млн сомду түзгөн, бул 2018-жылдагы көрсөткүчтөн 7,1 пайызга аз.

*Кредиттик союздар*

Кредиттик союздардын чогуу алгандагы кредит портфели 2018-жылдын көрсөткүчүнө салыштырганда 3,7 пайызга кыскарган жана 2019-жылдын акырына карата 963,7 млн сомду түзгөн. Кредит портфелинин түзүмүндө кредиттердин негизги үлүшү айыл чарбасына – 30,8 пайыз, соодага – 23,7 пайыз (2018-жылы – тиешелүүлүгүнө жараша 35,7 жана 24,9 пайыз) туура келген. Кредиттик союздардын карыз алуучуларынын саны жыл ичинде 9,1 пайызга кыскарып, 2019-жылдын акырына карата 7 797 адамды түзгөн.

2019-жылдын акырына карата абал боюнча жети кредиттик союз депозиттик лицензияга ээ болгон. Кредиттик союздун катышуучуларынан тартылган депозиттердин көлөмү 2,4 пайыздык пунктка көбөйгөн жана 19,9 млн сомду түзгөн, ал эми башка ФКУ алдындагы милдеттенмелери 10,9 пайыздык пунктка кыскарып, 366,2 млн сомду түзгөн.

*Микрофинансылык уюмдар*

Микрофинансылык уюмдардын (МФУ) чогуу алгандагы кредит портфели 32,4 пайыздык пунктка көбөйгөн жана 2019-жылдын акырына карата 21,1 млрд сомду түзгөн. Бүтүндөй алганда, МФУнун кредит портфели кыска жана орто мөөнөттүү кредиттерден турат. МФУнун негизги кредиттөө тармактарынан болуп чогуу алгандагы кредит портфелинен айыл чарбасы – 27,6 пайыз (2018-жылдын акырына карата – 28,3 пайыз), үлүшүнө 26,4 пайыз (2018-жылдын акырына карата – 24,3 пайыз) туура келген керектөө кредиттери жана кызмат көрсөтүүлөр – 16,4 пайыз (2018-жылдын акырына карата – 18,9 пайыз) эсептелген. МФУнун негизги кредиттөө булактарынан болуп капитал жана эл аралык финансы институттарынан жана чет өлкө уюмдарынан тартылган каражаттар саналган. Карыз алуучулардын саны 21,0 пайызга көбөйүп, 2019-жылдын акырына карата 431 040 адамды түзгөн.

2019-жылдын сентябрь айында иштеп жаткан коммерциялык банктардын бири микрофинансылык уюм болуп трансформациялангандыгын белгилей кетүү зарыл. Коммерциялык банктын МФКга өзгөртүп түзүлүшү МФУ секторунун негизги көрсөткүчтөрүнүн көбөйүшүнө алып келген.

*Кепилдик фонд*

2019-жылдын акырына карата кепилдик фонддун активдери 1 524,2 млн сомду, кепилдиктердин саны – 798 млн сом суммасында 1 075 түзгөн. Негизинен, кепилдиктерди берүү өлкөнүн региондорунда жүргүзүлгөн жана 2019-жылдын акырына карата алардын үлүшү 74,0 пайызды (2018-жылдын акырына карата – 63,0 пайызды) түзгөн.

***3.2.1.2-график.***

Региондор боюнча кепилдик портфели




*БФКУ милдеттенмелери*

2019-жыл жыйынтыгы боюнча БФКУ[1] милдеттенмелеринин көлөмү 36,7 пайызга көбөйүп, 12,2 млрд сомду түзгөн.

[1] Кредиттик бюролордун, кепилдик фонддун жана алмашуу бюролорунун милдеттенмелерин эске албаганда.

БФКУнун пассивдеринин түзүмүндө эл аралык уюмдардын алдындагы милдеттенмелердин үлүшү 51,6 пайызды түзгөн. Мында, чет өлкө валютасындагы милдеттенмелер жалпы милдеттенмелер көлөмүнүн 27,3 пайызын түзөт. 2019-жылдын акырына карата ислам каржылоо принциптери боюнча тартылган каражаттардын көлөмү 786,3 млн сомду же БФКУ милдеттенмелери түзүмүндө 6,4 пайызды түзгөн. Отчеттук мезгил ичинде мөөнөттүү депозиттердин көлөмүнүн 374,3 млн сомго көбөйүшү байкалган, бул мөөнөттүү аманаттарды тартууга МФКнын бирине макулдук берүү, ошондой эле коммерциялык банктардын биринин микрофинансылык уюмга өзгөртүлүп түзүлүшү менен байланыштуу болгон.

***3.2.1.4-таблица.***

БФКУнун милдеттенмелеринин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

| Милдеттенмелердин категориясы | 2018-жыл | | 2019-жыл | |
|---|---|---|---|---|
| | *млн сом* | Үлүшү, пайыздар | *млн сом* | Үлүшү, пайыздар |
| Алынган кредиттер, анын ичинен: | 7 132,0 | 79,7 | 9 345,5 | 76,3 |
| *Кыргыз Республикасынын банктарынан* | 945,5 | 10,6 | 1 510,6 | 12,3 |
| *Кыргыз Республикасынын башка ФКУларынан* | 1 133,3 | 12,7 | 1 147,6 | 9,4 |
| *эл аралык финансы уюмдардан жана донорлордон* | 203,7 | 2,3 | 169,3 | 1,4 |
| *эл аралык ФКУлардан* | 4 454,0 | 49,7 | 6 140,0 | 50,2 |
| *Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнөн* | 395,6 | 4,4 | 377,9 | 3,1 |
| Башка милдеттенмелер | 1 668,2 | 18,6 | 1 714,6 | 14,0 |
| Субординацияланган милдеттенмелер | 137,2 | 1,5 | 788,2 | 6,4 |
| Мөөнөттүү депозиттер | 17,5 | 0,2 | 391,8 | 3,2 |
| Талап боюнча төлөнүүчү депозиттер | 2,0 | 0,0 | 1,5 | 0,0 |
| **Бардыгы болуп** | **8 956,9** | **100,0** | **12 241,6** | **100,0** |

*БФКУ капиталы*

Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын төлөнгөн уставдык капиталынын жалпы суммасы 2018-жылдын жыйынтыгына (4,0 млрд сом) салыштырганда 30,0 пайызга көбөйүп, 5,2 млрд сомду түзгөн. Мында, БФКУнун өздүк капиталы 24,7 пайызга же 2,2 млрд сомго көбөйүү менен 11,1 млрд сомду түзгөн.

***3.2.1.5-таблица.***

Кирешелер жана чыгашалар түзүмү
*(млн сом)*

| Категориясы | 2018-жыл | 2019-жыл |
|---|---|---|
| Бардыгы болуп пайыздык кирешелер | 4 590,9 | 6 100,6 |
| Бардыгы болуп пайыздык чыгашалар | 854,9 | 1 221,5 |
| Таза пайыздык киреше | 3 736,0 | 4 879,1 |
| РППУга чегерүүлөр (кредиттер боюнча) | 273,7 | 409,0 |
| РППУга чегерүүлөрдөн кийинки таза пайыздык киреше | 3 462,3 | 4 470,1 |
| Бардыгы болуп пайыздык эмес кирешелер | 769,9 | 884,1 |
| Бардыгы болуп пайыздык эмес чыгашалар | 1 736,5 | 2 006,3 |
| Бардыгы болуп башка операциялык жана административдик чыгашалар | 538,2 | 744,9 |
| Таза операциялык киреше (чыгым) | 1 957,5 | 2 603,0 |
| РППУга чегерүүлөр (башка активдер боюнча) | 17,7 | 6,7 |
| Салык алынганга чейинки таза киреше (чыгым) | 1 939,8 | 2 596,3 |
| Пайдага салык | 182,4 | 254,6 |
| Таза пайда (чыгым) | 1 757,4 | 2 341,7 |

2019-жыл жыйынтыгы боюнча БФКУнун таза пайдасы 2,3 млрд сомду түзгөн, ал 2018-жылга салыштырганда 0,6 млрд сомго же 33,2 пайызга көбөйгөн.

***3.2.1.3-график.***

Таза пайданын жана кирешелүүлүк көрсөткүчтөрүнүн динамикасы




Активдердин кирешелүүлүк көрсөткүчү (ROA) 2019-жыл ичинде 9,9 пайыздан 10,1 пайызга чейин көбөйгөн, капиталдын кирешелүүлүк көрсөткүчү (ROE) 21,2 пайыздан 23,4 пайызга чейин көбөйгөн. Аталган көрсөткүчтөрдүн өсүшү БФКУ секторунун ишинин натыйжалуулугу жогорулагандыгын күбөлөндүрөт.

### 3.2.2. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишин лицензиялоо

Адистештирилген финансы-кредит уюмунун, микрофинансылык компаниялардын, кредиттик союздардын, алмашуу бюролорунун жана кредиттик бюролордун иши Улуттук банктын лицензиясынын негизинде жүргүзүлөт, ал эми микрокредиттик компаниялар, микрокредиттик агенттиктер жана кепилдик фонддор эсептик каттоо күбөлүгүнүн негизинде иш алып барат.

*БФКУну лицензиялоо*

2019-жылдын жыйынтыгы боюнча Улуттук банктан лицензия алышкан жана иши ал тарабынан жөнгө салынган банк эмес финансы-кредит уюмдары (БФКУ) системасы бир адистештирилген финансы-кредит уюмун (АФКУ), 95 кредиттик союзду (КС), 137 микрофинансылык уюмду (анын ичинде тогуз микрофинансылык компанияны (МФК), 89 микрокредиттик компанияны (МКК) жана 39 микрокредиттик агенттикти (МКА), 401 алмашуу бюросун, эки кредиттик бюрону жана бир кепилдик фондду камтыган.

***3.2.2.1-таблица.***

БФКУнун, алмашуу бюролорунун, кепилдик фонддун жана кредиттик бюролордун санынын динамикасы

| Аталышы | 2015-жыл | 2016-жыл | 2017-жыл | 2018-жыл | 2019-жыл |
|---|---|---|---|---|---|
| Адистештирилген ФКУ | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 |
| Микрофинансылык уюмдар (МФК, МКК жана МКА) | 171 | 162 | 150 | 142 | 137 |
| Кредиттик союздар | 125 | 116 | 110 | 106 | 95 |
| Алмашуу бюролору | 329 | 394 | 396 | 413 | 401 |
| Кредиттик бюро | 0 | 0 | 1 | 2 | 2 |
| Кепилдик фонд | 0 | 0 | 0 | 0 | 1 |
| **Бардыгы болуп** | **626** | **673** | **658** | **664** | **637** |

2019-жылы Улуттук банк тарабынан МФКнын бирине мөөнөттүү аманаттарды тартууга макулдук берилген. Ошону менен бирге калктын МФУ ишине карата ишенимин жана өлкөдөгү финансылык кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануу мүмкүнчүлүгүн арттыруу үчүн МФКда депозиттердин коргоого алынышын гарантиялаган "Банктык аманаттарды коргоо жөнүндө" мыйзамга өзгөртүүлөр киргизилген.

Алмашуу бюролоруна (анын ичинде буга чейинки лицензиясынын мөөнөтү бүткөн алмашуу бюролоруна) 105 лицензия берилип, кошумча сегиз алмашуу бюросу катталган, МККны эсептик каттоо тууралуу үч күбөлүк, МКАны эсептик каттоо тууралуу эки күбөлүк, кепилдик фондду эсептик каттоо тууралуу бир күбөлүк берилген.

Кепилдик фондду эсептик каттоо тууралуу күбөлүк "Кепилдик фонд" ачык акционердик коомуна берилген жана анын милдеттеринен болуп бизнести өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү, өндүрүштү кеңейтүү, негизги каражаттарды сатып алуу жана модернизациялоо, ошондой эле фермерлер тарабынан колдонулуучу жаңы технологияларды ишке киргизүү саналат.

Отчеттук жылы Улуттук банк тарабынан 550 млн сом суммасында "Кепилдик фонд" ААКтын акцияларын сатылып алуу жетиштүү деңгээлде күрөөлүк камсыздоо берүүдө кыйынчылыктарга дуушар болгон карыз алуучулардын Кыргыз Республикасынын региондорунда финансылык кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануу мүмкүнчүлүгүн арттырууга мүмкүндүк берет.

Ишинин токтотулушуна байланыштуу МККны эсептик каттоо тууралуу алты күбөлүк, МКАны эсептик каттоо тууралуу эки күбөлүк, кредиттик союздардын сегиз лицензиясы жана алмашуу бюролорунун 114 лицензиясы, анын ичинде лицензиянын колдонуу мөөнөтүнүн бүтүшүнө байланыштуу 88 лицензия жокко чыгарылган.

БФКУнун кызмат адамдары Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын талаптарына туура келүүсү жагында макулдашылган, ошондой эле БФКУну каттоого/кайра каттоого жана андан ары Кыргыз Республикасынын каттоо органында каттоо/кайра каттоо жол-жобосунан өтүшүнө байланыштуу маселелер каралган жана изилденген.

### 3.2.3. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишин көзөмөлдөө

Банк эмес финансы-кредит институттарынын туруктуулугун камсыз кылуу, ошондой эле микрофинансылык кызматтардан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн жогорулатуу жана кредиттик тобокелдиктерди төмөндөтүү максатында, Улуттук банк отчеттук жылы БФКУнун ишиндеги көйгөйлөрдү алардын келип чыгуусунун алгачкы баскычында аныктоого жана көзөмөлдү жөнгө салуунун натыйжалуу чараларын көрүүгө көңүл бурган.

БФКУнун ишин көзөмөлдөө аралыктан көзөмөлдөө жана инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүү аркылуу жүзөгө ашырылат. Көзөмөлдү жүзөгө ашырууда Улуттук банк БФКУнун ишинде орун алышы ыктымал болгон тобокелдиктерди алгачкы баскычтарда алдын алуу боюнча тобокелдикти аныктоого багытталган ыкманы колдонот.

Улуттук банк 2019-жылы кредиттик тобокелдик жана керектөөчүлөрдүн укугун коргоо боюнча 25 МФУда максаттуу текшерүү жүргүзгөн, кредиттик союздардын ишине 24 максаттуу жана 14 комплекстүү текшерүүлөр, АФКУнун ишине бир максаттуу текшерүү, анын алкагында кредиттик союздун ишине утурлама текшерүүлөр жүргүзүлгөн.

Мындан тышкары, 2019-жыл ичинде Улуттук банк тарабынан алмашуу бюролоруна ПФТД/ЛПД маселелери боюнча талаптарды кошо алганда, Кыргыз

Республикасынын мыйзам талаптарынын сакталышын, ошондой эле лицензиясыз иш жүргүзүү фактыларын аныктоо боюнча 89 текшерүү жүргүзүлгөн.

### 3.2.4. Таасир этүү чаралары

Тышкы көзөмөлдүн алкагында жана 2019-жылы инспектордук текшерүү жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча БФКУга карата тиешелүү таасир этүү чаралары колдонулган, алар микрокаржылоо рыногунда орун алышы ыктымал болгон тобокелдиктерди төмөндөтүүгө, микрокаржылоо рыногунун ачык-айкындуулук, туруктуулук жана ишенимдүүлүк деңгээлин жогорулатууга, БФКУ үчүн финансылык ресурстардын наркын төмөндөтүүгө, БФКУнун ишин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына шайкеш келтирүүгө багытталган.

2019-жылы Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитети тарабынан БФКУнун иши боюнча 28 маселе каралган жана көзөмөлдөө чаралары колдонулган, атап айтканда эки БФКУнун күбөлүгүнүн/лицензиясынын аракети токтотулган, жети БФКУнун күбөлүгү/лицензиясы кайтарылып алынган, бир БФКУга карата жазма буйрук түрүндө таасир этүү чаралары көрүлгөн, бир БФКУга карата кайтарымдуулук шарттарында жеке адамдардан жана юридикалык жактардын мөөнөттүү аманаттарды кабыл алуу боюнча операцияларды ишке ашырууга тыюу салынган, ошондой эле бир БФКУ тарабынан айрым операцияларды жүргүзүү токтотулган. Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарын, Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын талаптарын сактабагандыгы үчүн бир БФКУга Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексине ылайык айыптык төлөм салынган.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын талаптарын бузууга жол бергендиги фактылары боюнча алмашуу бюролоруна лицензияны убактылуу токтотуу тууралуу 294 жазма буйрук, беш эскертүү, 15 кат жөнөтүлгөн жана үч алмашуу бюросунун лицензиясы кайтарылып алынган.

### 3.2.5. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишин көзөмөлдөө жана жөнгө салуу методологиясы

2019-жылы ченемдик укуктук базаны өркүндөтүү Микрокаржылоо секторун 2018-2021-жылдарга өнүктүрүүнүн негизги багыттарына ылайык жүргүзүлгөн, анын алкагында БФКУнун каржылоо булактарынан пайдалануу мүмкүнчүлүгү кеңейтилип, тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөл жүргүзүү ыкмалары жакшыртылган жана финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоого карата талаптар күчөтүлгөн.

*Микрофинансылык кызмат көрсөтүүлөрдү санариптештирүү*

МФУнун кардарларына заманбап финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү алуу мүмкүнчүлүгүн берүү жана обочо туруп тейлөө каналдары аркылуу МФУ менен өз ара иш алып баруу үчүн “Кыргыз Республикасында обочо туруп/аралыктан тейлөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө” жобого өзгөртүүлөр киргизилген. МФУнун кардарларын аралыктан тейлөөнү жөнгө салуу финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү жайылтууну көбөйтүүгө жана республиканын эң эле алыскы региондорундагы калктын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө мүмкүндүк берет.

Коммерциялык банктарга өзүнүн кардарларынын арасында таркатуу максатында БФКУ үчүн карттарды чыгарууга мүмкүндүк берген “Кыргыз Республикасында банктык төлөм карттары жөнүндө” жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген.

*БФКУнун каржылоо булактарынан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү*

Финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо үчүн МФУнун ресурстук базасын көбөйтүү максатында, МФУнун уюштуруучуларынан жана юридикалык жактардан карыз алуусу боюнча чектөөлөр алып салынган, ошондой эле чет өлкө инвесторлору менен келишим түзүү боюнча талаптар жөнөкөйлөтүлгөн.

*Кредиттик тобокелдикти тескөө жана керектөөчүлөрдүн укугун коргоо*

“Аманаттарды (депозиттерди) тартпаган микрофинансылык уюмдарда кредиттик тобокелдикти тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө” жободо МФУну кепилдик кредит боюнча жалгыз камсыздоо болуп саналган учурда, кепилдик берүүчүнүн же кепил болуучунун төлөөгө жөндөмдүүлүгүнө талдоо жүргүзүүнү милдеттендирген ченем киргизилген.

Ошону менен бирге “Кредиттик союздарда кредиттик тобокелдикти тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө” жобо бүтүмдөрдү жана укуктарды мамлекеттик каттоодон өткөрүү талабы менен толукталган. Киргизилген өзгөртүүлөр кредиттик союздар тарабынан кыймылсыз мүлктү күрөөгө коюу жөнүндө келишимдерди каттоо боюнча мыйзам талаптарынын сакталышына жана кредиттик тобокелдиктерди алдын алууга багытталган.

БФКУ ишин жөнгө салган Улуттук банктын ченемдик укуктук актылары “проблемалуу кредит” боюнча күрөө предметинен өндүрүү жол-жобосун баштоо тууралуу билдирүү жөнөтүлгөн учурдан тартып кошумчаланган айыпты (айыптык төлөм, туум) чегерүүнү токтотуу мөөнөттөрү боюнча талаптар менен толукталган.

*Тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөлдү өркүндөтүү жана пруденциалдык талаптарды күчөтүү*

Тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөлдү өркүндөтүүнүн алкагында, БФКУнун акционерлери (катышуучулары), байкоо жана аткаруу органдары, кызмат адамдары, ошондой эле БФКУнун иши боюнча кыйла толук маалымат алууну караган отчеттун жаңы формалары бекитилген.

МФУнун туруктуу ишин камсыз кылуу жана алардын ишинин туруктуулугуна таасирин тийгизиши мүмкүн болгон коркунучтарга жол бербөө максатында, уставдык капиталдын минималдуу өлчөмүнөн кеминде 100 пайызы өлчөмүндө өздүк капиталдын жетиштүүлүгү боюнча ченем киргизилген, ошондой эле үчүнчү жактардын алдындагы милдеттенмелерге ээ МФК менен МККнын дивиденддерин/пайдасын бөлүштүрүүнү чектөө боюнча талап белгиленген.

*Кепилдик фонддор*

Отчеттук жылы Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларын Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасындагы кепилдик фонддор жөнүндө” мыйзамына шайкеш келтирүүнүн алкагында, “Кыргыз Республикасында кепилдик фонддорду түзүү жана каттоо жөнүндө” жобо жана Кепилдик фонддордун ишин жөнгө салуу эрежелери иштелип чыккан жана бекитилген. Кабыл алынган ченемдик актылар менен кепилдик фонддорду ачуу жана ишин жөнгө салуу боюнча бир катар талаптар, атап айтканда минималдуу уставдык капитал өлчөмү, кызмат адамдарына карата талаптар, ошондой эле экономикалык ченемдер белгиленген.

*Турак жай-сактык кредиттик компаниялар*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Жеткиликтүү турак жай 2015-2020” программасы боюнча жүргүзүлгөн иштин алкагында, ошондой эле Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (Кыргыз Республикасынын “Күрөө жөнүндө”, “Кыргыз Республикасында лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө” мыйзамдарына) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” мыйзамынын күчүнө киргендигине байланыштуу, турак жайды кредиттөө чөйрөсүндө маанилүү элемент катары турак жай-сактык кредиттик компаниялардын ишин лицензиялоо жана жөнгө салуу үчүн Улуттук банк “Турак жай-сактык кредиттик компаниялардын ишин лицензиялоо жөнүндө” жобону жана Турак жай-сактык кредиттик компаниялардын ишин жөнгө салуу эрежелерин иштеп чыккан жана бекиткен.

Турак жай-сактык кредит системасы социалдык багытка ээ жана Кыргыз Республикасынын жарандарына баштапкы төгүмдү камсыз кылуу, мамлекеттик турак жай программаларынын алкагында турак жай курулушуна, сатып алууга жана турак жай шарттарын жакшыртууга максаттуу кредиттерди алуу максатында турак жай-сактык аманаттарын (депозиттерин) топтоого мүмкүндүк берет. Турак жай-сактык кредиттик компаниялардын ишин жөнгө салуу жана көзөмөлдөө турак жай-сактык кредиттик компаниялардын иш өзгөчөлүгү жана аманатчылардын кызыкчылыктарын коргоо зарылчылыгы менен шартталган.

*ПФТД/ЛПД*

Террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү боюнча жаңы мыйзамдын кабыл алынышына байланыштуу Улуттук банк тарабынан ички контролдоо программасын жүзөгө ашыруу боюнча талаптар белгиленген ченемдик укуктук актылар кабыл алынган, банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишин жөнгө салуу боюнча бир катар ченемди укуктук актыларга өзгөртүүлөр киргизилген.

## 3.3. Керектөөчүлөрдүн укугун коргоо

*Керектөөчүлөрдүн укугун коргоо чараларын күчөтүү*

Финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөрдүн укугун коргоого багытталган иш алып баруу Улуттук банктын маанилүү милдеттеринин бири болуп саналат. Керектөөчүлөрдүн укугун коргоо системасын өнүктүрүү жана өркүндөтүү зарылчылыгы рынокто маалымат технологияларын кошуу менен жаңы финансылык продукттарын пайда болушуна жараша өсүүдө.

2019-жылы төмөнкүлөргө тиешелүү Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөр киргизилген:
– сунушталып жаткан кызмат көрсөтүү жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүү;
– жоопкерчиликтүү кредиттөө принциптеринин сактоо;
– “Кыргыз Республикасында сүткорлук ишти чектөө жөнүндө” мыйзам талабын жүзөгө ашыруу;
– “ислам терезесине” ээ финансы-кредит уюмдары тарабынан башка кыймылсыз мүлк менен операцияларды ишке ашыруу.

Финансы-кредит уюмдары менен биргеликте Кыргыз Республикасынын “Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө” мыйзамында каралган талаптарга ылайык, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдарга инфраструктурадан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн кошо алганда, финансылык кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга багытталган иштер жүргүзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын “Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө” мыйзам талаптарын жүзөгө ашыруу максатында, керектөөчүлөрдүн укугун коргоо маселелери боюнча Улуттук банкка келип түшкөн кайрылууларды кабыл алуу, кароо жана талдоо тартибин жөнгө салган документтин жаңы редакциясы иштелип чыккан.

*Финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөрдүн кайрылууларын кароо*

2019-жыл ичинде Улуттук банк тарабынан 557 (2018-жылы 603) кайрылуу каралып, алардын ичинен коммерциялык банктардын иши боюнча 389 (2018-жылы – 422) кайрылуу, банк эмес финансы-кредит уюмдарынын иши боюнча 101 (2018-жылы – 65) кайрылуу жана башка маселелер боюнча 67 (2018-жылы – 116) кайрылуу каралган.

Финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү керектеген 500дөн ашык жаранга жеке кабыл алууну уюштуруу менен консультациялык-укуктук жардам сунушталган.

Финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөрдүн кайрылуулары банктык эсептерди, аманаттарды тейлөөгө, акча которууга, Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларын түшүндүрүүгө, кредиттик келишим боюнча милдеттенмелерди аткаруунун мүмкүн эместигине, карызды кайра каржылоого, келишимдердин шарттарынын мыйзам талаптарына ылайык келүүсүн текшерүүгө, күрөө предметин сатып өткөрүү жол-жоболоруна, сот чечимдеринин аткарылышына жана башка маселелерге тиешелүү болгон.

# 4-ГЛАВА. ТӨЛӨМ СИСТЕМАСЫ

2019-жылы Улуттук банк төлөм системасы боюнча ченемдик укуктук базаны өркүндөтүү, төлөм системасынын ишин көзөмөлдөөнү (оверсайт) күчөтүү жана төлөмдөрдүн үзгүлтүксүз өткөрүлүшүн контролдоо, ошондой эле жаңы санариптик төлөм жана финансы технологияларын өнүктүрүү аркылуу төлөм системаларынын натыйжалуулугун, коопсуздугун жана ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу ишин уланткан.

Кыргыз Республикасынын Президентинин “2019-жылды Региондорду өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештирүү жылы деп жарыялоо жөнүндө“ жарлыгын аткаруу максатында, Улуттук банк тарабынан алыскы аймактардагы төлөм инфраструктурасын кеңейтүүгө, калктын төлөм кызмат көрсөтүүлөрүнөн пайдалануу мүмкүнчүлүгүн жогорулатууга, инновациялык инструменттер менен төлөмдөрдү өткөрүү мүмкүнчүлүгүн берүүгө багытталган иш-чаралар жүргүзүлгөн.

Отчеттук мезгил ичинде коопсуздук боюнча алдыңкы эл аралык стандарттарга ылайык, төлөм жана соода системаларынын, мамлекет аралык төлөмдөр жана эсептешүүлөр, мезгил-мезгили менен берилүүчү банктык отчетту иштеп чыгуу, электрондук документтерди жүргүзүү системаларынын, “Түндүк“ ведомстволор аралык өз ара иш алып баруу системасы аркылуу маалымат алмашууну уюштуруу системасынын, банктын ички операциялык иши жана көптөгөн башка милдеттер үчүн системалардын ишенимдүү жана үзгүлтүксүз иштешин камсыз кылуу максатында, Улуттук банктын Маалыматтарды иштеп чыгуу борборун (Дата борбор) түзүү боюнча долбоор аягына чыгарылган.

2019-жылы өлкөгө коммерциялык банктар тарабынан 240 банкомат, 2 925 POS-терминал жана 408 төлөм терминалы алынып келинген, ал эми 2019-жылдын акырына карата банктык жабдуулардын жалпы саны 1 712 банкоматты, 11 114 POS-терминалды жана 1 827 төлөм терминалын түзгөн. Банктык жабдуулардын көбөйүшү чекене кызмат көрсөтүүлөрүнүн региондорго да кеңири жайылтылышына өбөлгө түзгөн. Натыйжада, соода-тейлөө ишканаларында төлөм карттарын пайдалануу менен ишке ашырылган операциялардын саны 18,3 млрд сом жалпы суммасында 11,1 млн транзакцияны түзгөн жана 2018-жылга салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 73,4 жана 67,9 пайызга көбөйгөн.

Аны менен катар, аралыкта орнотулган жабдуулар (POS-терминалдар, төлөм терминалдары, банкоматтар) жана инновациялык төлөм инструменттери аркылуу өлкө бюджетине нак эмес түрдө төлөнгөн салыктар көлөмүнүн көбөйүшү байкалган. Нак эмес түрдө түшкөн салыктардын суммасы 2018-жылга салыштырганда 34,0 пайызга көбөйүү менен, 427,4 млн сомду түзгөн. Ал эми жол жүрүү эрежелерин бузгандыгы үчүн төлөм инструменттери аркылуу төлөнгөн айыптык төлөмдөр көлөмү 2019-жылы 50,3 млн сомду түзгөн.

Отчеттук жыл ичинде керектөөчүлөргө товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн нак акча каражатын пайдалануунун ордуна банктык карттардан же электрондук акчадан тышкары, мобилдик телефон аркылуу QR-код менен төлөө мүмкүнчүлүгү да түзүлгөн. Пайдалануучуларга ыңгайлуу болушу үчүн жана ар башка төлөм системаларын интеграциялоо мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу максатында, Эки өлчөмдүү штрихкод (QR-код) белгилерин колдонуу менен төлөмдөрдү өткөрүү эрежелери бекитилген.

Кыргыз Республикасында нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча ведомстволор аралык комиссиянын алкагында, Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча 2018-2022-жылдарга мамлекеттик программанын (мындан ары – Нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча мамлекеттик программа) иш-чаралар планынын аткарылышы координацияланып, контролго алынган.

Банктык төлөм карттары аркылуу социалдык төлөөлөрдү алуучулардын жалпы санынын 55,6 пайызы, ал эми 2018-жылы социалдык төлөмдөрдү алуучулардын жалпы санынын 29,5 пайызы алгандыгы катталган. Коммерциялык банктардагы эсеп аркылуу пенсия алуучу пенсионерлердин саны 12,7 пайызга көбөйүү менен 371,0 миң адамды түзгөн. Акча каражатын банктык төлөм картынан нак акчага айландыруу үчүн региондордо "Кыргыз почтасы" мамлекеттик ишканасынын тиешелүү бөлүмдөрүндө 321 POS-терминал орнотуу аркылуу эки коммерциялык банкта пилоттук долбоор ишке ашырылган. Долбоор 980ден ашык айылды камтыган, бул алыскы аймактарды кошкондо, калк жашаган конуштардын жарымын түзөт.

Нак эмес төлөмдөр үлүшүн көбөйтүү жана улуттук төлөм системасын өнүктүрүү менен катар эле, нак акча каражаты чекене төлөмдөрдү жүргүзүүдө негизги төлөм каражаты бойдон калууда. 2019-жылы Улуттук банк өлкө экономикасынын улуттук валютанын тиешелүү номиналдагы банкнотторуна жана монеталарына муктаждыгын үзгүлтүксүз камсыз кылуу менен жүгүртүүдөгү нак акча түзүмүн жөнгө салууну уланткан.

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына киргизилген өзгөртүүлөрдү эске алуу менен нак акча жүгүртүүнү уюштуруу жагында Улуттук банктын ченемдик укуктук базасын өркүндөтүү иштери жүргүзүлгөн.

## 4.1. Төлөм системасын өнүктүрүү

### 4.1.1. Нак эмес эсептешүүлөр

Кыргыз Республикасында нак эмес эсептешүүлөр Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы (ГСРРВ), Пакеттик клиринг системасы (ПКС), банктык төлөм карттарын пайдалануу менен эсептешүүлөр системасы, электрондук акча менен эсептешүүлөр системасы, акча которуулар системасы аркылуу ишке ашырылган.

*Төлөм системасы*

Улуттук банк, коммерциялык банктар, Мамлекеттер аралык банк, Евразия өнүктүрүү банкы, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгы, Депозиттерди коргоо боюнча агенттиги, Социалдык фонду, Мамлекеттик пенсиялык топтолмо фонду, "Борбордук депозитарий" ЖАК жана "Банктар аралык процессинг борбору" ЖАК банктар аралык төлөм системаларынын катышуучулары болуп саналат.

2019-жылы банктар аралык төлөм системалары (ГСРРВ жана ПКС) аркылуу 3,3 трлн сом суммасына 10,6 млн төлөм өткөрүлгөн, ал эми 2018-жылга салыштырганда көрсөткүчтөр саны боюнча 8,6 пайызга, көлөмү боюнча 3,6 пайызга көбөйгөн.

**4.1.1.1-график.**
Банктар аралык төлөм системалары (ГСРРВ жана ПКС) боюнча өткөрүлгөн төлөмдөрдүн көлөмү




Отчеттук мезгил ичинде ГСРРВ жана ПКС системаларында төлөмдөрдүн көлөмү тиешелүүлүгүнө жараша 3,5 жана 4,9 пайызга өскөн. Банктар аралык төлөмдөр көлөмүнүн өсүшү Улуттук банкта ачылган Бирдиктүү казыналык эсеп аркылуу өткөрүлгөн төлөмдөрдүн көбөйүүсү менен шартталган.

**4.1.1.2-график.**
Банктар аралык төлөм системалары (ГСРРВ жана ПКС) боюнча өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны




Отчеттук мезгил ичинде 2018-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда ГСРРВ аркылуу өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны 11,4 пайызга, ПКС боюнча – 8,5 пайызга көбөйгөн.

*“Элкарт” улуттук төлөм карты*

Чыгарылган банктык төлөм карттарынын жалпы саны жыл ичинде 22,5 пайызга көбөйүү менен 3,0 млн даананын тегерегин түзгөн, анын ичинен “Элкарт” улуттук системасынын карттары 1,6 млн даанага жакынды түзгөн. “Элкарт“ банктык төлөм карттар эмиссиясынын 2018-жылга салыштырганда 30,4 пайызга өсүшү Нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча мамлекеттик программанын иш-чараларын ишке ашыруунун эсебинен жүргөн.

МАЗМУНУ

***4.1.1.3-график.***

Банктык төлөм карттарынын санынын динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




*Банктык төлөм карттарын пайдалануу менен операциялар*

Отчеттук жылы банктык төлөм карттарын пайдалануу менен 237,9 млрд сом суммасында 47,7 млн операция өткөрүлгөн, мында 2018-жылга салыштырганда операциялардын саны 25,5 пайызга, ал эми операциялардын көлөмү 21,3 пайызга көбөйгөн.

***4.1.1.4-график.***

Банктык төлөм карттарынын санынын катышы




2019-жыл ичинде соода-тейлөө ишканаларында банктык төлөм карттарын пайдалануу менен жүргүзүлгөн операциялардын саны 2018-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда 73,4 пайызга, ал эми операциялардын көлөмү 67,9 пайызга көбөйгөн. Соода-тейлөө ишканаларында POS-терминалдардын, банктык төлөм карттарынын санынын өсүшү, товарларга нак эмес формада төлөөдө сатуу салыгынан бошотуу, калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу, ошондой эле коммерциялык банктар тарабынан жүргүзүлгөн өбөлгө түзүүчү программалар нак эмес төлөмдөрдүн көлөмүнүн өсүшүн шарттаган.

***4.1.1.5-график.***

Соода-тейлөө ишканаларында бүтүмдөр көлөмүнүн өсүшүнүн динамикасы




2019-жылдын акырына карата абал боюнча республиканын жалпы аймагында банктык төлөм карттар 1 712 банкоматта жана 11 114[1] POS-терминалда (анын ичинен 8 995 POS-терминал соода-тейлөө ишканаларында жана 2 119 POS-терминал – коммерциялык банктардын филиалдарында жана сактык кассаларында орнотулган) тейлөөгө алынган.

*Карттарды кабыл алуу жана тейлөө инфраструктурасы*

Системалар боюнча алып караганда:

– “Элкарт” улуттук системасынын карттары бардык 1 712 банкоматта жана 11 114 POS-терминалда;
– “Золотая Корона” эл аралык системасынын карттары 214 банкоматта жана 1 231 POS-терминалда;
– Visa жана MasterCard эл аралык системаларынын карттары 676 банкоматта жана 5 268 POS-терминалда;
– “UnionPay” эл аралык системасынын карттары 338 банкоматта жана 1 245 POS-терминалда тейленген.

***4.1.1.6-график.***

Банкоматтардын жана POS-терминалдардын санынын динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




[1] Өзүн-өзү тейлеген автоматташтырылган терминалдарды эске албаганда (төлөм терминалдары же cash in).

*Электрондук акча*

Учурда Кыргыз Республикасында электрондук акча улам кеңири таркалууда. 2019-жылы электрондук акча боюнча көрсөткүчтүн өсүшү байкалган, бул аларды колдонуунун жөнөкөйлүгүнө, ыңгайлуулугуна жана коопсуздугуна байланыштуу болгон. Электрондук акчанын эмитенти болуп тогуз коммерциялык банк саналган жана электрондук акча менен эсептешүүлөрдүн он бир системасы иштеп турган.

2018-жылдын көрсөткүчүнө салыштырганда, 2019-жылдын акырына карата абал боюнча электрондук капчыктардын саны 62,1 пайызга көбөйүү менен 2 млн капчыкты түзгөн.

***<u>4.1.1.7-график.</u>***

Электрондук капчыктардын санынын динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




Отчеттук жылы 2018-жылга салыштырганда электрондук капчыктарды толуктоонун көлөмү 1,5 эсеге көбөйүп, 20,2 млрд сомду түзгөн, мында электрондук капчыктарды толуктоонун саны 10,9 млн операцияны түзүү менен 12,4 пайызга көбөйгөн.

Соода-тейлөө ишканаларында электрондук акчаны колдонуу менен ишке ашырылган операциялардын көлөмү 5,9 млрд сомду түзгөн, бул 2018-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда 36,8 пайызга көп.

2019-жылы электрондук капчыктар ортосунда акча каражаттарын которуулар көлөмү өткөн жылга салыштырганда 81,6 пайызга көбөйгөн жана 4,6 млрд сом чегинде катталган. Ал эми акча каражаттарын которуунун саны 0,7 млн операцияны түзүү менен 40,3 пайызга көбөйгөн.

***4.1.1.8-график.***

Электрондук капчыктар менен операциялар боюнча транзакциялардын саны жана көлөмү




2019-жылы төлөм уюмдары аркылуу 32,8 млрд сом суммасында 168,3 млн төлөм өткөрүлгөн. Ал эми 2018-жылга салыштырганда төлөмдөрдүн көлөмү 12,3 пайызга өскөн.

***4.1.1.9-график.***

Төлөм уюмдары аркылуу өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны жана көлөмү




Төлөм терминалдарын, агенттик түйүндөрдү жана электрондук акчаны пайдалануу менен үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү кабыл алган. 2019-жылдын акырына карата төлөм терминалдарынын жана алардын агенттеринин саны 7 699 бирдикти, ал эми веб-кассаларынын жана алардын агенттиктеринин саны 12 502 бирдикти түзгөн.

### 4.1.2. Төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин өнүктүрүү жана жөнгө салуу

#### 4.1.2.1. Төлөм системаларынын операторлоруна жана төлөм уюмдарына лицензия берүү жана каттоо

2019-жылы Улуттук банк төлөм системаларынын операторлорунун[1] жана төлөм уюмдарынын[2] ишине лицензия берүүнү жана эл аралык төлөм системаларынын операторлорун каттоону улантткан.

Отчеттук мезгил ичинде төлөм системасынын операторунун ишин жүзөгө ашырууга эки лицензия жана төлөм уюмунун ишин жүргүзүүгө үч лицензия берилген.

2019-жылдын акырына карата абал боюнча 23 юридикалык жак Улуттук банктын лицензиясына ээ болгон, анын ичинен 22 лицензия төлөм системасынын операторунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна, ал эми 22 лицензия төлөм уюмунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна берилген. Мында 14 төлөм системасынын операторлору/төлөм уюмдары Бишкек шаарында, экөө – Чүй областында, үчөө – Ош областында, экөө – Жалал-Абад областында жана бирөө – Баткен областында катталган.

Отчеттук жыл ичинде эл аралык электрондук акча системасынын үч оператору жана эл аралык акча которуу системасынын бир оператору Улуттук банкта каттоодон өткөн.

Натыйжада, 2019-жылдын акырына карата абал боюнча республикада банктык төлөм карттарын пайдалануу менен алты эл аралык эсептешүүлөр системасы, жети эл аралык электрондук акча системасы, акча которуу системаларынын 37 оператору, анын ичинде акча которуулардын локалдык системаларынын 19 оператору, эл аралык акча которуу системаларынын 18 оператору катталган.

#### 4.1.2.2. Төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин көзөмөлдөө

2019-жылы төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин көзөмөлдөө сектордун сапатын жогорулатууга, төлөм кызмат көрсөтүүлөрүнүн жеткиликтүүлүгүн арттырууга жана төлөм системаларындагы тобокелдиктерди төмөндөтүүгө багытталган, бул бүтүндөй алганда, Кыргыз Республикасында төлөм системасынын коопсуз, натыйжалуу жана үзгүлтүксүз иштешине өбөлгө түзгөн.

Төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын иши алардын финансылык абалына баа берүү, көзөмөлгө алынган уюмдар тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарынын сакталышын талдап-иликтөө аркылуу инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүү менен көзөмөлгө алынат. Жалпысынан, отчеттук жыл ичинде төрт комплекстүү, тогуз максаттуу жана үч алдын ала (лицензия берүү алдындагы) инспектордук текшерүүлөр жүргүзүлгөн.

---

[1] Төлөм системасынын катышуучуларынан болгон үчүнчү жактардын төлөмдөрү жана эсептешүүлөрү боюнча финансылык маалыматтарды (процессинг, клиринг) кабыл алуу, иштеп чыгуу жана сунуштоо боюнча кызматтарды көрсөтүү (б.а. финансылык маалыматтарды иштеп чыгуу).

[2] Үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү кабыл алуу жана өткөрүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо (финансылык агымдар).

### 4.1.2.3. Таасир этүү чаралары

2019-жылы Улуттук банктын Төлөм системасы боюнча комитети 20 отурум өткөрүп, анда төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын иши боюнча 35 маселе, анын ичинде көзөмөлдөө чараларын колдонуу маселеси да каралган.

Төлөм уюмдарынын жана төлөм системаларынын операторлорунун ишин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык келтирүү жана төлөм системаларынын натыйжалуулугун, коопсуздугун жана ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу, төлөм системаларынын кызматтарынан пайдалануучулардын укугун коргоо, ошондой эле террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү максатында, 2019-жылы тышкы көзөмөлдөөнүн жана инспекциялоонун жыйынтыгы боюнча бир катар төлөм уюмдарына жана төлөм системаларынын операторлоруна карата тиешелүү таасир этүү чаралары колдонулган: үч төлөм уюмунун жана төлөм системаларынын үч операторунун лицензияларынын аракети токтотулган, төлөм уюмунун эки лицензиясы жана төлөм системаларынын операторлорунун эки лицензиясы кайтарылып алынган.

### 4.1.2.4. Төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин көзөмөлдөө жана жөнгө салуу методологиясы

Отчеттук жыл ичинде санариптештирүү боюнча өткөрүлгөн иш-чараларды эске алып, гарантияланган төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү камсыз кылуу, төлөм системаларында системалуу тобокелдиктерди төмөндөтүү үчүн төлөм системасынын катышуучуларынын ишин жөнгө салуучу ченемдик укуктук база кайра каралып чыккан.

*Төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин лицензиялоо жана жөнгө салуу*

Кызмат адамдарына карата талаптарды күчөтүү, акционерлер (уюштуруучулар)/катышуучулар жөнүндө маалымат алуу жана төлөм системаларынын маанилүүлүгүнө жараша уставдык капиталын жогорулатуу максатында, “Төлөм уюмдарынын жана төлөм системаларынын операторлорунун ишин лицензиялоо жөнүндө” жобонун жаңы редакциясы бекитилген.

Ал эми “Төлөм уюмдарынын жана төлөм системаларынын операторлорунун ишин жөнгө салуу жөнүндө” жободо үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү өткөрүүдө аппараттык-программалык комплекске, эсептешүүлөрдүн коопсуздугуна, гарантияланышына карата талаптар аныкталган.

Мындан тышкары, төлөм системаларынын операторлоруна жана төлөм уюмдарына карата таасир этүү чараларын колдонуу боюнча ченемдик укуктук актылар бекитилген.

*Тобокелдиктерди тескөө*

Төлөм системаларынын катышуучулары тарабынан төлөм системасындагы системалуу тобокелдиктерге өз учурунда баа берүү жана талдап-иликтөө, ошондой эле аларды алдын алуу жана кыскартуу максатында, төлөм системасын (оверсайт) көзөмөлдөө жана тобокелдиктерди тескөө боюнча ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген.

*Мобилдик төлөмдөр*

Кыргыз Республикасында төлөм системаларын бириктирүүчү бирдиктүү улуттук төлөм жана эсептешүү мейкиндигин түзүүнүн, төлөм системаларынын система аралык функционалдык шайкештигин камсыз кылуунун алкагында, “Кыргыз Республикасында электрондук акча жөнүндө” жобого өзгөртүүлөр киргизилген.

Мобилдик тиркемелерди жана электрондук капчыктарды пайдалануучулар идентификацияланбагандыгына байланыштуу тобокелдиктерди нивелирлөө максатында, аталган кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануучуларды милдеттүү түрдө идентификациялоо ченемдери киргизилген, алар 2020-жылдын 1-октябрында күчүнө кирет.

Санариптештирүү иш-чараларынын алкагында, Улуттук банк эки өлчөмдүү штрихкод (QR-код) белгилерин иштеп чыгууга жана бекитүүгө катышкан.

Мындан тышкары, QR-кодду колдонуу менен төлөмдөрдүн өткөрүлүшүн стандартка келтирүү жана төлөөчүлөргө бирдиктүү төлөм системасын сунуштоо үчүн, ар башка төлөм системаларынын система аралык интеграциялануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу максатында, Эки өлчөмдүү штрихкод (QR-код) белгилерин колдонуу менен төлөмдөрдү өткөрүү эрежелери бекитилген.

Микрофинансылык уюмдарга калкка жана юридикалык жактарга санариптик финансы кызмат көрсөтүүлөрүн сунуштоо мүмкүнчүлүгүн берүү үчүн "Кыргыз Республикасында обочо туруп/аралыктан тейлөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө" жобого жана "Кыргыз Республикасындагы банктык төлөм карттар жөнүндө" жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген. Бүтүндөй алганда, аталган жоболордун ченемдери төлөмдөрдү инновациялык инструменттер менен өткөрүү жана калкты банк эмес финансы-кредит уюмдары аркылуу аралыктан тейлөө ыкмаларын кеңейтүүгө багытталган.

### 4.1.3. Төлөм системасынын ишин көзөмөлдөө (оверсайт)

Улуттук банк өлкөнүн финансы сектору үчүн жогорку мааниге жана артыкчылыкка ээ болуп саналган төлөм системаларын жыл сайын аныктап турат. Натыйжада, 2019-жылы ГСРРВ жана ПКС системалуу мааниге ээ төлөм системалары, ал эми ГСРРВ, ПКС жана "Элкарт"[1] - улуттук төлөм системалары катары таанылган.

*Улуттук төлөм системаларынын иши*

Жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыгы боюнча системалуу мааниге ээ төлөм системалары штаттык режимде иштеген (эки системанын 2019-жыл ичиндеги жеткиликтүүлүк коэффициенти[2] 100,0 пайызды түзгөн). Системалардагы финансылык тобокелдик деңгээли анда каралган ликвиддүүлүктү тескөө механизмдеринин жана корреспонденттик эсептердеги жетиштүү ликвиддүү каражаттар эсебинен системада жүгүртүлгөн каражаттарга карата минималдуу чекте катталган (2019-жыл ичинде ГСРРВ ликвиддүүлүк коэффициенти 1,3 түзгөн).

"Элкарт" банктык төлөм карттары менен эсептешүүлөр системасынын жеткиликтүүлүк коэффициенти 2019-жылы 99,8 пайызды түзгөн, бул маалымат системалары үчүн кыйла жогорку көрсөткүч болуп саналат (план боюнча жеткиликтүүлүк көрсөткүчү катары 95,0 пайыз алынат).

Калктын көптөгөн майда жана утурумдук төлөмдөрүн иштеп чыккан чекене төлөм системаларынын (банктык төлөм карттары менен эсептешүү системалары, акча которуу системалары, үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү кабыл алуу, электрондук акча менен эсептешүү системалары) үзгүлтүксүз иштеши өлкөнүн финансы секторунун туруктуулугу үчүн маанилүү фактор болуп саналат.

Отчеттук жыл ичинде эл аралык төлөм системалары менен Кыргыз Республикасынын аймагында эл аралык карттар боюнча улуттук валютада эсептешүүлөрдү жүргүзүү тууралуу келишимдер макулдашылган жана кол коюлган. Бул долбоорлор алкагында эсептешүүлөрдүн гарантияланышын камсыз кылуу үчүн коммерциялык банктар тарабынан Улуттук банкта камсыздандыруу (резерв) фондулары түзүлгөн.

*Маанилүүлүк критерийлери*

2019-жылы Кыргыз Республикасынын финансы секторунда системалуу тобокелдиктерди минималдаштыруу үчүн маанилүү төлөм системалары жана маанилүү кызмат көрсөтүүлөр провайдерлери үчүн критерийлер төлөм

[1] Банктык төлөм карттары менен эсептешүүлөр системасы.

[2] Жеткиликтүүлүк коэффициенти – бул системанын пайдалануучуларынын кызматтардан жана маалыматтардан пайдалануу мүмкүнчүлүгү. Техникалык үзгүлтүктөрдөн жана алдын алуу иштерин жүргүзүүдөн улам системада келип чыккан үзгүлтүктөр системадан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн азайтат.

системасынын катышуучулары арасындагы өз ара байланышты эске алуу менен кайра каралып чыккан. Жаңы критерийлер төлөм системасы үчүн потенциалдуу системалуу тобокелдиктерди өзүндө камтыган төлөм кызмат көрсөтүүлөр рыногунун кыйла маанилүү катышуучуларын аныктоого мүмкүндүк берет. Бул катышуучуларга уставдык капиталы жана ишин жөнгө салуу боюнча кыйла жогорку талаптар коюлат.

### 4.1.4. Нак эмес төлөмдөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча иш-чаралар

Отчеттук жыл ичинде нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча ведомстволор аралык комиссиянын отурумдарында региондордо банктык жабдууну орнотууга, медициналык кызмат көрсөтүүлөр, жол жүрүүнүн эрежелерин бузуулар үчүн айыптык төлөмдөрдү нак эмес түрдө төлөөгө, нак эмес эсептешүүлөр боюнча ченемдик укуктук актыларды жайылтууга байланыштуу маселелер каралган.

Нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча мамлекеттик программанын иш-чаралар планын аткаруунун жыйынтыгында 2019-жылы төмөнкүдөй натыйжаларга жетишилген:

– 175,9 миң адам социалдык төлөөлөрдү банктык төлөм карттары аркылуу (алуучулардын жалпы санынын 55,6 пайызы) алышкан, ал эми 2018-жылы алардын саны 121,2 миң адамды түзгөн (алуучулардын жалпы санынын 29,5 пайызы);
– 371,0 миң адам пенсиясын коммерциялык банктардагы эсептер аркылуу алышкан, бул пенсионерлердин жалпы санынын 55,1 пайызына жакынын түзүү менен 2018-жылга салыштырганда 12,7 пайызга көбөйгөн;
– банктык жабдууларды сырттан алып келүүгө коммерциялык банктарды КНС төлөөдөн бошотуу шарты каралган, 2018-жылы кабыл алынган Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Салык кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” мыйзамынын алкагында, коммерциялык банктар тарабынан өлкөгө 240 банкомат, 2 925 POS-терминал жана 408 төлөм терминалы алынып келинген;
– медициналык кызмат көрсөтүүлөргө төлөө үчүн 366 саламаттыкты сактоо уюмунун ичинен 240 уюмда POS-терминалдар орнотулган, бул 65,6 пайызды түзгөн.

Чарба жүргүзүүчү субъектилердин эмгек акысын банктык төлөм карттарына которуу максатында, “Кыргыз Республикасындагы банктык төлөм карттар жөнүндө” жобого өзгөртүүлөр киргизилген. Ага ылайык пенсияларды, социалдык жөлөк пулдарды жана башка бюджеттик каражаттардан түшүүлөрдү/төлөөлөрдү, ошондой эле эмгек акы долбоорлорунун алкагында бюджеттик уюмдардын жана чарба жүргүзүүчү субъектилердин эмгек акысын 50 пайыздан жогору мамлекеттик катышуу үлүшү менен төлөө “Элкарт” улуттук төлөм карты аркылуу гана жүзөгө ашырылууга тийиш.

Өлкөнүн алыскы аймактарын кошо алганда, калк жашаган конуштардын дээрлик жарымы банктык төлөм карттарын колдонгон калкка POS-терминалдарды пайдалануу менен пенсияларды, жөлөк пулдарды, эмгек акы төлөө жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү, салыктарды жана башка төлөмдөрдү “Кыргыз почтасы” мамлекеттик ишканасынын 321 почта байланыш бөлүмдөрү аркылуу төлөө боюнча долбоорлорго камтылган.

Калктын кеңири катмары банктык төлөм карттары аркылуу банктык кызмат көрсөтүүлөрдөн кеңири пайдаланышы үчүн 2019-жылдын май айында “Кыргыз инкассациясы” ЖАК тарабынан коммерциялык банктар менен биргеликте Жалал-Абад, Ош жана Нарын областтарынын алыскы райондорунда көчмө кассалык

тейлөө пункттарын уюштуруу долбоору ишке ашырылган. Отчеттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча аталган долбоордун алкагында, 791 адамга кызмат көрсөтүлүп, берилген сумманын көлөмү 9,3 млн сомду түзгөн. Муну менен бирге эле банктык жабдууларды орнотууга муктаждыктын деңгээли аныкталган.

Керектөөчүлөрдүн укугун коргоо, ошондой эле аларды жүзөгө ашырууда жеке ишкерлер жана юридикалык жактар товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө төлөмдөрдү нак эмес түрдө кабыл алуу үчүн POS-терминалдарды орнотууга милдеттүү болгон иштин айрым түрлөрүн жайылтуу жана кеңейтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен биргеликте Өкмөттүн №869 “Керектөөчүлөрдүн укугун коргоо жөнүндө” токтомуна өзгөртүүлөр киргизилген.

2019-жылдын акырына карата соода-тейлөө ишканаларында орнотулган POS-терминалдардын саны жылдын башталышынан тартып 11,0 пайызга көбөйүү менен 8 995 даанага жеткен.

## 4.2. Нак акча жүгүртүлүшү

Экономиканын нак акчага болгон муктаждыгын өз убагында камсыз кылуу Улуттук банктын негизги милдеттеринин бири болуп саналат. Бул үчүн Улуттук банк коммерциялык банктар аркылуу жүгүртүүдөгү акча түзүмүн жөнгө салат.

Отчеттук жыл ичинде банкноттордун жана монеталардын керектүү номиналдарынын оптималдуу запастарын толуктап туруу, аларды жүгүртүүгө чыгаруу, эскилиги жеткен акчаны колдонуудан алып салуу жана жок кылуу иштери улантылган.

2019-жылы жүгүртүүдөгү нак акчанын жалпы суммасы 13,5 пайызга көбөйүү менен 106,2 млрд сомду түзгөн.

***4.2.1-график.***
Жүгүртүүдөгү нак акча көлөмүнүн өзгөрүү динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




2019-жылы 385,5 млн банкнот барагы жана 397,2 млн даана монета нак акчасы жүгүртүлгөн. Отчеттук жыл ичиндеги жүгүртүүдөгү акчанын жалпы суммасынын 98,8 пайызы банкноттор үлүшүнө, ал эми 1,2 пайызы монеталар үлүшүнө туура келген. Жүгүртүүдөгү банкноттор менен монеталардын купюра боюнча түзүмү 4.2.1-таблицада берилген.

**4.2.1-таблица.**

Банкноттордун жана монеталардын жүгүртүүдөгү акчанын жалпы суммасына карата салыштырма салмагы

*(жүгүртүүдөгү акчанын жалпы суммасынан пайыздык катышта)*

| Номиналы | 5 сомго чейин | 10 сом | 20 сом | 50 сом | 100 сом | 200 сом | 500 сом | 1 000 сом | 2 000 сом | 5 000 сом | **Бардыгы болуп** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2018-жыл | 0,8 | 0,6 | 0,6 | 0,8 | 1,6 | 3,7 | 10,3 | 40,8 | 7,9 | 32,9 | **100,0** |
| 2019-жыл | 0,8 | 0,4 | 0,6 | 0,9 | 1,7 | 3,9 | 10,2 | 38,4 | 11,5 | 31,6 | **100,0** |

*Коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын түшүүсү, берүү*

2019-жылы коммерциялык банктардын кассаларына түшкөн нак акчанын көлөмү 2 065,3 млрд сомду түзүп, 2018-жылга салыштырганда 21,5 пайызга көбөйгөн. Ал эми коммерциялык банктардын кассаларынан нак акча берүү көлөмү 22,2 пайызга өсүп, 2 085,3 млрд сомду түзгөн.

**4.2.2-таблица.**

Коммерциялык банктардын кассалары аркылуу нак акчанын региондор боюнча кыймылы

| | Түшүүсү, *млрд сом* | | Берилиши, *млрд сом* | | Кайтарымдуулук, *пайыздар* | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2018-жыл | 2019-жыл | 2018-жыл | 2019-жыл | 2018-жыл | 2019-жыл |
| **Бардыгы болуп** | **1 699,2** | **2 065,3** | **1 706,4** | **2 085,3** | **99,6** | **99,0** |
| Бишкек шаары | 817,0 | 1 070,0 | 799,3 | 1 056,3 | 102,2 | 101,3 |
| Баткен областы | 74,9 | 85,9 | 74,8 | 85,8 | 100,1 | 100,1 |
| Жалал-Абад областы | 175,9 | 209,1 | 186,0 | 223,1 | 94,6 | 93,7 |
| Ысык-Көл областы | 89,4 | 100,8 | 93,5 | 105,3 | 95,6 | 95,7 |
| Нарын областы | 39,5 | 44,7 | 43,0 | 47,2 | 91,9 | 94,7 |
| Ош шаары | 219,3 | 247,1 | 221,8 | 253,8 | 98,9 | 97,4 |
| Ош областы | 88,5 | 96,6 | 88,1 | 96,4 | 100,5 | 100,2 |
| Талас областы | 37,0 | 47,6 | 42,4 | 54,1 | 87,3 | 88,0 |
| Чүй областы | 157,7 | 163,5 | 157,5 | 163,3 | 100,1 | 100,1 |

Нак акча жүгүртүүнүн ишенимдүүлүгүн жана коопсуздугун камсыз кылуу максатында, Улуттук банк укук коргоо органдары менен өз ара иш алып баруу менен жасалма акчаны даярдоого жана жайылтууга жол бербөө иштерин уланткан. “Сом – Кыргызстандын жүзү” деп аталган маалымат берүү-агартуу кампаниясынын алкагында калкка, банк тутумуна улуттук валюта банкнотторунун жана монеталарынын аныктыгынын белгилери жөнүндө маалымат берилип турган, ошондой эле финансы-кредит уюмдарынын кассалык кызматкерлери окутулган.

Ушул жүргүзүлгөн иштердин жыйынтыгында 2019-жылы аныкталган жасалма банкноттордун саны 116 дааналы, жалпы суммасы 199,9 миң сомду (2018-жылы – 1 207 даана, жалпы суммасы 120,5 миң сом) түзгөн. Жасалма акча жасоонун деңгээли бир миллион анык банкноттон 0,3[1] жасалма банкнотту түзгөн, бул минималдуу – 1-деңгээл катары классификацияланат (0-10 жасалма/млн).

Жогорку коргоо деңгээлине ээ басып чыгаруу, улуттук валютанын банкнотторунун дизайны, коргоо элементтери жана техникалык мүнөздөмөлөрү тармагында принципиалдуу жаңы иштеп чыгууларды ар тараптуу изилдөө жана тажрыйба алмашуу үчүн 2019-жылы Улуттук банктын колдоосу менен Борбордук Азияда биринчи жолу акча белгилерин чыгаруу боюнча “Банкноттордун дизайны жана корголушу” деген регионалдык эл аралык симпозиум өткөрүлгөн. Анда банкноттордун жаңы серияларын даярдоо жана чыгаруу боюнча маселелер, ошондой эле калкка маалымдоо иштерин жүргүзүү ыкмалары каралган. Бул ишке

[1] Жасалма акча жасоо деңгээли (жасалма/млн даана) жүгүртүүдөгү бир миллион даана анык банкнотко карата табылган жасалма банкноттордун санынын катышы менен аныкталат. Дүйнөлүк тажрыйбада жасалма акча жасоонун алты деңгээлин ажырата билишет.

он борбордук банктын өкүлдөрү, ошондой эле банкнот өндүрүшүнүн алдыңкы эксперттери катышкан.

*Аффинаждалган өлчөнгөн алтын куймаларын сатуу*

Калк үчүн каражат топтоо жана инвестициялоо боюнча жаңы инструменттер рыногун жана өлкөнүн ишканаларын калыптандырууга, банктарга инвестицияларды тартууга, Кыргызстандын алтын казып алуу өнөр жай тармагынын потенциалын өнүктүрүүгө багытталган Кыргыз Республикасында баалуу металлдар рыногун калыптандыруу жана өнүктүрүү концепциясын ишке ашыруунун алкагында, Улуттук банк 1, 2, 5 жана 10 грамм, 31,1035 грамм (1 трой унциясы) жана 100 грамм салмагындагы 999,9 сапат белгисине ээ аффинаждалган өлчөнгөн алтын куймаларын сатууну уланткан.

2019-жылы 58,3 млн сом суммасына аффинаждалган өлчөнгөн алтын куймалар (2018-жылы – 60,6 млн сом суммасына) сатылып, ал эми кайра сатылып алынган куймалардын суммасы – 20,4 млн сомду (2018-жылы 41,4 млн сом) түзгөн.

***4.2.2-график***

Сатылган аффинаждалган өлчөнгөн алтын куймалардын саны

*(даана)*




***4.2.3-график.***

Кайра сатылып алынган аффинаждалган өлчөнгөн алтын куймалардын саны

*(даана)*




Банктык баалуу металлдар рыногун өнүктүрүүнүн, кардарлар базасын жана кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүн кеңейтүүнүн алкагында, Улуттук банк жеке адамдар жана юридикалык жактар үчүн 31,1035 грамм жана 100 грамм салмагындагы аффинаждалган өлчөнгөн алтын куймаларды сактоого алуу кызмат көрсөтүүсү да улантылган.

*Эстелик монеталар*

Кыргыз элинин руханий жана маданий баалуулуктарын даңазалоо жана жайылтуу максатында, монета чыгаруу боюнча заманбап технологияларды колдонуу менен маанилүү тарыхый окуяларды чагылдырган коллекциялык эстелик монеталарын чыгаруу жана жайылтуу иштери улантылган.

Улуттук банк отчеттук жылы коллекциялык монеталарды көргөзмөгө чыгаруу жана жайылтуу максатында, жыл сайын өтүүчү Дүйнөлүк акча көргөзмөсүнүн Германияда өткөн “World Money Fair 2019” деп аталган 48-көргөзмөсүнө катышкан. Көргөзмөгө катышуунун натыйжасында дүйнөлүк коомчулуктун монеталарга гана эмес, бүтүндөй өлкөгө кызыгуусу артып, коллекциялык монеталарды эл аралык нумизматика рыногунда сатуу тармагы кеңейет.

2019-жылы коллекциялык эстелик монеталарынын төмөнкүдөй төрт түрү жүгүртүүгө чыгарылган:

– “Тарыхый окуялар” сериясынан “Евразия экономикалык бирлигине 5 жыл” күмүш монетасы. Бул ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын эл аралык монета программасынын алкагында чыгарылган;
– “Кыргыз каганатынын доору” сериясынан “Тиричилик буюмдары: Кыргыз кумурасы” күмүш монетасы;
– “Кыргыз каганатынын доору” сериясынан “Тиричилик буюмдары: Кыргыз кийими, зер буюмдары” күмүш монетасы;
– “Кыргыз каганатынын доору” сериясынан “Тиричилик буюмдары: Кыргыз кийими, зер буюмдары” жез-никель монетасы.

***4.2.1-сүрөт.***
“Евразия экономикалык бирлигине 5 жыл” күмүш монетасы




***4.2.2-сүрөт.***
“Тиричилик буюмдары: Кыргыз кумурасы” күмүш монетасы



***4.2.3-сүрөт.***

“Тиричилик буюмдары: Кыргыз кийими, зер буюмдары” күмүш монетасы




***4.2.4-сүрөт.***

“Тиричилик буюмдары: Кыргыз кийими, зер буюмдары” жез-никель монетасы



# 5-ГЛАВА. ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТТАШУУ ЖАНА КООМЧУЛУК МЕНЕН ИШ АЛЫП БАРУУ

## 5.1. Эл аралык кызматташуу

Отчеттук жылы Улуттук банк борбордук (улуттук) жана интеграциялык банктар, эл аралык уюмдар, финансы институттары жана бирикмелер менен кызматташууну уланткан.

*Эл аралык финансылык уюмдар менен кызматташуу*

2019-жылдын ичинде Улуттук банк Эл аралык валюта фондусунда (ЭВФ) Кыргыз Республикасынын атынан башкаруу офис катары, Кыргыз Республикасынын ЭВФ менен координациялоо жана өз ара иш алып баруу жагында иштерди жүзөгө ашырган. Өлкөдө учурда түптөлгөн экономикалык жагдайды талкуулоо максатында, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын өкүлдөрүнүн ЭВФ миссиясы менен бир катар жолугушуулары, ошондой эле ЭВФке мүчө өлкөлөр үчүн IV статьяга ылайык консультациялар өткөрүлгөн. IV статья боюнча консультацияларды өткөрүү процессине сот жана күч түзүмдөрүн кошо алганда, дээрлик бардык мамлекеттик органдар тартылган. IV статья боюнча консультацияларды өткөрүүнүн жыйынтыгы боюнча ЭВФ персоналынын отчету ЭВФ расмий сайтында жарыяланган.

Дүйнөлүк банктын колдоосу менен Кыргыз Республикасынын жөнгө салуучу органдарынын өкүлдөрү, Улуттук банктын кызматкерлери жана аудитордук компаниялар үчүн финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттары (ФОЭС 9) боюнча семинар уюштурулган. Семинарда Кыргыз Республикасында ФОЭС 9 ишке киргизүүнүн негизги маселелери талкууланган.

2019-жылы Кыргыз Республикасынын аймагында ислам каржылоо принциптерин андан ары өнүктүрүү чөйрөсү боюнча Ислам өнүктүрүү банкы менен өз ара иш алып баруу улантылган.

Ислам финансы кызмат көрсөтүүлөрү боюнча кеңеш (IFSB) жана Ислам өнүктүрүү банкынын тобунун курамына кирген Эл аралык ислам соода-финансылык корпорациясы (ITFC) менен кызматташуу линиясы боюнча Улуттук банк тарабынан ислам финансы кызмат көрсөтүүлөрүн сунуштаган институттар үчүн стандарттарды өркүндөтүү боюнча өз ара иш алып баруу улантылган. IFSB жана Улуттук банктын ортосундагы өз ара иш алып баруунун алкагында, IFSB эксперттери Улуттук банктын көзөмөл блогунун кызматкерлери жана ислам банк иши жана каржылоо принциптери боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштаган банк секторунун өкүлдөрү үчүн IFSB стандарттары боюнча семинар өткөргөн. Семинар ислам банк ишин жөнгө салуу жана көзөмөлдөө үчүн ченемдик укуктук базаны өркүндөтүү, ошондой эле шариат боюнча башкаруу концепциясын жана Кыргыз Республикасында ислам акча-кредит саясатынын инструменттерин иштеп чыгуу максатында өткөрүлгөн.

Ислам өнүктүрүү банкынын тобуна мүчө өлкөлөрдүн башкаруучуларынын жылдык 44-жыйыны өткөрүлгөн, анда Кыргыз Республикасынын делегациясынын курамында Улуттук банктын өкүлдөрү катышкан. Жыйындын жүрүшүндө Ислам өнүктүрүү банкынын тобунун президенти, Эл аралык ислам соода-финансы корпорациянын өкүлдөрү, ошондой эле Азия инфраструктуралык инвестициялар банкынын, ОПЕК эл аралык өнүктүрүү фондунун, Араб экономикалык өнүктүрүүнүн Кувейт фондунун өкүлдөрү менен жолугушуулар уюштурулган.

Улуттук банк Евразия экономикалык бирлигинин (ЕАЭБ), Мамлекеттер аралык банктын, Көз карандысыз мамлекеттер шериктештигинин (КМШ), Шанхай кызматташуу уюмунун (ШКУ) финансылык жана банк иши боюнча интеграциялык процесстерине жана иш-чараларына катышкан.

*Интеграциялык институттар менен кызматташуу*



ЕАЭБ алкагында түзүлгөн (чакан комитеттердин, жумушчу топтордун жана чакан топтордун) консультативдик жана жумушчу органдарда иш улантылган. Алсак, 2019-жылы Макроэкономикалык саясат боюнча консультативдик комитеттин алкагында ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин өз ара соода жүргүзүү болжолдоолорунун экономикалык өнүгүүсүнүн туруктуулугун аныктаган, макроэкономикалык көрсөткүчтөрдү эсептөө, талдоо жана болжолдоо боюнча бирдиктүү позицияларды иштеп чыгууга, ЕАЭБге мүчө мамлекеттерде экономикалык жагдайдын туруктaшуусуна багытталган сунуш-көрсөтмөлөрдү жана биргелешкен чараларды иштеп чыгуу жол-жобосун өркүндөтүүгө багытталган иштер жүргүзүлгөн.

Статистика боюнча консультативдик комитеттин иши жагында ЕАЭБ статистикасы чөйрөсүндө интеграцияны 2021-2025-жылдарга өнүктүрүү жана ЕАЭБ статистикалык көрсөткүчтөрүн түзүү методологиясы программасы талкууланган. Эки тараптуу жолугушуулардын жыйынтыгында төлөм теңдемин "кайра чагылдыруу статистикасы" боюнча баяндама өткөрүлгөн жана ЕАЭБ статистикасы чөйрөсүндө интеграцияны 2016-2020-жылдарга өнүктүрүү программасын ишке ашыруу боюнча 2020-жылга каралган иш-аракеттер планынын алкагында иш-чаралар пландаштырылган.

Финансы рыноктору боюнча консультативдик комитеттин ишинин жүрүшүндө ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин финансы, банк иши, баалуу кагаздар рыногу, камсыздандыруу, валюталык жөнгө салууга тиешелүү мыйзамдарды шайкеш келтирүү маселелери каралоо алынган. Евразия экономикалык бирлигинин келишимдик-укуктук базасын өнүктүрүү боюнча иш жүргүзүлгөн, атап айтканда, Жогорку Евразия экономикалык кеңеш тарабынан Жалпы финансылык рынокту түптөө концепциясы кабыл алынган. ЕАЭБ алкагында кредиттик таржымалдардын курамына кирген маалымат менен алмашуу тартиби жөнүндө макулдашуунун долбоору иштелип чыгууда.

ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын Валюта саясаты боюнча консультациялык кеңешинин күн тартибине ылайык, ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин Курс саясаты боюнча консультациялык кеңеш жөнүндө келишимдин долбоорун иштеп чыгуу иши улантылган.

Отчеттук мезгил ичинде Улуттук банк финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо жана финансылык жеткиликтүүлүк боюнча ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын консультативдик кеңешинин сегизинчи жана тогузунчу отурумдарына катышкан. Финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөрдүн укуктарын мыйзамдуу жөнгө салуу жана аларды бузгандыгы үчүн санкцияларды колдонуу тажрыйбасы, финансылык консультанттардын ишин жөнгө салуу, финансылык продукттар жөнүндө маалыматтарды ачып көрсөтүү боюнча онлайн-платформаларды түзүү маселелери каралоо алынган.

Финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо жана финансылык жеткиликтүүлүк, борбордук (улуттук) банктардын байланыш-борборлорунун ишин уюштуруу чөйрөсүндө жүргүзүлгөн баяндамалардын жыйынтыгы каралоо алынып, ЕАЭБге мүчө мамлекеттерде калкты чек аралык коргоо жөнүндө макулдашуунун концепциясын иштеп чыгуу маселеси талкууга алынган.

2019-жыл ичинде ЕАЭБ өлкөлөрүнүн улуттук төлөм системаларын өнүктүрүүнү координациялоо боюнча жумушчу топ "Элкарт" улуттук төлөм системасынын "Мир" Россия төлөм карттары менен системалар аралык интеграцияны жүзөгө ашыруу боюнча иш өткөрүлгөн, анын жыйынтыгы боюнча 2019-жылдын акырына карата "Мир" төлөм картын Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын банкоматтарды жана POS-терминалдары тейлөөгө кабыл алышууда.

Киберкоопсуздук чөйрөсүндө кызматташуу жагында ЕАЭБ курамында финансы рыногунун маалыматтык коопсуздугун камсыздоо жана финансы-кредит чөйрөсүндөгү компьютердик программаларга чабуул коюуга каршы аракеттенүү маселелери боюнча Жумушчу топту түзүү жөнүндө макулдашууга кол коюлган. Бул макулдашуунун максатынан болуп, маалымат коопсуздугун камсыздоо механизмдерин, анын ичинде компьютердик программаларга чабуул коюуну алдын алууга жана аныктоого, компьютердеги маалыматтан укуксуз пайдалануу шарттарын токтотууга багытталган механизмдерди жакындатуу аркылуу ЕАЭБге мүчө-мамлекеттердин финансы-кредит системасынын маалымат коопсуздугунун деңгээлин жогорулатуу боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү даярдоо саналат.

Улуттук банктын Борбордук (улуттук) банктардын Евразия кеңешинде (Кеңеш) мүчөлүгүн алкагында иштер жүргүзүлгөн. 2019-жылы Улуттук банк Кеңештин 41-отурумун өткөргөн, анын жүрүшүндө Армян Республикасынын, Беларусь Республикасынын, Казакстан Республикасынын, Кыргыз Республикасынын, Россия Федерациясынын жана Тажикстан Республикасынын банк системалары үчүн актуалдуу болуп саналган маселелер каралган. Кеңештин иш жыйынтыгы боюнча Жеке адамдардын тапшыруусу боюнча чет өлкөлөргө банктык эсеп ачпастан акча каражаттарын которуучу финансы уюмдарына акча каражаттарын которуу боюнча кызмат көрсөтүү рыногунун ачык-айкындыгын жана керектөөчүнү коргоону камсыздоого тиешелүү сунуш-көрсөтмөлөр жөнүндө Меморандумга жана 2013-жылдын 18-октябрындагы Жеке адамдардын тапшыруусу боюнча чет өлкөлөргө банктык эсеп ачпастан акча каражаттарын которуучу кредиттик уюмдарга акча каражаттарын которуу боюнча кызмат көрсөтүү рыногунун ачык-айкындыгын жана керектөөчүнү коргоону камсыздоого тиешелүү сунуш-көрсөтмөлөр жөнүндө Борбордук (улуттук) банктар ортосунда түзүлгөн меморандумдун аракетин токтотуу тууралуу протоколго кол коюлган.

Банк ишинин айрым багыттарын кыйла кеңири изилдеген Кеңешке отчет берүүчү органдардын иши улантылган. “Борбордук (улуттук) банктардын персоналын кесиптик окутуу маселелери боюнча координациялык кеңеши жөнүндө” жобонун жана “Борбордук (улуттук) банктардын аудитордук иши боюнча консультативдик кеңеш жөнүндө” жобонун жаңы редакциялары кабыл алынган.

*Эки тараптуу кызматташуу*

Улуттук банк Сауд Арабия Королдугунун, Казакстан Республикасынын, Кытай Эл Республикасынын, Кувейт мамлекетинин, Бириккен Араб Эмираттары, Польша Республикасынын, Түркия Республикасынын, Швейцария Конфедерациясынын борбордук (улуттук) банктары менен өз ара иш алып баруунун алкагында, эки тараптуу өкмөттөр аралык комиссиялардын ишине жигердүү катышкан.

*Техникалык кызматташуу*

Улуттук банк квалификацияны жогорулатуу жана техникалык жардам алуу программалары боюнча тажрыйба алмашуу максатында, Швейцария Улуттук банкы, Польша Улуттук банкы, Түркия Борбордук банкы, Дойче БундесБанкы, Украина Улуттук банкы; ошондой эле Азия өнүктүрүү банкы, Дүйнөлүк банк, Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкы, Эл аралык валюта фонду, Швейцариянын экономика боюнча мамлекеттик катчылыгы (SECO), Бириккен Вена институту (JVI), Германия эл аралык кызматташуу коому (GIZ), Германия эл аралык кызматташуу боюнча Шпаркасс фонду менен тыгыз кызматташтыкта иш алып барган.

Кытай Эл банкынын делегациясы банк ишине тиешелүү маселелер боюнча тажрыйба алмашуу максатында, Улуттук банкка визит менен келип кетишкен, анын жыйынтыгы боюнча тараптар борбордук (улуттук) банктардын ортосунда өз ара кызматташтыкты чыңдоону жана андан ары өнүктүрүүнү макулдашышкан.

Банктар ортосунда кызматташтыкты түзүү жана өнүктүрүү, Кыргыз Республикасында ислам каржылоо принциптерин өнүктүрүү максатында, 2019-жылы Катар мамлекетинин Борбордук банкынын жана коммерциялык банктарынын өкүлдөрү визит менен келишкен.

## 5.2. Коомчулук менен иш алып баруу жана калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу

Улуттук банк 2019-жылы финансы рыногунун катышуучулары жана калк менен өз ара иш алып барууну кеңейтүүгө, ошондой эле Улуттук банктын ишине карата ишенимди арттырууга багытталган коомчулукка маалымдоо саясатын улантkan.

Отчеттук жылы баа туруктуулугунун камсыз кылууга багытталган акча-кредит саясаты жөнүндө; калктын банктык кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыздаган банк тутумунун туруктуулугу жөнүндө; төлөм системасынын жана санарип технологияларынын өнүгүшү жөнүндө, ошондой эле керектөөчүлөрдүн укугун коргоо жана калктын финансылык сабаттуулугу жөнүндө коомчулукка маалымдоо Улуттук банктын коммуникациялык саясатынын артыкчылыктуу багыттарынан болгон.

Маалымат Улуттук банктын жетекчилигинин катышуусунда пресс-конференцияларды уюштуруу, жакынкы келечектеги стратегиялык документтерди жарыялоо, расмий басылмаларды чыгаруу, жалпыга маалымдоо каражаттарында тиешелүү билдирүүлөрдү жарыялоо, телекөрсөтүүлөрдү жана радиоберүүлөрдү чыгаруу, Улуттук банктын расмий интернет-сайтында маалыматты жайгаштыруу, финансылык сабаттуулукту жогорулатуу боюнча www.finsabat.kg интернет-сайтынын жаңы модернизацияланган версиясы ар кандай форматтарды пайдалануу менен берилип турган.

2019-жылы Улуттук банк тарабынан республикалык сыяктуу эле, регионалдык жалпыга маалымдоо каражаттарында банк ишине тиешелүү маселелер боюнча 100дөн ашуун материалдар даярдалган. Улуттук банктын өкүлдөрүнүн катышуусунда радиостанцияларда жана телеканалдарда, басма сөз жана интернет-басылмаларда 150дөн ашык маалымат берүүлөр ачык уюштурулган жана өткөрүлгөн. Медиа-мейкиндикте Улуттук банктын ишине тиешелүү бир жарым миңден ашуун билдирүүлөр белгиленген.

*Жалпыга маалымдоо каражаттары менен кызматташуу*

Улуттук банк тарабынан жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү үчүн атайын маалымат берүү-агартуу иш-чаралары уюштурулган. Улуттук банктын жетекчилиги акча-кредит саясаты, Улуттук банктын эсептик чени, банктык жана төлөм системаларында орун алган жагдай, валюта рыногунда түптөлгөн тенденциялар, коллекциялык монеталар жана финансылык сабаттуулукка тиешелүү маселелер боюнча 8 пресс-конференцияга катышкан. Улуттук банктын ишинин ар кыл багыттарына тиешелүү 100дөн ашык кайрылуу каралган.

Отчеттук жылдын ичинде Коомдук телерадиоберүү корпорациясы (КТРК) менен кызматташуунун алкагында, телеканалда “Улуттук банк түшүндүрөт” программасы көрсөтүлгөн, күн сайын жаңылык блогунун чыгарылыштарында валюта курстары жана өлчөнгөн алтын куймалардын наркы тууралуу инфографика менен “Улуттук банк билдирет” рубрикасы эфирге чыгып турган. КТРКнын эфиринде Улуттук банк тарабынан калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу үчүн чыгарылган агартуу роликтеринин сериясы жана фольклордук ыр ырдоо стилинде баанын туруктуулугу, төмөн инфляция маанисин жана башка экономикалык терминологияны түшүндүрүп берген төкмө акындын катышуусу менен роликтер көрсөтүлгөн.

*Улуттук банктын медиа продукциялары*

Биринчи радио эфиринде “Улуттук банк билдирет” радиопрограммасынын 98 берүүсү жана Марал радиосунда “Эколикбез” радиопрограммасынын 20 берүүсү эфирге чыккан.

*Региондордо коомчулукка маалымат берүү иши*

Региондордо коомчулукка маалымат Улуттук банктын областтык башкармалыктары жана Баткен областындагы өкүлчүлүгү аркылуу маалымат берилип турган. Региондордун жалпыга маалымдоо каражаттарында 100дөн ашуун маалыматтык жана аналитикалык материалдар жарыяланган. Региондордун

жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү менен туруктуу негизде жолугушуулар өткөрүлүп турган.

2019-жылдын ичинде Ош, Баткен, Жалал-Абад, Талас жана Ысык-Көл областтарынын журналисттери үчүн окутуу семинарлары уюштурулган, ага аталган региондордон экономика жана финансы чөйрөсүнө адистешкен 40ка жакын журналист катышкан.

Кыргыз Республикасынын Президентинин "2019-жылды Региондорду өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештирүү жылы деп жарыялоо жөнүндө" жарлыгын аткаруу максатында, финансы-кредит уюмдары тарабынан сунушталган банктык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө региондордун бизнес-коомчулуктарынын маалымдар болуусун жогорулатуу боюнча иштер күчөтүлгөн.

Улуттук банк Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн колдоосу менен Баткен, Жалал-Абад, Ош, Нарын, Талас жана Ысык-Көл областтарында бир катар тегерек стол маектерин өткөргөн, ага Улуттук банктын жетекчилиги, жергиликтүү мамлекеттик бийлик органдарынын башчылары жана өкүлдөрү, Россия-Кыргыз өнүктүрүү фондунун, "Кепилдик фонд" ААКтын, "Банктар аралык процессинг борбору" ЖАКтын, коммерциялык банктардын, Депозиттерди коргоо боюнча агенттигинин жана жергиликтүү бизнес-коомчулуктардын өкүлдөрү катышкан.

*Коомдук кабылдаманын иши*

2019-жылы Улуттук банктын борбордук аппаратында, областтык башкармалыктарында жана өкүлчүлүгүндө иш алып барган коомдук кабылдаманын иши улантылган. Коомдук кабылдамалар жарандардын кат жүзүндөгү кайрылуулары жана өтүнүч каттары менен иш алып барып, Улуттук банктын ишине жана финансылык чөйрөгө тиешелүү маселелер боюнча консультацияларды жана маалыматтарды берип турган. Отчеттук жылдын ичинде Улуттук банкка 1 000ге жакын кат жүзүндөгү кайрылуу, анын ичинде областтык башкармалыктарга жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүнө – 200дөн ашуун кайрылуу келип түшкөн. Кайрылуулардын көпчүлүгү кредиттерди төлөө мөөнөттөрүн узартууга, карыз алуучулардын кредиттер боюнча төлөөгө жөндөмсүздүгүнө, коммерциялык банктарда жана микрофинансылык уюмдарда кредиттер боюнча пайыздык чендерди төмөндөтүүгө, коммерциялык банктардын жана микрофинансылык уюмдардын иш-аракеттерине даттанууларга, чет өлкө валюталарынын сомго карата расмий курсу боюнча маалымат берүү суроо-талаптарына, республиканын банк жана банк эмес уюмдарынын иши жөнүндө жана башка маалыматтарды алууга тиешелүү болгон.

Мындан тышкары, Улуттук банктын ишине тиешелүү ар кандай маселелер боюнча 5 000ден ашуун оозеки кайрылуулар келип түшкөн. Улуттук банктын жетекчилиги тарабынан Кыргыз Республикасынын "Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө" мыйзамына ылайык, 64 жаран жеке кабыл алынган. Финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөрдүн укугун коргоо маселелери боюнча жарандардан 300гө жакын кайрылуу катталган.

*Нумизматикалык музейлер*

2019-жыл ичинде Бишкек жана Ош шаарларындагы Улуттук банктын нумизматикалык музейлерине мектеп окуучулары жана студенттер, алыскы жана жакынкы чет өлкөлөрдүн, мамлекеттик органдардын жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү үчүн экскурсиялар уюштурулган. Экскурсиянын жүрүшүндө келүүчүлөр эгемен Кыргызстандын нак акча жүгүртүү тарыхы, өлкөнүн аймагында табылган байыркы монеталардын кайталангыс экспозициясы, алтындан, күмүштөн жана жез-никелден жасалган эстелик монеталардын коллекциялары, алтындан жасалган өлчөнгөн куймалар, ошондой эле Улуттук банк тарабынан чыгарылган башка нумизматикалык продукциялар менен таанышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушкан. Нумизматикалык музейге 1 600дөн ашуун адам келип кеткен.

*Расмий интернет-сайт*

Улуттук банктын расмий интернет-сайты бардык колдонуучуларга маалыматтан бирдей пайдалануу мүмкүнчүлүгүн ыкчам камсыздоо жагында коомчулукка маалымат берүүнүн маанилүү инструменти бойдон калууда. Улуттук

банктын ишинде ачык-айкындуулукту жогорулатуу жана ачык маалымат берүүнү камсыз кылуу максатында, расмий интернет-сайтты жакшыртуу, маалымат менен толуктоо жана актуалдаштыруу процессин өркүндөтүү иши улантылган.

*Улуттук банк социалдык тармактарда*

Маалыматты таркатуу каналдарын жана кайта байланышуу каналдарын көбөйтүү үчүн Улуттук банк социалдык тармактарда жана мессенджерлерде өзүнүн катышуусун кеңейткен. Youtube, Facebook жана Twitter социалдык тармактарында колдонулуп жаткан расмий баракчаларга кошумча дагы Instagram жана Telegram социалдык тармактарына аккаунттар ачылган.

Мамлекеттик органдардын программалары жана калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатууга багытталган иш-чаралар тууралуу маалымат, билим берүү жана финансылык сабаттуулук боюнча башка материалдар Улуттук банктын финансылык сабаттуулукту жогорулатуу боюнча www.finsabat.kg интернет-сайтында жайгаштырылган, ал 2019-жылы Германия эл аралык кызматташуу коомунун (GIZ) финансылык колдоосу астында модернизацияланган.

*Калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу*

Отчеттук жылы финансылык сабаттуулукту жогорулатуу Улуттук банктын артыкчылык берилген иш багыттарынын биринен болгон. 2016-2020-жылдарга Кыргыз Республикасынын калкынын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу программасын (мындан ары – Программа) ишке ашыруунун алкагында бир катар иш-чаралар өткөрүлгөн.

Координациялык кеңеш[1] тарабынан бекитилген Финансылык сабаттуулук боюнча базалык компетенциялар стандарттарына ылайык, калктын эресеге жеткенден кийинки катмары үчүн финансылык сабаттуулук боюнча бирдейлештирилген окуу курсу иштелип чыккан. Бул программа боюнча Микрофинансылык уюмдар ассоциациясы менен биргеликте жана GIZ коомунун финансылык колдоосу астында финансылык сабаттуулук боюнча 160тан ашуун тренерди окуткан 17 устат-тренер даярдалган, алар өз кезегинде өлкөнүн бардык региондорунда 1 500дөн ашык угуучулар үчүн эки күндүк семинарларды өткөргөн.

Улуттук банктын ролун жана функцияларын, керектөөчүлөрдүн укугун коргоону жана финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү санариптештирүүнү кошо алганда, финансылык сабаттуулук маселелери боюнча калкка маалымат берүү жана түшүндүрүү максатында “Финансылык сабаттуулук кербени” деп аталган маалымат берүү-түшүндүрүү кампаниясы уюштурулган. Улуттук банк “Банктар аралык процессинг борбору” ЖАК менен биргеликте республиканын шаарларында жана ири калктуу конуштарында көчмө семинарларды өткөргөн, анда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, билим берүү жана бюджеттик уюмдардын өкүлдөрү, ишкерлер жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү катышкан.

Германия эл аралык кызматташуу боюнча Шпаркасс фонду жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен биргеликте Ысык-Көл, Нарын жана Жалал-Абад областтарынын жалпы билим берүү мектептеринин 200дөн ашык мугалимдери финансылык сабаттуулук негиздери боюнча окутуудан өткөрүлгөн.

Улуттук банк министрликтер жана ведомстволор, эл аралык жана коомдук уюмдар, билим берүү мекемелери, финансы-кредит уюмдары менен биргеликте финансылык сабаттуулукту жогорулатуу боюнча кеңири масштабдагы түшүндүрүү иштерин өткөргөн: Дүйнөлүк акча жумалыгы жана Дүйнөлүк акча топтоо күнү. Бул иш-чаралардын жүрүшүндө лекциялар, интерактивдүү оюндар, финансылык мекемелерге экскурсиялар, сынактар, финансылык жармаңкелер ж.б. уюштурулган, аларга өспүрүм балдар, жаштар жана чоңдор катышкан. Дүйнөлүк акча

[1] Кыргыз Республикасынын калкынын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу боюнча 2016-2020-жылдарга каралган программаны ишке ашыруу боюнча Координациялык кеңеш Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин 2017-жылдын 27-январындагы №60 буйругу менен түзүлгөн.

жумалыгында 600гө жакын иш-чаралар өткөрүлгөн, аларда жүз миңден ашуун өспүрүм балдар жана чоңдор катышкан, ал эми Дүйнөлүк акча топтоо күнүнүн алкагында беш миңден ашкан катышуучулар үчүн 116 иш-чара уюштурулган.

2019-жылы мектеп окуучуларынын, жаштардын жана мектеп мугалимдеринин арасында финансылык билим берүү чөйрөсүндө өлкөнүн олуттуу жетишкендиктери үчүн Кыргыз Республикасы өлкөлөр категориясы боюнча Эл аралык финансылык билим берүү, балдар жана жаштар үчүн жеткиликтүүлүк уюму (Child and Youth Finance International, CYFI) тарабынан уюштурулган "Жаштарды тартуу-2019" номинациясында сынактын жеңүүчүсү катары таанылган. Сынакка 152 өлкө катышкан. Сыйлык 2016-2020-жылдарга Кыргыз Республикасынын калкынын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу программасынын координатору болгон Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына берилген.

МАЗМУНУ

# 6-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН ИШИ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТАР

## 6.1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын түзүмү

Отчеттук мезгил ичинде Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы уюштуруу түзүмүн оптималдаштыруу боюнча ишин уланткан.

Улуттук банктын туунду жана ассоциацияланган уюмдарын тескөө максатында 2019-жылы Улуттук банктын уюштуруу түзүмүндө Улуттук банктын туунду жана ассоциацияланган уюмдарын тескөө бөлүмү түзүлгөн.

Отчеттук мезгилдин акырында Улуттук банктын курамына борбордук аппараттын 29 түзүмдүк бөлүмү, беш областтык башкармалыгы жана Баткен областындагы бир өкүлчүлүгү кирген.

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн негизги милдеттери**

| | |
|---|---|
| ***Экономика башкармалыгы*** | акча-кредит саясаты боюнча сунуштарды иштеп чыгат; экономиканын монетардык, реалдуу, финансы, бюджет-салык секторлор чөйрөсүндө талдап-иликтөөлөрдү жүргүзөт; макроэкономикалык модель түзүүнү жана болжолдоолорду жүзөгө ашырат; макроэкономика, акча-кредит саясаты, фискалдык саясат, алмашуу курсу, реалдуу сектор маселелери боюнча илимий-изилдөө иштерин жүргүзөт |
| ***Акча-кредиттик операциялар башкармалыгы*** | акча-кредит саясатын ишке ашырат жана эл аралык камды тескөөгө алат; финансы рынокторунда операцияларды ишке ашырып, аларга баа берүүнү жана талдап-иликтөөнү жүргүзөт, ачык рынокто операцияларды натыйжалуу координациялоо максатында, финансы рынокторундагы тенденцияларды жана өзгөрүү себептерин аныктайт |
| ***Финансы статистикасы жана маалымдоо башкармалыгы*** | акча-кредит көрсөткүчтөрүнүн жана финансы рыногунун ишине тиешелүү көрсөткүчтөрдүн статистикасын, банк сектору жана банк эмес финансы-кредит уюмдары боюнча статистиканы жүргүзөт; Кыргыз Республикасынын төлөм теңдемин түзөт; тышкы карыз маселелери жагында эксперттик колдоо көрсөтөт; Кыргыз Республикасынын финансы системасынын туруктуулугун талдап-иликтейт жана баа берет; Улуттук банктын расмий басылмаларын чыгарат |
| ***1-Банктык көзөмөл башкармалыгы, 2-Банктык көзөмөл башкармалыгы*** | банк тутумунун туруктуулугун камсыз кылуу, аманатчылардын жана башка кредиторлордун таламдарын коргоо, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларында каралган талаптарга ылайык, коммерциялык банктардын ишине тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөлдү жүргүзүү аркылуу алардын арасында ак ниеттүү атаандаштыкты камсыз кылуу боюнча милдеттерди ишке ашырат |

| | |
|---|---|
| ***Банктарды көзөмөлдөө методологиясы жана лицензиялоо башкармалыгы*** | банктарды көзөмөлдөө методологиясын жана банктардын ишин лицензиялоону камсыз кылуу аркылуу банк тутумунун туруктуулугуна колдоо көрсөтөт |
| ***Банк эмес финансы-кредит уюмдарын көзөмөлдөө башкармалыгы*** | Улуттук банктан лицензия алышкан жана иши ал тарабынан жөнгө салынган банк эмес финансы-кредит уюмдарынын туруктуулугун камсыз кылуу боюнча милдеттерди ишке ашырат, аманатчылардын жана башка кредиторлордун кызыкчылыктарын коргойт, алардын ишине тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөлдү жүргүзүү аркылуу ак ниеттүү атаандаштыкты камсыз кылуу үчүн алгылыктуу шарттарды түзөт, банк эмес финансы-кредит уюмдарын көзөмөлдөө методологиясы жана банк эмес финансы-кредит уюмдарын талаптагыдай лицензиялоо режими менен камсыз кылат |
| ***Нак акча менен иш алып баруу башкармалыгы*** | Кыргыз Республикасынын экономикасынын банкнотторго жана моneталарга, аффинаждалган алтындан жана күмүштөн жасалган өлчөнгөн куймаларга, нумизматикалык баалуулуктарга муктаждыгын камсыз кылат; алардын оптималдуу запасын кармап турат; акча банкнотторун, монеталарды жана баалуулуктарды сактоону жана ташып жеткирүүнү жүзөгө ашырат; эскилиги жеткен банкнотторду жана кемтиги бар монеталарды жок кылуу боюнча комплекстүү чараларды жүргүзөт |
| ***Банктык эсептешүүлөр башкармалыгы*** | банктар аралык эсептешүү системасынын ишин уюштурууну камсыз кылат; финансы рынокторундагы операциялар жана бүтүмдөр боюнча эсептешүүлөрдү жүргүзөт |
| ***Банк ишин автоматташтыруу башкармалыгы*** | маалымат технологиялары тармагында сапаттуу жана өз учурунда сунушталган кызмат көрсөтүүлөр менен камсыз кылат; Улуттук банктын иш процесстеринде операциялык тобокелдиктерге баа берүү методикасын иштеп чыгат жана жайылтат; бизнес-процесстер тууралуу маалымат берет жана аларды талдап-иликтейт, аларды оптималдаштыруу боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү иштеп чыгат |
| ***Төлөм системалары башкармалыгы*** | төлөм системасы боюнча ченемдик укуктук базаны иштеп чыгат, банктар аралык төлөмдөрдүн үзгүлтүксүз өткөрүлүшүн жөнгө салат, талдап-иликтөөлөрдү жүргүзөт, көзөмөл (оверсайт) жүргүзөт жана контролдойт, жаңы төлөм жана финансы технологияларын изилдейт жана жөнгө салат; республиканын төлөм системасынын өнүгүшүнө өбөлгө түзөт, ошондой эле төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин лицензиялайт, жөнгө салат жана көзөмөлдөйт |

| | |
|---|---|
| ***Бухгалтердик эсепке алуу жана отчеттуулук башкармалыгы*** | банктын финансылык абалы, мамлекеттик баалуу кагаздардын депозитардык эсепке алынышы чагылдырылган финансылык отчетту түзүү жана аны пайдалануучуларга сунуштоо максатында, эл аралык эсепке алуу тажрыйбасына ылайык банктын операцияларынын эсебин жүргүзөт, ошондой эле берилген кредиттер боюнча күрөөлүк камсыздоону тариздейт, аларга мониторинг жүргүзөт |
| ***Юридика башкармалыгы*** | Улуттук банктын ишин укуктук жактан комплекстүү коштоп жүрүүнү, банк мыйзамдарын өнүктүрүү жана өркүндөтүү иштерин камсыз кылат |
| ***Коопсуздук жана маалыматтык коргонуу башкармалыгы*** | Улуттук банктын ишинин коопсуздугун камсыз кылат; Кыргыз Республикасынын финансы-кредит уюмдарынын, төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишинде киберкылмыштарга каршы аракеттерди көрүү боюнча иш жүргүзөт |
| ***Административдик-чарбалык ишти камсыздоо башкармалыгы*** | имараттарда жана курулмаларда иштин үзгүлтүксүздүгүн, аларды электр энергиясы менен камсыз кылат, материалдык-техникалык жактан жабдыйт жана транспорт менен камсыз кылат |
| ***Системалуу тобокелдиктерге талдап-иликтөөлөр бөлүмү*** | банк жана банк эмес секторлорунда системалуу мааниге ээ тобокелдиктерди аныктайт; банк тутумунун туруктуулугун камсыз кылуу чараларын көрүү боюнча сунуштарды даярдайт, ошондой эле терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарын сактоо боюнча Улуттук банктан лицензияланган финансы-кредит уюмдарынын ишине системалуу көзөмөлдү жүзөгө ашырат |
| ***Керектөөчүлөрдүн укугун коргоо бөлүмү*** | банк жана микрофинансылык кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөрдүн укугун коргоо боюнча иш алып барат |
| ***СВИФТ сервис бюросу бөлүмү*** | СВИФТ тарабынан иштелип чыккан, кардарлардын коопсуздугун камсыз кылуу программасынын талаптарына ылайык, Улуттук банкты жана Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарын сапаттуу жана үзгүлтүксүз СВИФТ кызмат көрсөтүүлөрү менен камсыз кылат |
| ***Улуттук банктын туунду жана ассоциацияланган уюмдарын тескөө бөлүмү*** | Улуттук банктын туунду жана ассоциацияланган уюмдары менен алардын иши, өнүктүрүү стратегиясы маселелери боюнча өз ара иш алып барат |
| ***Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана документ менен иш алып баруу бөлүмү*** | мамлекеттик тилде иш кагаздарын жүргүзүүнү жана жайылтууну, документтерди бир жерден жүгүртүүнү, Улуттук банктын документтеринин аткарылышын контролдоону, ошондой эле Улуттук банк Башкармасынын ишин камсыз кылат |

| | |
|---|---|
| ***Персонал менен иш алып баруу бөлүмү*** | банктын функцияларын жана милдеттерин аткаруу үчүн зарыл болгон эмгек ресурстарын камсыз кылуу боюнча функцияларды жүзөгө ашырат; кызматкерлерди окутуу жана квалификациясын жогорулатуу процессин ишке ашырат |
| ***Финансы жана мониторинг жүргүзүү бөлүмү*** | Улуттук банкты өнүктүрүү стратегиясын финансы ресурстары менен камсыз кылууга, негизги фондуларды, жүгүртүү каражаттарын жана финансы ресурстарын сактоого жана натыйжалуу пайдаланууга багытталган финансылык иш багытын уюштурат |
| ***Эл аралык кызматташуу бөлүмү*** | Улуттук банктын өнөктөш өлкөлөрдүн борбордук банктары, финансы жана интеграциялык институттары, ошондой эле башка тармактагы уюмдар менен эл аралык кызматташуу мамилелерин түзүү, чыңдоо жана өнүктүрүү боюнча иштерди жүргүзөт |
| ***Финансылык тобокелдиктерди контролдоо бөлүмү*** | Улуттук банктын операцияларын тышкы рыноктордо ишке ашыруу учурунда финансылык тобокелдиктерди тескейт |
| ***Коомчулук менен иш алып баруу бөлүмү*** | банктын коммуникациялык саясатына ылайык жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу Улуттук банктын иши жана саясаты тууралуу коомчулукка маалымат берет, Кыргыз Республикасында финансылык сабаттуулукту жогорулатууга көмөк көрсөтөт |
| ***Курулуш жана ремонт иштери бөлүмү*** | Улуттук банктын объектилеринде курулуш-монтаждоо, ремонт жана долбоор түзүү-изилдөө иштерин аткарат |
| ***Ички аудит кызматы*** | Улуттук банктын ишин өркүндөтүүгө багытталган тобокелдиктерди тескөө, контролдоо жана корпоративдик башкаруу процесстеринин натыйжалуулугуна баа берүү, аны жогорулатуу боюнча системага салынган жана ырааттуу ыкманы пайдалануу менен Улуттук банк Башкармасына көз карандысыз объективдүү гарантияларды жана консультацияларды берет |
| ***Сатып алууларды уюштуруу тобу*** | Улуттук банкта колдонуудагы ченемдик укуктук актыларга ылайык сатып алууларды уюштурат жана жүргүзөт, ошондой эле эл аралык финансы уюмдарынын жана донор-өлкөлөрдүн Улуттук банк тарабынан же анын түздөн-түз катышуусунда ишке ашырылуучу долбоорлорду коштоп жүрөт |
| ***Окуу-ден соолукту чыңдоо борбору ("Толкун" пансионаты)*** | Улуттук банктын кызматкерлеринин катышуусунда семинарлардын, тегерек стол маектеринин, башка окутуу жана социалдык-маданий иш-чаралардын өткөрүлүшүн камсыз кылат |
| ***Улуттук банктын областтык башкармалыктары жана Баткен областындагы өкүлчүлүгү*** | коммерциялык банктардын филиалдарын нак акча менен камсыз кылат; банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишин көзөмөлдөйт; финансы кызмат көрсөтүүлөрүнүн жеткиликтүүлүгүн кеңейтүү, төлөм системасын өнүктүрүү жана калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу боюнча борбордук банктын саясатын региондордо ишке ашырат |

*Улуттук банктын кызматкерлеринин саны*

2019-жылдын акырына карата Улуттук банктын кызматкерлеринин саны (стажерлорду кошкондо) 712 адамды түзгөн, анын ичинде 633 адам – борбордук аппаратта, 79 адам – областтык башкармалыктарда жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүндө эмгектенишет. Алардын ичинен аялдардын саны борбордук аппаратта 322 адамды, областтык башкармалыктарда жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүндө – 33 адамды түзгөн. Пайыздык катышта аялдардын саны 50,0 пайызды, эркектердин саны – 50,0 пайызды түзгөн.

2018-жылы Улуттук банктын кызматкерлеринин саны 701 адамды түзгөн, анын ичинде борбордук аппаратта – 623 адам, областтык башкармалыктарда жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүндө – 78 адам. Пайыздык катышта аялдардын саны 48,0 пайызды, эркектердин саны – 52,0 пайызды түзгөн.

*Персоналды окутуу*

Улуттук банк кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу максатында, адистерин жыл сайын окуудан өткөрүп турат. 2019-жылы адистерди окутуу Борбордук (улуттук) банктардын персоналын кесиптик окутуу программасынын, КМШ өлкөлөрүндө жана алыскы чет өлкөлөрдө, ошондой эле Кыргыз Республикасында, анын ичинде Улуттук банктын базасында уюштурулган окутуу иш-чараларынын алкагында өткөрүлгөн.

Улуттук банк менен эл аралык кызматташуу боюнча Шпаркасс фондунун (Германия) ортосунда түзүлгөн Узак мөөнөттүү кызматташуу жөнүндө меморандумду жүзөгө ашыруунун алкагында “Банк иши. Банктын кызматкерлерин дуалдык кесиптик окутуу” долбоорун ишке ашыруу улантылган. Отчеттук жыл ичинде окутуунун жыйынтыгы боюнча Улуттук банктын жана коммерциялык банктардын кызматкерлеринин ичинен 88 жаш адис даярдалган.

2019-жылы Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү жана жаш адистер үчүн өлкөнүн борбордук банкынын иш процессине катышуу аркылуу банктын кесиптик көндүмдөрүнө ээ болуу мүмкүнчүлүгүн түзүү максатында, “Жаш кесипкөйлөр” программасын ишке ашыруу улантылган.

Жаш адистерди сынак аркылуу тандоо үч баскычта өткөрүлгөн, анын жыйынтыгында 48 талапкердин ичинен 30 талапкер Улуттук банкта такшалуудан өтүүгө кабыл алынган.

*Сынак аркылуу тандоо*

Улуттук банкка кызматкерлерди ишке кабыл алууда ачык-айкын, бирдей жана адилеттүү мамилени камсыз кылуу үчүн сынак өткөрүү аркылуу тандоо системасы колдонулат, ал кесиптик даярдыгын эске алуу менен кыйла квалификациялуу адистерди ишке тартууга жана Улуттук банк тарабынан ага жүктөлгөн функциялардын талаптагыдай деңгээлде жүзөгө ашырылышын камсыз кылууга шарт түзөт.

Бош кызмат орундарына сынак өткөрүлө тургандыгы жөнүндө кулактандыруу Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жана жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыяланат.

2019-жылы 70 сынак, анын ичинен 14 сынак – областтык башкармалыктарда өткөрүлгөн. Бардыгы болуп сынакка 409 адам катышкан. Сынактын жыйынтыгы боюнча Улуттук банкка 56 адам ишке кабыл алынган.

2019-жылы кадрлардын иштен бошонуп кетиши 14,0 пайызды түзгөн, ал эми 2018-жылы 10,0 пайыз чегинде катталган.

Персоналдын иш стажы жана жаш курагы боюнча түзүмү тиешелүүлүгүнө жараша 6.1.1 жана 6.1.2-графиктерде келтирилген.

***6.1.1-график.***

Адистердин Улуттук банктагы иш стажы боюнча курамы




***6.1.2-график***

Адистердин жаш курагы боюнча курамы




Улуттук банктын негизги иш багыттары боюнча функцияларын жана милдеттерин натыйжалуу аткаруу максатында, комитеттер жана комиссиялар туруктуу негизде иштешет. 2019-жылдын акырына карата жети комитет, он комиссия, Улуттук банктын басылмаларынын алты редакциялык кеңеши жана илимий-эксперттик кеңеши иш алып барган, алардын иши тиешелүү жоболор менен жөнгө салынат.

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын негизги комитеттеринин жана комиссияларынын максаттары жана милдеттери**

| | |
|---|---|
| ***Акча-кредиттик жөнгө салуу комитети*** | ликвиддүүлүктү тескөө боюнча чечимдерди иштеп чыгат жана аларды ыкчам кабыл алат. Күндөлүк абалга баа берүү, ачык жана валюта рынокторундагы операциялар боюнча чечимдерди иштеп чыгуу жана кабыл алуу, Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларына ылайык акча-кредит саясатынын инструменттерин колдонуу боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү карап чыгуу жана чечимдерди кабыл алуу, Улуттук банк Башкармасына, Улуттук банктын төрагасына, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө акча-кредит саясатына тиешелүү маселелер боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу комитеттин негизги милдеттеринен болуп саналат |
| ***Инвестициялык комитет*** | белгиленген ыйгарым укуктардын чегинде эл аралык камдарды тескөө боюнча чечимдерди иштеп чыгат жана кабыл алат. Инвестициялык саясаттын ишке ашырылышын карап чыгуу, жактыруу жана ага мониторинг жүргүзүү, финансы рынокторундагы абалды эске алуу менен инвестициялык иштин натыйжалуулугуна баа берүү жана бекитилген саясаттын алкагында тактикалык чечимдерди жана Улуттук банк Башкармасы үчүн инвестициялык иш боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү жана сунуштарды иштеп чыгуу комитеттин негизги милдеттеринен болуп саналат |
| ***Көзөмөл боюнча комитет*** | Улуттук банктан лицензия алышкан коммерциялык банктардын жана башка финансы-кредит уюмдарынын ишин белгиленген компетенция чегинде жөнгө салуу жана көзөмөлдөө маселелери боюнча чечимдерди кабыл алат |
| ***Аудит боюнча комитет*** | Улуттук банк Башкармасына Улуттук банкта талаптагыдай ички контролдоо системасын камсыздоого, бухгалтердик эсепке алууну жүргүзүү жол-жоболоруна жана финансылык отчеттун даярдалышына контролду камсыз кылууга көмөк көрсөтөт |
| ***Төлөм системасы боюнча комитет*** | Кыргыз Республикасынын төлөм системасын өнүктүрүү багыттарын, Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын ишин өнүктүрүү, жөнгө салуу жана көзөмөлдөө (оверсайт), төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин лицензиялоо жана пруденциалдык көзөмөлдөө боюнча максаттарды жана милдеттерди аныктайт |
| ***Тобокелдиктер боюнча комитет*** | Улуттук банктын ишине мүнөздүү тобокелдиктерди идентификациялоо, аларга баа берүү жана чектөө жагында түзүмдүк бөлүмдөрдүн ишин координациялоо аркылуу Улуттук банктын ишинде орун алышы ыктымал болгон тобокелдиктерди азайтуу боюнча чараларды көрөт |

| | |
|---|---|
| ***Маалымат технологиялары боюнча координациялык комитет*** | маалымат технологияларын өнүктүрүүнүн негизги багыттарын аныктайт, Улуттук банкта маалымат технологияларын өнүктүрүү иш-чараларынын аткарылышын контролдойт жана маалымат технологиялары боюнча пландаштырылып жаткан долбоорлорду, аталган долбоорлорго же маалымат технологияларына тиешеси бар техникалык чечимдердин жана бизнес-процесстердин өзгөрүүсүн жана алардын жактырылышын координациялайт |
| ***Этиканы сактоо жана коррупцияга жол бербөө боюнча комиссия*** | Улуттук банктын ишин кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө мыйзамга ылайык, ошондой эле коррупцияга каршы багытталган иш-чараларды жүзөгө ашыруу жана мониторинг жүргүзүү аркылуу коррупцияны алдын алуу жана ага каршы аракеттенүү боюнча иш-чараларын камсыз кылат |
| ***Методологиялык комиссия*** | айрым ченемдик актылар долбоорлорунун методологиялык жактан иштелип чыгышын карайт; Улуттук банктын ченемдик актыларында колдонулган терминдерди жана аларга карата түшүндүрмөлөрдү бекитет |
| ***Улуттук банктын ишин уюштурууну өркүндөтүү комиссиясы*** | Улуттук банктын ишин уюштурууну өркүндөтүү маселелерин карайт жана ал боюнча сунуштарды даярдайт. Улуттук банктын бизнес-процесстерин оптималдаштыруу жана уюштуруу түзүмүн өзгөртүү боюнча сунуштарды кароо жана сунуш-көрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу; Улуттук банктын бизнес-процесстерин оптималдаштырууга байланыштуу ишин координациялоо жана контролдоо комиссиянын негизги милдеттеринен болуп саналат |
| ***Эмгек маселелери боюнча талаш-тартыштарды жөнгө салуу комиссиясы*** | Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык Улуттук банкта жеке эмгек маселелери боюнча талаш-тартыштарды карайт |

МАЗМУНУ

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2019-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча уюштуруу түзүмү



## 6.2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2019-жылдагы иши

*Жалпы маалымат*

Улуттук банк Башкармасы жогорку башкаруу органы болуп саналат жана ал Улуттук банктын негизги иш багыттарын бекитет. Улуттук банк Башкармасынын ыйгарым укуктары Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө” мыйзамында белгиленген.

Банк Башкармасы акча-кредит саясатын, банктардын, банк эмес финансы-кредит уюмдарынын, төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишине көзөмөл жүргүзүү саясатын аныктайт; жаңы үлгүдөгү жана номиналдагы акча белгилерин чыгаруу, банкнотторду жана монеталарды жүгүртүүдөн алуу тартибин белгилейт; ченемдик укуктук актыларды, жылдык отчетту бекитет, ошондой эле банк жана банк эмес финансы-кредит уюмдары секторлорунун жана төлөм системасынын негизги өнүгүү багыттарын аныктайт.

Улуттук банк Башкармасынын иши бекитилген жылдык жана чейректик пландардын негизинде жүзөгө ашырылат. 2019-жылы 86 отурум (анын ичинде 18 маалымат отуруму) өткөрүлгөн, анда 378 маселе каралып, 228 токтом кабыл алынган.

*Акча-кредит саясаты боюнча маселелерди кароо*

2019-жыл ичинде Улуттук банк Башкармасы акча-кредит саясатынын негизги инструменти болуп саналган Улуттук банктын эсептик чен өлчөмү жөнүндө маселени сегиз жолу караган. Эсептик чен боюнча чечимдер инфляциянын негизги факторлорун, тышкы чөйрөдө жана Кыргыз Республикасында түптөлгөн кырдаалды иликтөөнүн жана болжолдоонун негизинде кабыл алынган.

Акча-кредит саясатында колдонулган чараларды жана анын натыйжаларын, өлкөдөгү жана соода боюнча өнөктөш өлкөлөрдөгү макроэкономикалык кырдаал тууралуу маалыматтарды, инфляцияны орто мөөнөттүү мезгил ичинде болжолдоолорду, негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрдү камтыган акча-кредит саясаты тууралуу отчеттор чейректик негизде каралган жана бекитилген.

Улуттук банк Башкармасы 2019-жылдын декабрь айында Улуттук банктын 2020-жылга карата акча-кредит саясаты жөнүндө билдирүүсүн, Улуттук банктын эсептик чен өлчөмү жөнүндө маселелерди кароо боюнча Улуттук банк Башкармасынын отурумдарынын 2020-жылга графигин жактырган, алар расмий интернет-сайтта жарыяланган.

Улуттук банк Башкармасы эл аралык резервдерди тескөө жана резервдик активдердин коопсуздугун камсыз кылуу жагында жыл сайын инвестициялык саясатты, ошондой эле эл аралык резервдерди тескөө боюнча отчетту кароого алат жана бекитет.

Финансы системасында орун алган тобокелдиктерди жана алардын бүтүндөй финансы секторунун туруктуулугуна тийгизген таасирине талдап-иликтөөнүн натыйжалары камтылган Кыргыз Республикасынын финансы секторунун туруктуулугу жөнүндө отчет туруктуу негизде кароого алынган. Мониторингдин жана талдап-иликтөөнүн натыйжалары акча-кредит жана макропруденциалдык саясат маселелери боюнча чечимдерди кабыл алууда эске алынган.

Бардыгы болуп акча-кредит саясаты жана эл аралык резервдерди тескөө маселелери боюнча 2019-жылы 23 маселе каралып, 22 токтом кабыл алынган.

*Банк жана банк эмес уюмдардын ишин көзөмөлдөө боюнча маселелерди кароо*

Улуттук банк Башкармасы тарабынан банктардын жана банк эмес финансы-кредит уюмдарынын, анын ичинде операцияларды ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык жүргүзгөн банктардын жана банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишин лицензиялоо, көзөмөлдөө жана жөнгө салуу боюнча ченемдик укуктук базаны өркүндөтүүгө багытталган бир катар токтомдор кабыл алынган.

Кабыл алынган токтомдор банктардын ишин лицензиялоо, экономикалык ченемдер, банктардын ишинде орун алышы ыктымал болгон тобокелдиктерди төмөндөтүү, тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөлдү жайылтуу, ошондой

МАЗМУНУ

эле банктарга жана банк эмес финансы-кредит уюмдарына карата таасир этүү чараларын колдонуу маселелерине тийиштүү болгон.

Мындан тышкары, Базель III эл аралык стандарттарынын айрым элементтерин жайылтуунун алкагында банктардын капитал шайкештигинин стандарттарына тиешелүү токтомдор кабыл алынган.

Ченемдик укуктук актыларды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына шайкеш келтирүү максатында, кредиттөө жана күрөөнү өндүрүү маселелери, ошондой эле Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын талаптарын бузуу жөнүндө иштерди Улуттук банк тарабынан каралышы боюнча токтомдор бекитилген.

Ислам каржылоо принциптерин андан ары өнүктүрүү үчүн Улуттук банк Башкармасы тарабынан операцияларды ислам каржылоо принциптерине ылайык ишке ашырган финансы-кредит уюмдарынын операцияларынын тизмесин кеңейтүүгө, ошондой эле операцияларды ислам принциптерине ылайык ишке ашырган банктарда орун алган тобокелдиктерди тескөө системасын өркүндөтүүгө багытталган токтомдор кабыл алынган.

Мындан тышкары, операцияларды ислам каржылоо принциптерине ылайык ишке ашырган банк эмес финансы-кредит уюмдарын өнүктүрүү максатында, каржылоонун чогуу алгандагы максималдуу өлчөмүн көбөйтүүгө жана микрофинансылык уюмдардын уюштуруучуларынан (акционерлеринен) жана башка юридикалык жактарынан акча каражаттарын тартуу боюнча чектөөлөрдү алып салууга тиешелүү Улуттук банк Башкармасынын токтомдору бекитилген. Айрым токтомдор микрофинансылык компанияларда жана кредиттик союздарда активдерди классификациялоо системасын өркүндөтүүгө багытталган.

2019-жыл ичинде Улуттук банк Башкармасы тарабынан Кыргыз Республикасынын банк секторун жана микрокаржылоо секторун 2018-2021-жылдар аралыгында өнүктүрүүнүн негизги багыттары боюнча иш-чаралар планынын аткарылышы жөнүндө отчеттор каралган, анда орто мөөнөттүү мезгилге карата максаттар жана милдеттер чагылдырылган. 2019-жылга каралган программалардагы иш-чараларды жүзөгө ашыруу колдонууга ыңгайлуу, туруктуу жана социалдык жактан жоопкерчиликтүү кредиттөөнү институционалдык өнүктүрүү үчүн экономикалык, мыйзамдык жана жөнгө салуучу алгылыктуу чөйрө түзүүгө багытталган, белгиленген көрсөткүчтөргө жетишүүгө өбөлгө түзгөн.

Улуттук банк тарабынан лицензияланган айрым коммерциялык банктардын жана башка финансы-кредит уюмдарынын ишине тиешелүү бардыгы болуп 151 маселе каралып, 90 токтом кабыл алынган, алардын ичинен 41 токтом – алардын ишин жөнгө салган ченемдик базага тиешелүү.

*Төлөм системасы боюнча маселелерди кароо*

Отчеттук жылы ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүү, санарип технологияларын өнүктүрүү, төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишине карата талаптарды оптималдаштыруу жана күчөтүү максатында Улуттук банк Башкармасы тарабынан төлөм системасын өнүктүрүү, төлөм системаларынын операторлорунун, төлөм уюмдарынын, эл аралык төлөм системаларынын ишин лицензиялоо жана жөнгө салуу маселелери боюнча бир катар ченемдик укуктук актылар бекитилген.

2019-жылы Улуттук банк Башкармасы тарабынан Кыргыз Республикасынын төлөм системасын өнүктүрүүнүн 2018-2022-жылдарга каралган негизги багыттары боюнча иш-чаралар планынын аткарылышы тууралуу отчеттор каралган, анда орто мөөнөттүү мезгил ичинде төлөм системасын өнүктүрүүнүн максаттары, милдеттери жана багыты чагылдырылган. 2019-жылдын планында каралган иш-чаралардын ишке ашырылышы региондорду өнүктүрүүгө, нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүүгө, төлөм системасынын коопсуздугун камсыз кылууга, жаңы санарип технологияларын өнүктүрүүгө багытталган, белгиленген көрсөткүчтөргө жетүүгө өбөлгө түзгөн.

Төлөм системасынын иши жана аны жөнгө салуу боюнча Улуттук банк Башкармасы тарабынан бардыгы болуп 35 маселе каралып, алар боюнча 16 токтом кабыл алынган.

*Башка маселелер*

Улуттук банк Башкармасы тарабынан отчеттук жыл ичинде Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ишин уюштуруу маселелери жана башка маселелер каралып, алар боюнча 100 токтом кабыл алынган.

## 6.3. Банк мыйзамдарын өркүндөтүү

Отчеттук жылы Улуттук банк Кыргыз Республикасында банк ишин жөнгө салган мыйзамдар базасын өркүндөтүү жана өнүктүрүү боюнча иштерди жүргүзгөн.

*Күчүнө кирген мыйзамдар*

2019-жылы Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (Кыргыз Республикасынын “Күрөө жөнүндө”, “Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө” мыйзамдарына) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” мыйзамы кабыл алынган жана күчүнө кирген, ал турак жай-сактык кредиттик компанияларын түзүү жана ишин ишке ашыруу үчүн ченемдик укуктук базаны түзүүгө багытталган. Бул мыйзам менен Улуттук банкка турак жай-сактык кредиттик компанияларын лицензиялоо жана жөнгө салуу боюнча ыйгарым укук берилет.

Турак жай-сактык кредиттик компанияларын түзүү Кыргыз Республикасынын жарандарынын акча каражаттарын турак жай-сактык аманаттарына тартууга жана аларга кредиттик келишимдин шарттарына ылайык, узак мөөнөткө максаттуу кредиттерди берүүгө негизделген турак жайды орто мөөнөткө каржылоо системасын түзүүнү болжолдойт.

Отчеттук жылы Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын “Банктык аманаттарды (депозиттерди) коргоо жөнүндө” мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” мыйзамы кабыл алынган жана күчүнө кирген. Бул Мыйзамда турак жай-сактык кредиттик компаниялар аманаттарды (депозиттерди) милдеттүү түрдө коргоо системасына катышууга тийиш экендиги тууралуу жобо белгиленген.

Аманаттарды коргоо боюнча бул Мыйзамда белгиленген ченем тобокелдиктердин келип чыгышын төмөндөтүүгө, катышуучулардын аманаттарынын коопсуздугун камсыз кылууга жана мамлекет тарабынан контракттык турак жайга каражат топтоо системасынын бардык катышуучуларына гарантияларды берүүгө багытталган.

Ошондой эле, 2019-жылы Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасында кепилдик фонддор жөнүндө” мыйзамынын жаңы редакциясы иштелип чыккан жана күчүнө кирген, ага ылайык Улуттук банк кепилдик фонддордун ишин жөнгө салуу жана көзөмөлдөө боюнча ыйгарым укуктуу орган болуп аныкталган.

“Кыргыз Республикасында кепилдик фонддор жөнүндө” мыйзам чакан жана орто ишкер субъектилерин банк кредиттери менен каржылоо мүмкүнчүлүгүн жогорулатуу максатында, республиканын финансы-кредит системасын андан ары өркүндөтүү үчүн шарттарды түзөт. Каржылоонун жеткиликтүү болушунун жогорулатуу банктык кредиттердин бизнести өнүктүрүүгө, өндүрүштү кеңейтүүгө, негизги каражаттарды сатып алууга жана модернизациялоого, жаңы технологияларды колдонууга киргизүүгө, инновациялык ишке жумшоого жана гарантияларды (кепилдиктерди) берүү жолу аркылуу жаңы ишканаларды ачууга багытталышын болжолдойт.

## 6.4. Финансылык консультанттын милдетин аткаруу

Кыргыз Республикасынын Президентинин, Жогорку Кеңешинин жана Өкмөтүнүн финансылык маселелер боюнча консультанты функциясын аткаруунун чегинде Улуттук банк 2019-жыл ичинде төмөнкү иштерди жүргүзгөн:

- туруктуу негизде акча-кредит саясатын ишке ашырууга, банк жана төлөм системаларынын абалына тиешелүү маселелер боюнча маалыматтарды жана аналитикалык материалдарды сунуштап турган;
- финансы жана банк маселелерине же Улуттук банктын ыйгарым укуктарынын чөйрөсүнө тиешелүү мыйзам долбоорлоруна жана башка ченемдик укуктук актыларга, чечимдерге экспертиза жүргүзгөн;
- Өкмөткө бюджеттик мыйзамдарды өркүндөтүү маселелери боюнча консультацияларды, бюджет процессинин алкагында ченемдик укуктук актылардын долбоорлоруна корутунду берген;
- финансы, банк жана төлөм системаларына тиешелүү маселелер боюнча консультацияларды жана сунуш-көрсөтмөлөрдү берген.

Улуттук банк Кыргыз Республикасынын Президентинин “2019-жылды Региондорду өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештирүү жылы деп жарыялоо жөнүндө” жарлыгын аткаруу максатында, төмөнкү иш-чараларга жигердүү катышкан:

- Кыргыз Республикасынын Президентинин “2019-жылды Региондорду өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештирүү жылы деп жарыялоо жөнүндө” жарлыгын ишке ашырууга;
- “Санарип Кыргызстан 2019-2023” санариптик трансформациялоо концепциясын ишке ашырууга;
- эки өлчөмдүү штрихкод белгилери (QR-код) боюнча улуттук стандартты иштеп чыгуу жана бекитүү боюнча Кыргыз Республикасынын Маалыматтык технологиялар жана байланыш мамлекеттик комитетинин жумушчу тобунун ишинде.

Аналитикалык маалыматтарда Улуттук банктын акча-кредит саясатынын негизги багыттары, негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрдү болжолдоолор, экономиканын тышкы секторунда орун алган жагдай, банк жана төлөм системасынын, банк эмес финансы-кредит уюмдары системасынын абалы, валюта рыногундагы жагдай жөнүндө маалыматтар камтылган.

Улуттук банк тарабынан республиканын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн жыйынтыктары, жергиликтүү экономиканы өнүктүрүү келечектери, инфляцияны болжолдоо, тышкы карыз алуулар, төлөм теңдеминин жана алмашуу курсунун абалы, Кыргыз Республикасында ислам каржылоо принциптерин өнүктүрүү жөнүндө маалыматтар сунушталып турган.

Финансылык консультанттын милдетин аткаруунун алкагында, Улуттук банк отчеттук мезгил ичинде мамлекеттик бийлик органдарынын дарегине бардыгы болуп 500дөн ашык кат жөнөткөн.

*Мыйзам долбоорлоруна экспертиза жүргүзүү*

Улуттук банк отчеттук жылы 40дан ашуун мыйзам долбооруна экспертиза жүргүзгөн, анын ичинде:

- Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын 2019-жылга республикалык бюджети жана 2020-2021-жылдарга болжолу жөнүндө” мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу”;
- “Кыргыз Республикасынын 2020-жылга республикалык бюджети жана 2021-2022-жылдарга болжолу жөнүндө”;
- “Кыргыз Республикасынын “Банктык аманаттарды (депозиттерди) коргоо жөнүндө” мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу”;
- “Кыргыз Республикасында кепилдик фонддор жөнүндө”;

– “Турак жай-сактык кредиттик система жөнүндө”;
– “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (Кыргыз Республикасынын “Күрөө жөнүндө”, “Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө” мыйзамдарына) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө”;
– Кыргыз Республикасында криптовалюталардын майнингинен салык алууну караган “Кыргыз Республикасынын Салык кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө”;
– “Нак эмес эсептешүү маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө”;
– “Токен жөнүндө”;
– “Электрондук коммерция тууралуу”;
– “Финансы рыногу чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө”;
– “Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын ээлеп турган же ээлеген адамдардын кирешелерин, чыгымдарын, милдеттенмелерин жана мүлкүн декларациялоо жөнүндө” мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу”;
– “Расмий статистика жөнүндө”;
– “Аудитордук иш жөнүндө”;
– “Баалуу металлдар жана асыл таштар жөнүндө” жана башкалар.

2019-жылы Улуттук банк тарабынан Өкмөттүн токтомдорунун жана буйруктарынын 50дөн ашык долбоорлоруна экспертиза жүргүзүлүп, алар боюнча сунуштар даярдалган, анын ичинде:

– Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн 2020-2022-жылдарга карата орто мөөнөттүү болжолу жөнүндө;
– Кыргыз Республикасын социалдык өнүктүрүү жана калктын реалдуу акча кирешесин максаттуу жогорулатуу боюнча улуттук долбоорду ишке ашыруу боюнча чаралар жөнүндө;
– Кыргыз Республикасында жашыл экономиканы 2019-2023-жылдарга карата өнүктүрүү программасын бекитүү тууралуу;
– Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо боюнча чаралар жөнүндө” токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө;
– “Мамлекет платформа катары” пилоттук долбоорду ишке ашыруу жөнүндө;
– Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-2023-жылдарга карата Кыргыз Республикасында орто жана чакан ишкердикти өнүктүрүү жана колдоо боюнча программасын бекитүү тууралуу;
– 2019-2021-жылдары экономиканын байкоого алынбаган секторунун деңгээлин кыскартуу боюнча иш-чаралар планын бекитүү тууралуу;
– “Кредиттөө боюнча социалдык билим берүүнүн шарттары, өлчөмү, тартиби жана артыкчылыктуу багыттары тууралуу” жобону бекитүү тууралуу;
– “Кепилдик фонд” ачык акционердик коомунун уставдык капиталын көбөйтүү тууралуу;
– “Кыргыз Республикасында ишкерлерди тейлөө борбору” мамлекеттик мекемесин түзүү тууралуу;
– “Мамлекеттик лизингдик компания” ачык акционердик коомун түзүү;
– Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталын колдонуу эрежелерин бекитүү тууралуу жана башкалар.

*Мамлекеттик программаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу*

2019-жыл ичинде Улуттук банк бир катар мамлекеттик программаларды жана пландарды иштеп чыгууга жана ишке ашырууга катышкан, анын ичинде:

– Кыргыз Республикасынын Президентинин “2019-жылды Региондорду өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештирүү жылы деп жарыялоо жөнүндө” жарлыгын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы;
– 2016-2020-жылдарга Кыргыз Республикасынын калкынын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу программасы;
– Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Жеткиликтүү турак жай 2015-2020” программасын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы;
– Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча мамлекеттик программа;
– “Санарип Кыргызстан 2019-2023” санариптик трансформациялоо концепциясын ишке ашыруу боюнча жол картасы;
– банк эмес финансы рыногун 2019-2023-жылдары өнүктүрүү стратегиясы;
– Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2018-жылдын 20-апрелиндеги № 2377-VI токтому менен бекитилген Өкмөттүн иш программасын 2019-2023-жылдары ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн иш-чаралар планы;
– Кыргыз Республикасын социалдык өнүктүрүү жана калктын реалдуу акча кирешесин максаттуу жогорулатуу боюнча улуттук долбоор;
– Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн экспортту 2019-2022-жылдары өнүктүрүү боюнча программасын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы;
– Кыргыз Республикасында мамлекеттик финансыны башкарууну 2017-2025-жылдарга өнүктүрүү стратегиясын ишке ашыруу боюнча орто мөөнөттүү 2017-2019-жылдарга каралган иш-чаралар планы жана башкалар.

*Эл аралык келишимдерге экспертиза жүргүзүү*

Кыргыз Республикасынын эл аралык жана мамлекеттер аралык уюмдарга катышуусунун алкагында, Улуттук банк тарабынан Кыргыз Республикасынын финансы жана банк тутумуна тиешелүү 20дан ашык эл аралык келишимдерге жана макулдашууларга экспертиза жүргүзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын мыйзам долбоорлоруна, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдорунун жана буйруктарынын долбоорлоруна, Кыргыз Республикасынын Президентинин актыларына, эл аралык келишимдерге жана макулдашууларга, ченемдик укуктук актылардын башка долбоорлоруна жүргүзүлгөн экспертизанын жыйынтыктары боюнча Улуттук банктын компетенциясына кирген маселелер боюнча корутунду, сын-пикирлер жана сунуштар берилген.

*Ведомстволор аралык комиссиялар курамында иштөө*

Отчеттук жылы Улуттук банктын өкүлдөрү төмөнкү маселелер боюнча 20дан ашык ведомстволор аралык жумушчу топтордун жана комиссиялардын ишине катышкан:

– Кыргыз Республикасын социалдык өнүктүрүү жана калктын реалдуу акча кирешесин жогорулатуу боюнча улуттук долбоорду колдонууга киргизүү жана ишке ашыруу механизмдери боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;
– Кыргыз Республикасынын “Банктык аманаттарды (депозиттерди) коргоо жөнүндө” мыйзамынын жоболорун ишке ашыруу боюнча иш-аракеттерди координациялоо жана кризис жагдайларына даярдыкты жогорулатуу;
– мамлекеттик баалуу кагаздардын экинчилик рыногун кеңейтүү жана өнүктүрүү маселелерин изилдөө;
– улуттук валюталар түрүндө эсептешүүлөргө өтүү боюнча Шанхай кызматташтык уюмуна мүчө мамлекеттердин жол картасынын долбоорун талкуулоо;

– Кыргыз Республикасынын “Турак жай-сактык кредиттик система жөнүндө” мыйзам долбоорун иштеп чыгуу;
– жеке адамдардын банкрот болушун жөнгө салууга багытталган мыйзам долбоорунун жөнгө салуучу таасирине талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү;
– ЕАЭБ өлкөлөрүнүн ортосунда бажы алымдарынын суммаларын бөлүштүрүүнү эсептөө ченемдерин аныктоо;
– мамлекеттик карыздын оорчулугун жеңилдетүү мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу;
– соода жүргүзүү жана соодага байланыштуу маселелер боюнча Кыргыз Республикасы менен Европа бирлиги ортосунда Кызматташуу жана өнөктөштүктү кеңейтүү жөнүндө макулдашууну түзүүгө сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү;
– Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо боюнча чаралар жөнүндө” токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жана башкалар.

Ведомстволор аралык жумушчу топтордун жана комиссиялардын ишине катышуунун жыйынтыгы боюнча Улуттук банк маалыматтарды сунуштаган жана өзүнүн компетенциясына кирген маселелер боюнча сунуштарды берген.

## 6.5. Ички аудит жана ички контролдоо системасы

*Укуктук негиз*

Улуттук банктын ички аудити Улуттук банк Башкармасына отчет берүүчү Ички аудит кызматы тарабынан жүргүзүлөт. Улуттук банкта ички контролдоо системасы Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө” мыйзамына ылайык уюштурулган жана иштейт, ошондой эле ички контролдоо жаатында алдыңкы тажрыйбаларды эске алат.

*Иштин жүзөгө ашыруу*

Улуттук банктын ички контролдоо, тобокелдиктерди тескөө жана корпоративдик башкаруу системасынын шайкештигине жана натыйжалуулугуна көз карандысыз баа берүү, Улуттук банктын финансылык отчетуна жыл сайын аудит жүргүзүү боюнча тышкы аудиторлор менен жана Улуттук банктын Аудит боюнча комитети менен өз ара иш алып баруу Ички аудит кызматынын негизги максаттары жана милдеттери болуп саналат.

Ички аудит кызматы Аудит боюнча комитеттин көзөмөлү алдында иштеп, аудит объектилеринин ишине көз каранды эмес. Ички аудит тобокелдикти аныктоого багытталган ыкмага негизделген, аудитордук текшерүүлөр тобокелдиктердин деңгээлине жараша жүргүзүлөт.

Отчеттук мезгилде Улуттук банктын негизги иш багыттары, анын ичинде акча-кредит саясатын, жаңы финансылык продукттарды иштеп чыгуу, системалуу тобокелдиктерге талдап-иликтөө жүргүзүү, төлөм системаларынын ишин жөнгө салуу, финансы-кредит уюмдарында, төлөм уюмдарында жана төлөм системаларынын операторлорунда киберкылмыштарга каршы натыйжалуу аракеттерди көрүү, мыйзам долбоорлору менен ишти талдоо жана пландаштыруу, персоналды башкаруу маселелери, ошондой эле башка багыттар боюнча ички аудитордук текшерүүлөр жүргүзүлгөн. Аталган аудитордук жол-жоболордун жыйынтыгы боюнча иш-чаралар аныкталып, алардын аткарылышына мониторинг Ички аудит кызматы тарабынан жүргүзүлөт.

*Аудит боюнча комитеттин отчету*

Талаптагыдай ички контролдоо системасын камсыз кылуу, бухгалтердик эсепке алуу жана финансылык отчетту даярдоо жол-жоболорун контролдоо максатында, Улуттук банкта Аудит боюнча комитет иш алып барат. Бул комитеттин курамына Улуттук банк Башкармасынын мүчөсү жана Улуттук банктын кызматкерлери болуп саналбаган эки көз карандысыз эксперт кирет.

Аудит боюнча комитеттин иши ички контролдоо системасынын натыйжалуулугун жогорулатууга көмөктөшүүнү, тобокелдиктерди тескөөнү

жана корпоративдик башкарууну, ошондой эле Ички аудит кызматына көзөмөл жүргүзүүнү, бухгалтердик эсепке алуу стандарттарынын шайкеш колдонулушун камсыз кылууну, финансылык отчеттун сапатына байкоо жүргүзүүнү, тышкы аудитордун ишинин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген стандарттарга ылайык келүүсүнө баа берүүнү камтыйт.

2019-жылы Аудит боюнча комитет тарабынан 21 отурум өткөрүлгөн, анда Ички аудит кызматынын иши, Улуттук банктын финансылык отчету, эсепке алуу саясатындагы өзгөрүүлөр тууралуу материалдар, ички жана тышкы аудиттин сунуш-көрсөтмөлөрүнүн аткарылышына жүргүзүлгөн мониторинг, ички контролдоо системасы боюнча жалпы маалымат кароого алынган. Аудит боюнча комитет өзүнүн иши тууралуу маалыматты жарым жылдык негизде Улуттук банк Башкармасынын кароосуна сунуштап турган. Аудит боюнча комитеттин мүчөсүнөн болгон көз карандысыз эксперт Улуттук банктын тышкы аудиторун тандоо жол-жобосуна катышкан. Тышкы аудиторлордун көз карандысыздыгынын кепилдигин камсыз кылуу максатында, Аудит боюнча комитет 2018-жыл ичиндеги финансылык отчеттун аудити боюнча тышкы аудиторлордун жооптуу өкүлдөрү менен жолугушууларды өткөргөн.

*Тышкы аудиторлор менен өз ара иш алып баруу*

Улуттук банктын 2018-жыл үчүн консолидацияланган жана өзүнчө финансылык отчетуна тышкы аудит Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан бекитилген ЖЧК “Делойт жана Туш” аудитордук уюму тарабынан жүргүзүлгөн.

Отчеттук жылы Улуттук банктын төрагалыгы алдында Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттердин жана Тажикстандын борбордук (улуттук) банктарынын аудитордук иш боюнча консультативдик кеңешинин (мындан ары – Консультативдик кеңеш) алтынчы отуруму болуп өткөн, анда ички аудитордук текшерүүлөрдү жүргүзүү процессин жана ыкмаларын өркүндөтүү боюнча ишти улантуу чечими кабыл алынган. Консультативдик кеңештин иши жөнүндө отчет Евразия борбордук (улуттук) банктарынын кеңешинин 41-отурумунда каралган.

# ТИРКЕМЕЛЕР

Улуттук банктын
2019-жыл үчүн жылдык отчетуна карата
**1-тиркеме**

## 2019-жылы акча-кредит чөйрөсүндө болуп өткөн негизги окуялар

| Күнү | Мазмуну |
|---|---|
| 30-январь | “БТА Банк” ачык акционердик коомуна “ислам терезеси” аркылуу ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык улуттук жана/же чет өлкө валютасында банк операцияларын жүргүзүү укугуна берилген лицензиянын алкагында “кард хасан” жана ”вади'а йад даман” бүтүмдөрүнө келишүү укугуна уруксат берилген. |
| 2-февраль | Монета рыногу боюнча жыл сайын өтүүчү “World Money Fair 2019” 48-эл аралык көргөзмө-форумуна катышуу (Германия). |
| 12-февраль | Салык-бюджет жана акча-кредит саясат чараларын макулдашуу максатында Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Ведомстволор аралык координациялык кеңешинин отуруму. |
| 13-февраль | Улуттук банк Башкармасы тарабынан “Ак Банк” ачык акционердик коомунун төлөө жөндөмсүздүгү аныкталган жана Убактылуу администратордун “Ак Банк” ачык акционердик коомун мажбурлап жоюуну баштоо тууралуу сунуш-көрсөтмөсү колдоого алынган. |
| 25-26-февраль | Улуттук банк Башкармасы тарабынан Улуттук банктын эсептик ченин 4,50 пайызга чейин төмөндөтүү тууралуу чечим кабыл алынган. Улуттук банктын жетекчилигинин катышуусу менен эсептик чендин өлчөмү тууралуу маселе боюнча пресс-конференция болуп өткөн. |
| 27-февраль | Улуттук банк Башкармасы тарабынан улуттук төлөм системасынын оператору аркылуу электрондук акча менен эсептешүүлөр системаларынын система аралык функционалдык шайкештигин камсыз кылуу максатында “Кыргыз Республикасында электрондук акча жөнүндө” жобого “бирдиктүү терезе” принциби боюнча электрондук акча бөлүгүнө өзгөртүүлөр кабыл алынган. |
| 4-март | Кыргыз Республикасында эл аралык системалардын карттарын колдонуу менен улуттук валютада нак эмес төлөмдөрдү өнүктүрүүгө көмөктөшүү үчүн “Мастеркард Интернешнл Инкорпорейтед” компаниясы менен келишим түзүлгөн. |
| 6-19-март | ЭВФ келишиминин IV статьясына ылайык консультацияларды жүргүзүү максатында ЭВФ миссиясы келген. |
| 12-март | Салык-бюджет жана акча-кредит саясат чараларын макулдашуу максатында Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Ведомстволор аралык координациялык кеңешинин отуруму болуп өткөн. |
| 13-март | Бишкек шаарынын райондор аралык сотунун чечимине ылайык Улуттук банктын “Ак Банк” ачык акционердик коомун мажбурлап жоюу процессин баштоо тууралуу доо арызы канааттандырылган жана “Ак Банк” ачык акционердик коомун мажбурлап жоюу жол-жобосу башталган. |

15-март Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Улуттук банктын экономика саясатынын 2019-жылга каралган негизги багыттары тууралуу биргелешкен билдирүүсү Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана Улуттук банк Башкармасы тарабынан жактырылган.

19-март Улуттук банк Башкармасы тарабынан Бишкек шаарынын райондор аралык сотунун "Ак Банк" ачык акционердик коомун мажбурлап жоюу жол-жобосун баштоо тууралуу чечиминин негизинде, "Ак Банк" ачык акционердик коомунда Убактылуу администрация атайын режимин токтотуу тууралуу чечими кабыл алынган.

25-март
- Улуттук банк Башкармасы тарабынан Улуттук банктын эсептик ченин 4,50 пайыз деңгээлинде сактоо чечими кабыл алынган.
- Ислам өнүктүрүү банкынын тобуна мүчө болгон башкаруучу өлкөлөрдүн жылдык 44-жыйынына катышуу.

29-март Улуттук банк Башкармасы тарабынан "Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын ликвиддүүлүк тобокелдигин тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө" жобо кабыл алынган, анда коммерциялык банктардын шайкеш контролдоо системасын камсыз кылуу максатында ликвиддүүлүк тобокелдигин тескөө системасына, түзүмүнө жана процессине карата талаптар каралган.

1-апрель Кыргыз Республикасынын Президентинин 2019-жылды Региондорду өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештирүү жылы деп жарыялоосунун алкагында, Ош областынын Кара-Суу районунун Кара-Суу шаарында Улуттук банк тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Ош областындагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү менен биргеликте уюштурулган "Финансылык кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануу мүмкүнчүлүгү" деген темада тегерек стол маеги өткөрүлгөн.

2-апрель Кыргыз Республикасынын Президентинин 2019-жылды Региондорду өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештирүү жылы деп жарыялоосунун алкагында, Баткен областынын Кызыл-Кыя шаарында Улуттук банк тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Баткен областындагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү менен биргеликте уюштурулган "Финансылык кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануу мүмкүнчүлүгү" деген темада тегерек стол маеги өткөрүлгөн.

4-апрель Кыргыз Республикасынын Президентинин 2019-жылды Региондорду өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештирүү жылы деп жарыялоосунун алкагында Жалал-Абад областынын Базар-Коргон районунун Базар-Коргон айылында Улуттук банк тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Жалал-Абад областындагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү менен биргеликте уюштурулган "Финансылык кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануу мүмкүнчүлүгү" деген темада тегерек стол маеги өткөрүлгөн.

10-апрель Улуттук банк Башкармасы тарабынан төмөнкүдөй айрым ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөр кабыл алынган:
- операцияларын ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык жүзөгө ашырышкан банктардын тобокелдигин төмөндөтүүгө жана алардын мамлекеттик программаларга катышуусуна түрткү берүүгө багытталган;
- банктарда убактылуу администрация жана жоюу жол-жоболорун жүргүзүү маселелери боюнча.

| | |
|---|---|
| 11-апрель | “Азия Универсал Банк” ачык акционердик коомун жоюу мөөнөтү 2019-жылдын 11-апрелинен 2020-жылдын 11-апрелине чейин узартылган. |
| 15-апрель | Улуттук банк Башкармасы тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Жеткиликтүү турак жай 2015-2020” программасын ишке ашырууга жана ипотекалык баалуу кагаздар рыногун өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүүнүн алкагында Улуттук банктын бир катар ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөр кабыл алынган. |
| 24-апрель | Улуттук банк Башкармасы тарабынан кредиттөө жана таасир этүү чаралары маселелери боюнча айрым ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөр жана толуктоолор кабыл алынган. Өзгөртүүлөр жана толуктоолордун максаты болуп республикада каржылоонун жеткиликтүүлүгүн кеңейтүү саналат. |
| 25-апрель | Кыргыз Республикасынын Президентинин 2019-жылды Региондорду өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештирүү жылы деп жарыялоосунун алкагында, Нарын областынын Нарын шаарында Улуттук банк тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Нарын областындагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү менен биргеликте уюштурулган “Финансылык кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануу мүмкүнчүлүгү” деген темада тегерек стол маек өткөрүлгөн. |
| 8-май | Коммерциялык банктар жана БФКУлар үчүн ислам каржылоо принциптерине ылайык айыл чарбаны өнүктүрүүгө каржылоону сунуштоо боюнча сунуш-көрсөтмөлөр бекитилген. |
| 13-май | “Росинбанк” ачык акционердик коомунда тике банктык көзөмөл аракети аяктаган. |
| 13-17-май | Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкынын макроэкономикалык модель түзүү маселелери боюнча техникалык миссиясы келген. |
| 17-май | “Мобильник” ЖЧКнын төлөм системасынын операторунун жана төлөм уюмунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна лицензиялары кайтарылып алынган. |
| 22-май | Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын Валюта саясаты боюнча консультациялык кеңешинин Россия Федерациясынын Москва шаарында болуп өткөн 19-отурумуна катышуу. |
| 24-май | Улуттук банк Башкармасы тарабынан Кыргыз Республикасынын финансы секторунун туруктуулугу жөнүндө 2018-жыл үчүн отчет кароого алынган. |
| 27-май | Кытай Эл банкынын Үрүмчү филиалынын делегациясы Улуттук банкка иш сапар менен келген. |
| 27-28-май | Улуттук банк Башкармасы тарабынан Улуттук банктын эсептик ченин 4,25 пайызга чейин төмөндөтүү тууралуу чечим кабыл алынган. Улуттук банктын жетекчилигинин катышуусу менен эсептик чендин өлчөмү тууралуу маселе боюнча пресс-конференция болуп өткөн. |
| 13-июнь | Улуттук банк Башкармасы тарабынан ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык ачылган банктык эсептер, банктык аманат (депозит) боюнча эсептер менен иштөө режимине жана тартибине карата минималдуу талаптар бекитилген. |

14-июнь Евразия экономикалык бирлигине (ЕАЭБ) мүчө мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын Валюта саясаты боюнча консультациялык кеңешинин Беларусь Республикасынын Минск шаарында болуп өткөн отурумуна катышуу.

19-июнь
- Улуттук банк Башкармасы тарабынан кардарларды аралыктан тейлөөдө электрондук кол тамганы колдонуу боюнча айрым ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөр кабыл алынган.
- Эл аралык финансылык билим берүү, балдар жана жаштар үчүн жеткиликтүүлүк уюму (CYFI) тарабынан уюштурулган “Global Inclusion Awards 2019” сынагында өлкөлөр категориясы боюнча Калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу боюнча 2016-2020-жылдарга каралган программанын координатору болгон Улуттук банкка “Жаштарды тартуу-2019” номинациясында сыйлык ыйгарылган. Сыйлык Түштүк-Африка Республикасынын Йоханнесбург шаарында мектеп окуучулары, жаштар жана мектеп мугалимдери арасында өлкөдө финансылык билим берүү чөйрөсүндө олуттуу жетишкендиктери жана аракеттери үчүн берилген.

21-июнь РК “Аманбанк” ачык акционердик коомунда тике банктык көзөмөл режими үч айга узартылган.

24-июнь Улуттук банк Башкармасы тарабынан Улуттук банктын эсептик ченин 4,25 пайыз деңгээлде сактоо чечими кабыл алынган.

25-июнь Улуттук төлөм системаларын өнүктүрүүнү координациялоо боюнча жумушчу топтун Россия Федерациясынын Москва шаарында болуп өткөн 7-отурумуна катышуу.

28-июнь Улуттук банк Башкармасы тарабынан:
- “Консолидацияланган көзөмөл жөнүндө” жана “Мезгил-мезгили менен регулятивдик консолидацияланган отчет жөнүндө” жоболор бекитилген, ошондой эле Базель III эл аралык стандарттарына ылайык банктардын капиталынын түзүмү жана шайкештик стандарттары маселелери боюнча айрым ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөр жана толуктоолор кабыл алынган;
- “Евразия Сактык Банкы” ачык акционердик коомунда атайын режимдин узартылган мөөнөтү аяктагандыгына байланыштуу, Убактылуу администрация атайын режими токтотулган;
- “Евразия Сактык Банкы” ачык акционердик коомунун өздүк капиталы Улуттук банк тарабынан белгиленген өлчөмдөн 75 пайыздан азыраакты түзгөндүктөн, банкка алты айлык мөөнөткө Убактылуу администрация атайын режими киргизилген.

5-июль “Казакстан Элдик банкы” АК “Faster” эл аралык акча которуу системасынын оператору катары катталган.

9-июль Салык-бюджет жана акча-кредит саясат чараларын макулдашуу максатында Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Ведомстволор аралык координациялык кеңешинин отуруму.

| | |
|---|---|
| 10-июль | Улуттук банк Башкармасы тарабынан Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында бузуулар боюнча иштерди кароо жөнүндө нускоого өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилген. |
| 25-июль | Кыргыз Республикасында нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча ведомстволор аралык комиссиянын отуруму болуп өткөн. |
| 30-июль | "ИРМ Салым" МКА" коомдук фондуна эсептик каттоодон өткөндүгү тууралуу күбөлүк берилген. |
| 7-август | "Валюта Плюс" МКК" жоопкерчилиги чектелген коомуна эсептик каттоодон өткөндүгү тууралуу күбөлүк берилген. |
| 14-август | Улуттук банк Башкармасы тарабынан:<br>– "Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык жүзөгө ашырылуучу операциялар жөнүндө" жобого өзгөртүүлөр кабыл алынган;<br>– банктарга жана банк эмес финансы-кредит уюмдарына карата ички контролдоо программасын ишке ашыруу, тобокелдикти аныктоого багытталган ыкманы колдонуу, кардарды талаптагыдай текшерүү жана террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү маселелери боюнча талаптар белгиленген бир катар ченемдик укуктук актылар кабыл алынган. |
| 15-август | • Салык-бюджет жана акча-кредит саясат чараларын макулдашуу максатында Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Ведомстволор аралык координациялык кеңешинин отуруму.<br>• "И.МАРКЕТ" (FINTENO) жоопкерчилиги чектелген коому эл аралык электрондук акча системасынын оператору катары катталган. |
| 20-август | Кыргыз Республикасынын Президентинин 2019-жылды Региондорду өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештирүү жылы деп жарыялоосунун алкагында Ош областынын Кара-Кулжа районунун Кара-Кулжа айылында Улуттук банк тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Ош областындагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү менен биргеликте уюштурулган "Финансылык кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануу мүмкүнчүлүгү" деген темада тегерек стол маеги өткөрүлгөн. |
| 21-август | Улуттук банк Башкармасы тарабынан "Банктардын ишин лицензиялоо жөнүндө" жобого өзгөртүүлөр бекитилген. |
| 26-август | • Улуттук банк Башкармасы тарабынан Улуттук банктын эсептик ченин 4,25 пайыз деңгээлде сактоо чечими кабыл алынган.<br>• "Innoforce systems" жоопкерчилиги чектелген шериктештиги эл аралык электрондук акча системасынын оператору катары катталган.<br>• "Карман" жоопкерчилиги чектелген коомуна төлөм системасынын операторунун жана төлөм уюмунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна лицензиялар берилген. |
| 27-август | "АКТИФ-РАЗВИТИЕ" МКА мекемесине эсептик каттоодон өткөндүгү тууралуу күбөлүк берилген. |

28-август — “ЭкоИсламикБанк” жабык акционердик коомуна Улуттук банк тарабынан эмитирленген (чыгарылган), аффинаждалган өлчөнгөн куймалар түрүндөгү баалуу металлдар менен нак жана нак эмес формада операцияларды жүргүзүү укугуна уруксат берилген.

2-сентябрь — Улуттук банк Башкармасы тарабынан төмөнкүлөр бекитилген:
- “Төлөм системасындагы штаттан тышкаркы жагдайлар жөнүндө” жобонун жаңы редакциясы;
- “Төлөм уюмдарынын жана төлөм системаларынын операторлорунун ишин лицензиялоо жөнүндө” жобонун жаңы редакциясы;
- “Төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишине инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүү жөнүндө” нускоого өзгөртүүлөр жана толуктоолор.

3-6-сентябрь — Улуттук банктын колдоосу менен Борбордук Азияда акча белгилерин чыгаруу маселелерине арналган “Банкноттордун дизайны жана корголушу” I эл аралык симпозиум өткөрүлгөн.

4-сентябрь
- “Чанг Ан” инвестициялык банк” ачык акционердик коому микрофинансылык компаниянын лицензиясын алгандыгына байланыштуу банктардын реестринен чыгарылган.
- “МФК “Чанг Ан” жабык акционердик коомуна лицензия берилген.

9-сентябрь — Улуттук банк Башкармасы тарабынан төмөнкүлөр кабыл алынган:
- “Кыргыз Республикасында кепилдик фонддорду түзүү жана каттоо жөнүндө” жобо;
- “Кепилдик фонддордун ишин жөнгө салуу эрежелери”, ошондой эле бир катар ченемдик укуктук актыларга толуктоолор жана өзгөртүүлөр.

20-сентябрь — “Дияс-Финанс” кредиттик союзу” коммерциялык кооперативине лицензия берилген.

21-сентябрь — РК “Аманбанк” ачык акционердик коомунда тике банктык көзөмөл режими үч айга узартылган.

24-сентябрь — “Тарыхый окуялар” сериясынан “Евразия экономикалык бирлигине 5 жыл” коллекциялык күмүш монетасы жүгүртүүгө чыгарылган.

25-сентябрь — Улуттук банк Башкармасы тарабынан төмөнкүлөргө сунушталган өзгөртүүлөр кабыл алынган:
- 2019-жылдын 1-январында күчүнө кирген Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексине шайкеш келтирүү максатында, “Кыргыз Республикасынын банкнотторунун жана монеталарынын төлөөгө жөндөмдүүлүгүнүн белгилери жана аларды алмаштыруу эрежелери жөнүндө” жобого Кыргыз Республикасынын банк мыйзамдарын бузган жана улуттук валютанын банкнотторунун/монеталарынын сүрөттөлүштөрү санкциясыз колдонулган учурда административдик жоопкерчилик бөлүгү боюнча;

– ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырышкан банктардын башка кыймылсыз мүлк менен иштөө өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу иштелип чыккан жана банктык кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоого багытталган “Кыргыз Республикасындагы коммерциялык банктардын жана микрофинансылык компаниялардын кыймылсыз мүлк менен айрым бүтүмдөрү/операциялары жөнүндө” жобого.

27-сентябрь — Банк секторунун актуалдуу маселелерин талкуулоо жана чечүү максатында “Кыргызстан банктарынын союзу” юридикалык жактар бирикмесинин, Россия-Кыргыз өнүктүрүү фондунун, Кыргыз Республикасынын Маалыматтык технологиялар жана байланыш мамлекеттик комитетинин, Депозиттерди коргоо боюнча агенттиктин, коммерциялык банктардын жана башка уюмдардын өкүлдөрүнүн катышуусу менен Улуттук банк тарабынан уюштурулган банктык тегерек стол маеги өткөрүлгөн.

30-сентябрь

- Улуттук банк Башкармасы тарабынан төмөнкүлөр бекитилген:
  - “Төлөм уюмдарынын жана төлөм системаларынын операторлорунун ишин жөнгө салуу жөнүндө” жобонун жаңы редакциясы;
  - “Төлөм системаларынын операторлоруна/төлөм уюмдарына карата колдонулуучу таасир өтүү чаралары жөнүндө” жобонун жаңы редакциясы;
